
Эсенкан кызы Сымбат

# Кылымдарга калган из



Эсенкан кызы Сымбат

# КЫЛЫМДАРГА КАЛГАН ИЗ

Бишкек – 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Э 84

**Жооптуу редактор:** Т.Токтоев

**Эсенкан кызы С.**
**Э 84** Кылымдарга калган из. – Б.: 2015. – 112 б.

**ISBN 978-9967-27-706-9**

Бул жалганда адамдын байлыгы да, бийлиги да түккө турбастыгын, адам өрнөктүү өмүр жолу, эл үчүн жасаган өчпөс иши, калкка камкордугу менен ысымы түбөлүккө калаарын автор чоң атасынын мисалында ачып берген. Бүтүндөй өрөөнгө аты жакшы тааныш атактуу башкарма ТОКТОЕВ Асанакун жөнүндө замандаштары, туугандары жана балдары да омоктуу ойлорун ортого салышкан.

Э 4702300100-15

ISBN 978-9967-27-706-9

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
© Эсенкан кызы С., 2015



*Токтоев Асанакун*

*Баары өтөт, түбөлүктүү жакшы атак,*
*Жакшы адамдын ишин айтып мақташат.*
*Сен да өтөсүң, калтыр жакшы атыңды,*
*Атың калса, сактаганың даңкыңды.*
*Адамдыгың асмандатат атыңды,*
*Адамдыгың жаркыратат затыңды.*

***Жусуп Баласагын***

*Тарчылыкта жол тапканга баттыгы,*
*Жокчулукка ырыс төгөр марттыгы.*
*Колхозчу элде жемиш болуп мөмөлөп*
*Тууралыгы, калыстыгы, актыгы.*

**Алыкул Осмонов**

*Айылдагы тунукелүү үйлөрдү*
*аргымактар дегим келип турат бу,*
*бирок, баары чылбыры бош кишенеп,*
*саяпкерин издеп жүргөн сыяктуу...*

**Кожогелди Култегин**

## Асанакун атама

Эмгекчил менин айылым
Эченге кеткен дайының
Өзгөдөн мурда сени айтам
Өзүңдө түпкү тамырым
Кызыксаң бир аз айтайын
Кыялдын минип кайыгын
Көчөңдө таптап тулпардай
Көргөздүң аалам жарыгын

Эбелектей чагымда
Эмгекчил ушул айылда
Томпоңдоп ойноп чыр салган
Тоо ташың бүтүн дайында
Боз-Бешиктен башталган
Болочок үчүн камылга
Жолуңда жүрөт жазылып
Жөө баскан күндөр Нарынга

Теңирим колдоп ар жактан
Теңир-Тоо үстүн кар баскан
Топурак ээлеп айылым
Тоо этектеп жайгашкан
Оро-Башы, Кыз Мазар
Оргуштап булак кайнаткан
Тобурчак жылкы, кою көп,
Торпогу семиз жай баскан

Сураса айтам келелек
Суктанткан айылым керемет
Буулугуп турат тез-тезден
Булуттар жамгыр себелеп
Күрөлүп жатса береке
Күмүштү издеп не керек
Айгырын чабар ар жигит
Алтындын үстүн тебелеп

Ушундай айыл багы экен
Уюткусу бар экен.
Өзөктө дартты жок кылган
Өзгөчө суусу дары экен
Бакылдап жашап жатабыз
Башыбыз аман, жан эсен
Тарыхты бирок айтпасам
Даамсыз кебим чала экен.

Эсиңден күндөр тамчылап
Эх деген сөздөр айтылат
Бурганак мезгил токтобойт
Бурагын минип камчылап
Өзгөчө адам эмгектен
Өчпөгөн изин калтырат
Саргаят көбү бир гана
Сары алтын турат жаркырап

Тоолуктун сүйгөн жакыны
Тоо жүрөк кымбат асылы
СССР тирүү кезинде
Эмгектин талбас баатыры
Коомго кызмат дегенде
Компьютер болуп акылы
Кылымга изин калтырды
Кыргыздын Асанакуну

Ала-Тоо бүтүн даңктаган
Акыйкат жолдон жазбаган
Алдыда урпак билсин деп
Архивин бекем сактаган
Калдайган көкүрөгүнө
Калбаптыр орден такпаган
Атагын күндө кайталап
Атабыз менен мактанам

Өчпөгөн ысым аз санда
Өзгөчө үлгү жаштарга
Алгачкылардан илгери
Айылга болуп башкарма
Андагы баскан жолдору
Айланыптыр дастанга
Эки эле сааттык эмгегин
Эки күн керек айтканга

Токтолбой таанып ар жүрөк
Токтоевдин айылы деп
Ээ кокуй Асанакундун
Эс алар күнү барбы деп
Пландан жетпей калгандар
Баш чайкашчу экен кайгы жеп
А көрсө аталар үчүн
Алтындай тура ар мүнөт

Кыргыздар согуш маалында
Кырга да барып иштеди
Тыным жок мекен жер үчүн
Тылга да барып иштеди
Болгону соко, чалгы бар
Боорунда, жондо жүктөрү
Атабыз дагы ал кезде
Айылда иши күчтөдү

Ойлосок татаал күндөрдү
Океан экен чын пейили
Улуу-кичүүгө тең карап
Урмат кылып сый берди
Унутта эч бир калтырбай
Уну жокко ун берди
Каадаланбай чоңмун деп
Калыстык тура бул белги

Термелген кези замандын
Тең эмес пейили адамдын
Жообуна берген жакшылык
Жоругун көрсө жамандын
Кечирим кылган жашырып
Кемчилигин далайдын
Эр эле Асакебиз деп
Эсинде калды алардын

Калкына жүрөк арнаган
Калкы да сүйүп каалаган
Түйшүкчүл экен атабыз
Түнү-күн жүрүп талбаган
Майда ишке берилбей
Маанилүүсүн тандаган
Раазы болуп кубаттап
Раззаков да баалаган

Эл тааныйт экен баатырды
Эмгектен жолу ачылды
Өлкөгө болуп депутат
Өзгөчө ишке баш урду
Газета, журнал дегенге
Гагариндей эле жазылды
Маанилүү жыйын кезинде
Москва дагы чакырды

Эмгек Кызыл Туу орденин
Эки жолу тагынды
Эгебиз Кудай күч берип
Эмгекчил ачты багыңды
Сонун деп колхоз байлыгы
Союзга чейин таанылды
Кремль билди сый кылып
Кенедей чакан айылды

Жан дүйнөсү балдарга
Жакын эле атабыз
Жан үрөбөй байлыкка
Жакыр эле атабыз
Башканын камын ойлогон
Баатыр эле атабыз
Айкөл-жоомарт жагынан
Ачык эле атабыз

Кылымга тийди жарыгы
Кыйындын ушул аныгы
Дулдуйдай чуркап балдарың
Дубандын журту тааныды
Шериктеш жарга чон болгон
Шейшемкан апам салымы
Кайрандар көзү өткөнчө
Кадырлуу, сыйлуу карыды

Бир кеткен кайран атамды
Бир адам жаман дешкен жок
Замандаш болгон жандардан
Запкысын эч ким сезген жок
Темиркан байкем Эсенкан
Теңелер жолдон өткөн жок
Аткан таң башка, кеч башка
Атама экөө жеткен жок

Бир адам жашайт миң өлүп
Бир адам жашайт бир өлүп
Көсөмүбүздү эстесек
Көңүлдө турат гүл өңүп
Улуунун жолун урпактар
Унутпай айтып жүрөлүк
Асанакун Токтоев
Атабыз жашайт түбөлүк
**Жеңишбек Жумакадыр**
**төкмө акын**

# Өрнөктүү өмүр жол

Мээримдүү, Ырайымдуу АЛЛАХтын ысымы менен баштайм. "Тарыхы болбой, эл болбойт"-, демекчи ар бир элдин, анын ичинде ар бир уруунун, жадакалса ар бир пенденин тарыхы болот эмеспи. Ошол сыяктуу кылымдарды карыткан кыргыз эли тарыхка абдан бай келет. Дегеним, нечен доорлор мурда эле кыргыздар эл болуп, кээ бирде өзгөлөрдү багынтып, ал эми кээсинде аларга баш ийип, бирок элдик наркын, белгисин жоготпой келгендиги талашсыз. Мындай зор көрүнүш жана баалуу жыйынтык албетте, өзүнөн-өзү пайда боло калган жок. Эчендеген кыргыздын таянаар эр азаматтырынын эмгегинин негизинде ушул даражага, тактап айтканда эркин жана өз алдынча мамлекетке айлангандыгыбыз шексиз эмеспи . Мисалга алсак,чачылганды жыйнаган, үзүлгөндү улаган Манас бабабыз, Улуу Кыргыз Дөөлөтүн түзүүдөгү чоң салымын кошкон Мухаммед Кыргыз, найман уруусунун сыймыктанган кызы Жаңыл Мырза, Улуу Кыргыз Каганатын башкарган Барсбек, Алай ханышасы Курманжан датка, XIX кылымдагы уруу башында турган Ормон хан, Боромбай, Шабдан, Балбай баатыр сыяктуу бий-манаптар, Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде эрдик көрсөтүп курман болгон Ч.Түлөбердиев, Д.Шопоков сыяктуу эр жүрөк баатырлар жана тылда эмгектенген Ө. Атабекова, К.Шопокова, З.Кайназарова сыяктуу асыл инсандардын кужүрмөн эмгеги, аракетинин натыйжасында жана албетте, кудурети күчтүү Аллахтын каалоосу менен биз, кыргыз эли ушул бийик даражага жеттик.

Адамзаттын үрөйүн учурган ары каардуу, ары сүрдүү согуш мезгилинде элди жакшылыктан үмүт үзбөй жашоого, эмгектенүүгө үндөгөн жол башчылар, айыл башчылардын да таасири зор болгон. Мындай баалуу инсандардын катарында Эмгекчил колхозун 1942-жылдан 1960-жылга чейин башкарган жана миллионер колхоз болушуна түздөн-түз

тиешеси бар биздин чон атабыз Токтоев Асанакун да бар. Атабыз тууралуу анын замандаштарынан, аны көргөн-билгендерден маалымат алып, китеп жазуубуздун эң негизги себеби: атабыздын кылган ак эмгеги, эл үчүн кылган ак кызматы өзүбүз үчүн жана биздин урпактар үчүн үлгү болуп, анын жолун жолдоого, кара жан үчүн эмес, карапайым эл үчүн таза иштеп, батасын алууга аракеттенүү болуп саналат. Демек, бул китеп биз үчүн туура жашоо кечирүүнүн жол көрсөткүчү деп билсек болот. Өкүнүчтүүсү чоң атабыздын жанында жүргөн, аны жакшы билген жоро-жолдошторунун көбүнүн бул дүйнө менен кош айтышып кеткендиги болду. Ошол себептен Токтоев Асанакунду жакындан тааныган адамдар аз болсо да, алардын оозунан уккандарды жазып, эстеликке калтырууну туура көрдүм.

Адамды Кудай таала байлык жана бийлик берип сынаганы анык белем. Колуна бакыт кушу конуп, дөөлөт келгенде адам өзүн башкаларга теңегис кылып эсептеп текебер болсо, бакты көтөрө билгендер канчалык даражасы бийиктеген сайын элге мамилеси ошончолук жакшырат. Биз инсаният унутчаак келгендиктен, байлык да, бийлик да бир заматта жок болуп кетчү убактылуу нерсе экендигин биле бербейт экенбиз. Бирок, кыргыз эли "Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт"-, деп айтышып, элдин тилегин бардыгынан жогору койгондугу бышык. Менин чоң атам да аны көрүп-билген замандаштарынын сөзүнө караганда элдин жашоосуна кам көрүп, элдин батасын алган киши болгон экен. Албетте, чоң атамдын эл айткан жакшы сапаттарын, кулк-мүнөзүн мен сүрөттөп жазсам бир чети мактаныч, экинчиден апыртма сөз болуп калат. Ошол себептен, аны жакындан көрүп-билгендердин эскерүүсүн өзгөртпөстөн сиздердин алдыңыздарга сунуштайм. Алгач чоң атамдын өмүр жолу тууралуу кыскача маалымат.

Мазар айылынын кучагында Асанакун 1913-жылы бу жалган дүйнөгө келген. Атасы элдин айтымына караганда бий

болуптур, бирок жарыктык киши балдарынын жакшылыгын көрбөстөн оо дүйнөгө эрте сапар алган экен. Ошентип жесири Бүбүш (Сыпаа) эки уулу, Асанакун жана Асанбердини жалгыз тарбиялап, эрезеге жеткирген. Бүбүш энебиз абдан чырайлуу, сыпаа, жароокер жан болгондуктан, айылдаштары аны Сыпаа деп атап алышкан экен. Кичинекей Асанакун 9 жашка чыкканда чечек менен ооруп, араң айыгып, оорунун айынан бети чаар болуп калган дешет. Ошол кезде ырамаТылык атасы: "Бул баладан бир нерсе чыгат, ушундан жакшылык көрөсүнөр"-, деп айтып калчу экен. Бир тууганы Асанберди келбеттүү, сабаттуу жигит болуптур. Согуш башталганда фронтко кетип ошол бойдон дайынсыз болгон.

Асанакун өз айылындагы жети жылдык мектепте 4-классты бүтүп, 1932- жылы Нарын шаарындагы эсепчилердин курсунан билим алган. Курсту аяктары менен Эмгекчил ТОЗунда эсепчи болуп эмгектенген. 1933 - жылдан 1939 - жылга чейин "Мазар" айылдык Кеңешинин катчысы болот. Кийин Кызыл Октябрь селолук советинин төрагасы, согуш жылдарында "Эмгекчил" колхозунун башкармасынын төрагасы, партиянын Тянь-Шань райкомунда жооптуу кызматта, 1942-жылдан 1960-жылга чейин колхоздун башкармасынын төрагасы болуп иштейт. 1945-жылы чоң энебиз Коңурбай кызы Шейшемканга үйлөнгөн, Пржевальск шаарындагы педагогикалык окуу жайын бүтүп, Эмгекчилге мугалим болуп иштеп калганда туш болуптур. Аталаш тууганы Асанаалы болуп бир үйдө карыганга чейин ынтымактуу жашашкан. Чоң атам колхоздун иши менен бошобой, үйдө көп болбогондугуна байланыштуу Асанаалы атам бардык чарбаны тейлеп, үйдүн ээсин жоктотпой турчу экен. Шейшемкан чоң энем менен Турсунбүбү энем бири-бирине абысын эмес, эже-сиңдидей ынак болгон. Турсунбүбү энем ыйманы ысык келген, ийкемдүү аялзатынын белгисин алып жүргөндүктөн, чоң атама "Молдоке"-, деп абдан ыйбаа мамиле жасаган. Ал мезгилде бир мугалим бир нече сабакты бергендиктен,

Шейшемкан чоң энем аскердик даярдоодон да сабак бериптир. Ошондон улам аны кайын энеси "солдат келин" деп атап койгон. Согуш мезгилинде айылдын мектебинин деректиринин кызматын аткарган. Шейшемкан чоң энем шайдоот, шайыр келген, ичинде кири жок, абышкасынын оюн алдын-ала билип турган асыл жан болгон. Чоң энемдин боюнан токтобой, көпкө чейин перзенттүү боло албагандыктан, Өмүркул атанын уулу Коёнбайды эс тартып калган кезинде эле багып алышат. Коёнбай атам чоң атам менен чоң энеме ак жолтойлуу болуп, артынан Темирбек аттуу кыз келген. Андан соң да Темиркан жана Эсенкан аттуу уулдуу, Гүлбүбү деген кыздуу болушкан.

# Сандар далилдейт

*Архивдик материалдарга көз чаптырып, байкап көрсөк, чоң атам айылды башкарып турган учурда элдин, чарбанын экономикасынын өсүшү эбегейсиз чоң болгон. "Эмгекчил" колхозунун түптөлүшү Асанакун Токтоев башкарма болгон кезде ишке ашкандыгы архивдик материалдардан даана байкалып турат.*

1941-жылы түтүндүн саны 102 болсо, 1959-жылы алардын саны 317ге жеткен, калк 585 болсо, 1959-жылы 1310го жеткен же болбосо 3 эсеге өскөн.

Колхоздун кирешеси 1941-жылы 35 694 сомду түзсө, 1959-жылы 5 105 065 сом болгон, же болбосо 15 эсе көбөйгөн. 1954-жылдан баштап колхоз "миллионер чарба" деп атала баштаган. Ошол жылы колхоздун кирешеси 1 211 090 сомду түзгөн.

Мал чарбасынын өсүшүн карасак, 1941-жылы ири мүйүздүү мал 152 болсо, 1959-жылы 1337 болуп, 10 эсеге жакын, кой 1941-жылы 1151 болсо, 1959-жылы 28 410 же 28 эсеге жакын, жылкы 1941-жылы 225 болсо, 1959-жылы 849 болуп, 4эсеге өскөн. Төө багуу 1951-жылдан баштап колго алынып, алардын саны 1959-жылы 28ге жеткен. Тоок, коён фермалары, бал чарбачылыгы уюштурулган.

Мамлекетке мал тапшыруу пландары дагы өскөн. 1942-жылы ири мүйүздүү малдардан 8 баш гана тапшырылса, 1954-жылы 118 баш, кой, эчкиден 1941-жылы 185 баш тапшырылса, 1954-жылы 1894 баш же 10 эсеге көп, жылкыдан 1942-жылы 16 баш тапшырылса, 1954-жылы 484 баш же 30 эсе көп тапшырылган. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда мамлекетке эт тапшыруу дагы көбөйүп турган. 1941-жылы 72 центнер тапшырылса, 1945-жылы 3144 центнер эт тапшырылган.

Мал чарбасынан алынган азык-түлүктөрдү карай турган болсок, 1941-жылы 16 839 л сүт өндүрүлсө, 1954-жылы 81 100 л сүт же болбосо 5 эсеге көп, 1941-жылы жүн 1533 кг өндүрүлсө, 1954-жылы 22 566 кг же 16 эсеге көп, 1941-жылы май 242 кг өндүрүлсө, 1954-жылы 2180 кг же 10 эсеге жакын көбөйтүлгөн, жумуртка 1941-жылы 208 даана өндүрүлсө, 1954-жылы 5500ге жеткен, башкача айтканда 22 эсеге көп өндүрүлгөн.

Талаачылыктан өндүрүлгөн продукцияларды карап көрсөк, 1941-жылы буудай 120 гектарга себилип, 290 ц түшүм

алынса, 1959-жылы 775 гектарга себилип, 4899 ц түшүм алынган, же болбосо 20 эсеге жакын көбөйгөн, арпа 1941-жылы 376 гектарга себилип, 1340 ц алынса, 1954-жылы 675 гектарга себилип, 2682 ц алынган. Апийим өндүрүү 1953-жылдан башталып, 3 гектар жерге себилсе, 1959-жылы 35 гектарга себилип, түшүмдүүлүк 40 эсеге жакын көбөйгөн.

Социалдык маселелерге дагы чоң көңүл бурулуп келген. "Теңир Тоо" гезитинин 1992-жылынын 19-декабрдагы № 142 санында Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими Жаналиев Мамыркул: "1958-жылдары ошондогу колхоздун башкармасы Асанакун Токтоев демилге көтөрүп колхозчулардын күчү менен жаңы мектеп курулду"-, деп жазып чыккан. Мектептин сметалык долбоору Жумаев Шукүрбекте сакталып турган. Ал киши кийин бул долбоорду Токтоев Асанакундун уулу Эсенканга берген. Долбоор 1955-жылдын 4-июнунда түзүлүп бүткөн. Жалпы суммасы 181 328 рубль болуп, аны В.Субочев деген архитектор жазган. Бул мектеп колхозчулардын эмгеги менен жана колхоздун каражатынын эсебинен курулган. Кубатурасы 2681, 0 м³ ( 1 куб метрдин баасы-67, 63 рубль) болгон. Мектеп 1993-жылы эч себепсиз бузулуп, таланып-тонолуп кетти. 1957-жылы колхозчулардын күчү менен жана колхоздун каражаты аркылуу чоң маданият үйү салынып, ал дагы 2006-жылы бузулуп, сатылчу материалдары сатылып, айылдын башка муктаждыктарына жумшалып, калганы таланып жок болду.

Ошол кезде замандын талабына ылайык үйгө муктаж болгон колхоздун элине жаңы үй куруу үчүн 3000 сомдон 5000сомго чейин ссудаларды башкарма Токтоев Асанакун берген. Мындан сырткары ал айылдын турмушун, ийгилигин, көйгөйүн камтыган "Социалисттик чарба" деген гезитти чыгарууну баштаган.

## Талаачылыктан колхоздун кирешеси

| жылдар | буудай | | арпа | | картошка | | чөп | | апийим | | Капуста | | Та чөп | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Себилдн га | Дүң түшүм ц | Себ.га | Д.т ц | Себ.га | Д.т ц | Себ.га | Д.т ц | Себ. га | Д.т ц | Себ.га | Д.т ц | Себ.га | Д.т ц |
| 1941 | 120 | 290 | 376 | 1340 | 3 | 45,4 | | | | | | | | |
| 1942 | 125 | 856 | 388 | 2139 | 5 | 33 | | | | | | | | |
| 1943 | 227 | 233 | 396 | 238 | - | - | | | | | | | | |
| 1944 | 146 | 375 | 190 | 770 | 1 | 3 | | | | | | | | |
| 1945 | 49 | 57 | 150 | 537 | - | - | | | | | | | | |
| 1946 | 43 | 52 | 257 | 807 | - | - | | | | | | | | |
| 1947 | - | - | - | - | - | - | | | | | | | | |
| 1948 | 38 | 240 | 280 | 2260 | - | - | | | | | | | | |
| 1949 | 138 | 1169 | 231 | 2818 | - | 41 | | | | | | | | |
| 1950 | 160 | 1012 | 220 | 1295 | | 45 | | | | | | | | |
| 1951 | 401 | 2171 | 362 | 2928 | 10 | 250 | 249 | | | | | | 3110 | 33100 |
| 1952 | 524 | 4111 | 445 | 3696 | 5 | 30 | 220 | 3300 | | | | | 2414 | 36211 |
| 1953 | 410 | 4079 | 470 | 3147 | | | 310 | 7110 | 3 | 0,18 | 0,50 | 8 | 2476 | 37140 |
| 1954 | 920 | 8760 | 676 | 2682 | 17 | 550 | 230 | 843 | | 2,5 | 40 | | | |
| 1955 | 1058 | 3906 | 522 | 1174 | 40 | 964 | 440 | 1817 | | | | | | |
| 1956 | 1037 | 5403 | 381 | 2514 | | | | | 15 | 1,68 | | | 2393 | 39149 |
| 1957 | - | | | | | | | | | | | | | |
| 1958 | 1307 | 5725 | 461 | 3035 | 14 | 205 | | | 35 | 274 | | | | |
| 1959 | 775 | 4899 | 305 | 1375 | | | 459 | 9586 | 35 | 45,3 | | | | |

## Айылдын калкы жөнүндө маалымат (1941-1959-ж.ж)

| жылдар | түтүн | калк | Эмгекке жарамдуулар | эркектер | аялдар | 12-16 жашка чейинкилер |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1941 | 102 | 585 | 250 | 170 | 128 | 37 |
| 1942 | 86 | 532 | 137 | 51 | 86 | 44 |
| 1943 | 70 | 388 | 109 | 36 | 73 | 52 |
| 1944 | 66 | 362 | 96 | 27 | 69 | 42 |
| 1945 | 50 | 325 | 66 | 21 | 45 | 11 |
| 1946 | - | - | 43 | 26 | 52 | 36 |
| 1947 | 55 | 370 | 78 | 26 | 52 | 12 |
| 1948 | 61 | 386 | 84 | 32 | 52 | 20 |
| 1949 | 68 | - | 95 | 37 | 58 | 36 |
| 1950 | 74 | 380 | 111 | 50 | 61 | 35 |
| 1951 | 120 | 584 | 163 | 71 | 92 | 62 |
| 1952 | 115 | 582 | 169 | 72 | 97 | 45 |
| 1953 | 141 | 621 | 196 | 95 | 101 | 47 |
| 1954 | 212 | | 314 | 143 | 171 | 116 |
| 1955 | 232 | 705 | 385 | 187 | 198 | - |
| 1956 | 239 | - | 410 | 188 | 222 | 70 |
| 1957 | - | - | - | - | - | - |
| 1958 | 267 | 1126 | 459 | 238 | 221 | |
| 1959 | 317 | 1310 | 506 | 268 | 238 | 544 |

## Мамлекеттик мал чарбасын өстүрүү планынын орундалышы (1941 – 1959 –ж.ж ).

| жылдар | Ири мүйүздүү мал | Анын ичинен уйлар | кой | Анын ичинен тувары | эчки | жылкы | А.и Жумушчу аттар | төө | тоок | коён | Бал аары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1941 | 152 | 63 | 1151 | 603 | 565 | 225 | 88 | - | - | | |
| 1942 | 211 | 66 | 1472 | 810 | 709 | 287 | 72 | - | 100 | | |
| 1943 | 247 | 60 | 1520 | 703 | 985 | 303 | 63 | 1 | 129 | | |
| 1944 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| 1945 | 187 | 60 | 1409 | 931 | 280 | 215 | 49 | - | 37 | - | - |
| 1946 | 246 | 61 | 2059 | - | 1371 | 307 | - | - | - | - | - |
| 1947 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| 1948 | 277 | 61 | 2457 | | - | 387 | | | 74 | - | |
| 1949 | 319 | 96 | 3614 | 1908 | 666 | 472 | 76 | | 100 | - | - |
| 1950 | 403 | 118 | 4897 | 2504 | 332 | 545 | 102 | | 180 | | |
| 1951 | 796 | 216 | 9367 | 4710 | 639 | 846 | - | 12 | 404 | | |
| 1952 | 702 | 252 | 8643 | - | 113 | 900 | 206 | 12 | 299 | | |
| 1953 | 779 | 233 | 9784 | 5117 | 86 | 694 | 182 | 13 | 524 | | |
| 1954 | 1160 | 307 | 16462 | 8926 | 202 | 734 | - | 30 | 579 | | |
| 1955 | 1226 | - | 17807 | 10147 | | 663 | 285 | 23 | - | - | - |
| 1956 | 1136 | 206 | 20452 | 9541 | | 640 | 265 | 34 | - | - | - |
| 1957 | | | | | | | | | | | |
| 1958 | 1300 | 444 | 25535 | 12132 | | 804 | 274 | 30 | - | - | 30 |
| 1959 | 1337 | 505 | 28410 | 13172 | | 849 | 393 | 28 | 1627 | 279 | 37 |

## Мамлекетке мал тапшыруу планынын аткарылышы

| жылдар | Ири мүйүздүү мал "баш" | Кой-Эчки "баш" | Жылкы "баш" | Эт тапшыруу "ц" | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | план | аткарылды |
| 1941 | 8 | 185 | | 72,64 | 72,64 |
| 1942 | 42 | 278 | 16 | 147, 32 | 147, 32 |
| 1943 | 17 | 432 | - | 204 | 204 |
| 1944 | 32 | 523 | 35 | 28 386 | 28 386 |
| 1945 | 43 | 380 | - | 314, 33 | 314, 33 |
| 1946 | - | - | - | - | - |
| 1947 | - | - | - | - | - |
| 1948 | 5 | 396 | 6 | - | - |
| 1949 | 17 | 400 | - | - | - |
| 1950 | 15 | 613 | 7 | - | - |
| 1951 | 53 | 337 | 42 | - | - |
| 1952 | 85 | 1698 | 13 | - | - |
| 1953 | 119 | 1381 | 148 | - | - |
| 1954 | 118 | 1894 | 484 | - | - |

**1955 -1959 – ж.ж жылдык отчёт көрсөтүлгөн эмес.**

**Колхоздун кирешеси ( 1941 – 1959 – ж.ж .).**

| Жылдар | Киреше "сом" |
|---|---|
| 1941 | 35 694 |
| 1942 | 65 972 |
| 1943 | 68 133 |
| 1944 | 95 507 |
| 1945 | 55 586 |
| 1946 | 66 872 |
| 1947 | 538 595 |
| 1948 | 77 176 |
| 1949 | 104 584 |
| 1950 | 251 176 |
| 1951 | 347 550 |
| 1952 | 384 4867 |
| 1953 | 814 330 |
| 1954 | 1 211 090 |
| 1955 | 1 577 544 |
| 1956 | 1 771 055 |
| 1957 | 2 192 750 |
| 1958 | 4 297 458 |
| 1959 | 5 105 065 |

**Мал чарбасынан алынган азык-түлүктөр (1941-1959-ж.ж.).**

| жылдар | Уй, жылкы териси "д" | Кой-эчки тери "д" | Уй сүтү "л" | Кой жүнү "кг" | Эчки тыбыт "кг" | Сары май "кг" | Быштак "кг" | Жумуртка "д" | Кара-күл "д" | Кой-эчки сүтү "л" | Бал "кг" |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1941 | 33 | 43 | 16839 | 1533 | 153 | 242 | 333 | 208 | | 320 | |
| 1942 | 97 | 129 | 16970 | 1765 | - | 380 | 795 | | | | |
| 1943 | 43 | 151 | 19860 | 2285 | - | 420 | 1000 | 2202 | | 9722 | |
| 1944 | 74 | 175 | 13565 | 2328 | 221 | 491 | 1042 | 686 | | 18907 | |
| 1945 | 55 | 937 | 14766 | 2243 | | 454 | 773 | 650 | 134 | 3500 | 16 |
| 1946 | 8 | 59 | 45447 | 3354 | 39 | 988 | 1016 | 773 | 91 | 4450 | |
| 1947 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| 1948 | - | - | 4441 | - | - | 788 | 888 | 514 | - | - | - |
| 1949 | 8 | 99 | 12735 | 5600 | 74 | 287 | 1114 | 1160 | | 6223 | |
| 1950 | - | - | 14360 | 7217 | - | - | - | 643 | - | - | - |
| 1951 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| 1952 | 61 | 1380 | 29396 | 15591 | | 1316 | | 2888 | 367 | 6425 | |
| 1953 | 95 | 750 | 39632 | 14825 | - | 1117 | 1382 | 4322 | 148 | 7325 | |
| 1954 | - | - | 81100 | 22650 | - | 2180 | - | 5500 | - | - | - |

**1955 -1959 – ж.ж жылдык отчёт көрсөтүлгөн эмес.**

## Айыл чарба шаймандары жана машиналары (1941 – 1959 – ж.ж )

| Шаймандар, машиналар | 1941 | 1942 | 1943 | 1944 | 1945 | 1946 | 1947 | 1948 | 1949 | 1950 | 1951 | 1952 | 1953 | 1954 | 1955 | 1956 | 1957 | 1958 | 1959 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ат соко | 29 | 27 | | | | | | | 17 | 20 | 33 | 28 | | | | | | 16 | |
| Чөп чапкыч | 1 | | | | | | | | 3 | 5 | 9 | 8 | | 12 | | | | | |
| Ийри-буйру малалар | 27 | 18 | | | | | | | 20 | 20 | 43 | 32 | | | | | | | |
| Ат тырмоо | 1 | | | | | | | | 4 | 3 | 11 | | | 11 | | | | | |
| Сепаратор | 1 | 1 | | | | | | | 4 | 4 | 5 | | | | | | | | |
| араба | 3 | 2 | | | | | | | 4 | 4 | 9 | 7 | | | | | | | |
| Чалгы | | | | | | | | | 30 | 29 | 59 | 39 | | | | | | | |
| Жүк ташуучу автомашина | | | | | | | | | | | 1 | 2 | | 7 | | | | | |
| Культиватор | | | | | | | | | | | 2 | | | | | | | | |
| Сеялка | | | | | | | | | | | | 5 | | 9 | | | | 7 | 15 |
| Жеңил автомашина | | | | | | | | | | | | | | 2 | | | | | |
| Жатка | | | | | | | | | | | | | | 1 | | | | | 1 |
| ДТ-54 | | | | | | | | | | | | | | | | | | 6 | 7 |
| Беларусь | | | | | | | | | | | | | | | | | | 1 | 3 |
| ГАЗ-51 | | | | | | | | | | | | | | | | | | 1 | 2 |
| ЗИС-5 | | | | | | | | | | | | | | | | | | 5 | 6 |
| ЗИС-150 | | | | | | | | | | | | | | | | | | 4 | 2 |
| Картофель | | | | | | | | | | | | | | | | | | 1 | |
| Сенокосилка | | | | | | | | | | | | | | | | | | 3 | |
| Дан сапыргыч | | | | | | | | | | | | | | | | | | 5 | |
| Мотоцикл | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 2 |
| Соко | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 10 |
| Катки | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 1 |
| Пресс | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 1 |
| Дан сорттогуч | | | | | | | | | | | | | | | | | | | 5 |
| Ондук тараза | 1 | 1 | | | | | | | | 1 | 2 | 2 | | 8 | | | | | |
| Дан тазалагыч | 1 | 1 | | | | | | | 1 | 1 | 4 | 6 | | 8 | | | | | |
| Үрөн дарылагыч аппарат | | | | | | | | | | | 1 | | | | | | | | |
| Саман туурагыч | | | | | | | | | | | 1 | | | 1 | | | | | |
| Силос туурагыч | | | | | | | | | | | | 1 | | 1 | | | | | |
| Комбайн с-4/ с-6 | | | | | | | | | | | | | | | | | | 6/3 | 6/3 |
| КДП-30 трактор | | | | | | | | | | | | | | | | | | 1 | 1 |

# Замандаштары эскерет

*Жогорудагы архивдик материалдар Токтоев Асанакундун ишмердүүлүгү менен тааныш болгон адамдардын эскерүүсү менен да толукталып, тастыкталат.*

## Эмгеги "Эмгекчил" элине опол тоодой

Токтоев - аксакал жаш кезинен эле тың чыгып, менин апам Арзымбаева Шакан ошол кездеги Кызыл-Октябрь сельсоветинин төрайымы болуп иштеп турганда аксакал сельсоветтин секретары болуп эмгек жолун баштаган экен, бул 1936 – 1940 – жылдарга таандык. Кийин менин апам Нарын облустук аткаруу комитетине которулуп ордуна Токтоев аксакал иштеп калат. Кийин ал киши Эмгекчил колхозуна башкармалыкка которулат.

Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын коллективдештирүү саясатына кошулуп, аксакал колхозду ирилештирүүнү өз колуна алат. Ошол кездеги Ленинчил Жаш, Үч –Чат жана Сегизинчи айылдарды бириктирип, "Эмгекчил" деген ат менен колхозду атап, ал киши дээрлик он сегиз жыл башкарат. Мындайча айтканда Токтоев Асанакун Эмгекчил колхозун алгачкы түптөгөндөрдүн бири десек жаңылышпайбыз.

Бирок, ошол убактагы компартиянын саясатына ылайык колхоз адегенде Эмгекчил-артели, анан Маленков колхозу, кийин кайра Эмгекчил колхозу болуп кайрадан аталган. Бир окуяны айта кетейин. Мен ал мезгилде Маленков колхозунда 1953-жылы жетинчи класста окучумун, апрель айынын орто чени Токтоев аксакал мектепке келип: "Эртең ЦКнын биринчи катчысы Раззаков келет, мектептин окуучуларына жолугат, жакшылап даярдангыла"-, деп кетти.

Эртеси колдо болгон кийимдерибизди кийип алып сапка турдук, көкөйдү кескен жетимчилик, жазгы ала шалбыртта чоң энем жасап берген кийиз өтүгүмдүн баш жагы суу болуп улам кончун кургактап отуруп, чүйрүйүп тумшугу өзүмдү карап турганын бир билем... аңгыча тиги Раззаков жанында төрт-беш киши менен арасында Токтоев аксакал да бар, кыдырып келатат.

Эмнегедир мага келип токтоп калды да, "Ата-энең барбы?"-, деди. "Жок"-, дедим. "Атасы согушка кетип дайынсыз, энеси Арзымбаева Шакан райкомдо иштеп туруп каза болгон, өзү мурун ушул айылда сельсоветтин төрайымы эле"-, деп менден мурун аксакал айтып берди. "А, бечара фронтовиктин баласы турбайбы, пособия аласынбы, канча? " -, деди. "Жыйырма жети рубль"-, дедим. Артындагы бир адамга "Тезинен көбөйткүлө -, деди да -,эми жакшы оку"-, деп колун берди да, кыдырып кетишти.

Ошентип бир айга жетпей пособиям эки эсе көбөйүп, кырк жети рубль болуп чыгып келди, бутума жаңы батинка алып кийип жыргап калдым (47 рубль азыркынын 7500-8000 сомуна барабар).

Токтоев аксакал жетим-жесирге караштуу калыс жакшы башкарма болгон, айылдын иши иргерилеп, коомдук малдын башы өсүп, элдин турмушу жылдан жылга жакшырып колхоз облустагы алдыңкы чарбалардан болуп жыла баштаган. Ал кишинин убагында мен эс тартып колхозго мүчө болуп, араба тартып, суу сугарып, чөп машинада отуруп иштешип калдым.

"Токтоев келатат"-, дегенде ыйлаган бала сооронуп баары тынчып калаар эле. Менин байкашымча ошол мезгилде Кыргызстандын ар кайсы жерлеринде ишкер башкармалардын саны өсүп, колхоздук өндүрүш алдыга жылып, атактуулардын аты чыга баштаган. Түштүктөн – Өлмөскан Атабекова, Тешебаев, Чүйдөн – Кочкорбаев, Боромбаев Ачакей, Ак-Талаадан – Берикбаев, Нарындан – Бекжанов жана Токтоев аксакалдар чыгып, алардын атак-даңкы алыска угулуп турган. Партия да аларды өндүрүштүн командирлери деп көтөрмөлөп турган мезгил эле.

"Аккан арыктан суу агат"-, дегендей жакшы атанын балдары жакшы чыкса, баягы чоң терининин бучкагы"-, деп өзүнчө сүйүнүп каласың, Темир, Темиркан, Эсенкандарын билем, адамкерчиликтүү жакшы адамдар. Адамдын башына ар кандай окуялар туш келет экен, ал киши элге жакшы кызмат

салган. Биздин айылда мал аз болуп, бирок чөптү көп жыйгандыктан, Асанакун аке чогулуш жасап: "Силер займды төлөй албайсыңар, чөптү араба менен Нарынга алып барып сатып, займдан кутулгула, чөптүн баасы кымбат"-, деп айткан. Ошентип кийин Боз Бешик менен Чоң Карайга эгин айдатты. Район боюнча биринчи тракторду Асанакун аке алып келип, соко сайды. Эми эгиндин мол чыкканын айтпа. Бул кишинин бир жакшы касиети элге кароолчу болчу. Бакабаш деген ушундай жакшы ат бар эле, басканы илбирстикиндей, дүпүлдөтүп эмес, дабышы жок басар эле. Ушул атты Асанакун аке минип жүрдү. Эл иштеп аткан жерден акырын чыга калчу. Биз тамаша кылар элек: "Ой бул Бакабаш менен келет, байкагыла"-, деп. Негизи эле Эмгекчилдин атындай ат эч жерде жок болчу, тайынан тартып мыкты чыгар эле. Көрсө башкармабыз баштап атты жакшы көрчү экенбиз. Сокоңун саны 20га жетип калды. Асанакун аке: "Айлаң кетсе бир гектарды бүткөр, эрте кыймылда"-, деп аририбизге эскертип турар эле. Нан деген табылбайт эле, арпадан жасап жечүбүз.

Эмгекчил айылы жакшы айыл аталып, улам канаты жайылып, башкарма Токтоев Асанакундун аты да алыска кетти. Ал киши эл ичинде да калыс, кадырман болду. Бул мезгилде элдин турмушу салыштырмалуу жакшы болуп калган. Мен өгүз менен тартылган айран ташып калдым. Бир күнү өгүз сайгактап, бети-башым айрылып, фляктын бирөө төгүлдү. Асанакун акеге барсам: "Деги амансыңбы, эч жериң сынган жокпу?"-, деп тынчсызданды да жанындагыга –"жакшы ат бар эмес беле, ошону ээр-токуму менен бер, ат менен тартпаса болбойт"-, деди. Ошентип биринчи жолу ат менен тарттым. Чоңдорго 1 литрден, кичинекейлерге жарым литрден көк айран таратам, аягында мага жарым чакадан ашык калып калчу, мына ошентип жан бактык. Ошондо Токтоев Асанакун элдин баарын карап, нан кармагандай тегиз, бир кармап жүрдү. Кампага дан толо баштады, Асанакун аке алдыңкы колхоздун башкармасы болуп калды, чарба өстү, жылкы көбөйдү. "Ленинчил Жаш" колхозун кошуп, чоң айыл болуп калды.

Садыбакас аке селсовет болду, ал киши да жөнөкөй, жакшы адам болчу.

Асанакун аке бир дагы жаман сөзгө, жаман ишке аралашпаган адам болчу. Бир күнү Турдумамбет деген кишинин 4-5 жылкысы үйүлгөн чөпкө кирип кетиптир. Башкарма чогулуш жасаганда Турдумамбет акеге ачууланып келип: "Чөп жок болсо, уят эмеспи жылкыңызды карабай киргизип жибергениңиз"-, деди. Тигил адам: "Асанакун"-, деп үнүн араң чыгарды. Башкарма: "Айтыңыз"-, дегенде: "Уулу жоктун мууну жок"-, деп Турдумамбет аке ыйлап жиберди. Асанакун аке ошондо: "Кечирип коюңуз, аксакал, буюрса чөп жыйылат ошондо сизге жеткиртип берем"-, деп айтты. Көп өтпөй Турдумамбет ыраазычылыгын билдирип, башкарма менен чогуу колхоздо иштеген активдерди үйүнө чакырды, мен болсо баласы жок болгонуна байланыштуу эт бышырып, чай сунуп жардамдаштым. Асанакун акенин өмүрүнүн акырына чейин арак ичип, мас болгонун көргөн жокмун.

Мен чоңоюп, балтыр толгондон баштап араба тартып иштеп калдым. Күзүндө эгин укмуш көп чыгып, кампага батпай калды. Сары май да жакшы чогулуп, ар бир үй бүлөгө текши бөлүп берчү эле. Элдин курсагы тоюнуп, жашоо жакшы болуп калды. Бир күнү Жакыпбаев деген натурпланды алган адам менен Асанакун аке туруптур. Мен буудайды арабага салып, үстүн саман менен жаап уурдап келаткам, жүрөгүм түшүп калды. Ошондо башкарма тиги кишиге: "Сиз баса бериңиз мен мобул балага бир сөз айттырып жиберейин"-, деди, кыязы байкап калса керек. "Токто"-, деп кыйкырды. Мен аттан түшүп, бир нерсесин кармалап калдым. Жакындап келип туруп, камчы менен сайганда буудай экени билинип калбадыбы. "Сени жакшы көрчү элем, жаман бала турбайсыңбы"-, дегенде шалдайып эле калдым. "Бас, эртерээк бир жерге алып барып, жоготуп кел"-, деп калды. Дайындап койгон ороого алып барып салдым. Чабылган эгинден башкарма баарына тең бөлүшүн буюрду. Мен баякы окуяны унуталбай, качан чакырат деп коркуп жүрөм. Иткулак деген чабарманды көргөндө жүрөк шуулдачу эле. Ал үйгө келип:

"Башкарма чакырып жатат"-, дегенде мен: "Ачуусу келбей эле турабы"-, деп тынчсыздандым. Чабарман: "Ачуусу келмек турсун, айласын түгөтүп атат, эмне кылдың эле?"-, деп сурап калды. Мен кантип айталмак элем: "Эч нерсе кылган жокмун"-, деп үнүмдү акырын чыгардым. Келип, элдин аягына отуруп калдым, башкарма ушундай ачууланып атыптыр, сөзүнүн аягында: "Эми иштейли, өзүңөр билесиңер эгинди уурдап алгандар көп болуп атат"-, дегенде жүрөгүм түшүп калды. Сотко берет го деп ойлодум. Асанакун аке чогулуш жасаганда кимге канча иш тапшырды, ошонун баарын ирээттеп жазып, кайра ар биринен "Бакабаш" менен барып отчёт алып койчу. Ошон үчүн колхоз алдыга жылган деп ойлойм. Баары тарап баштаганда:

- "Эй бала, токто"-, деди. Жылмайган жүзүн көрүп, ичимен сүйүнө түштүм.

- "Баякүнү эмне кылдың?"-, деп сурады.

- "Көөмп койдум"-, дедим. Ошондо Асанакун аке:

- "Мурдуңду урайын, кокус билинип калса, кесилип кетпейсиңби, аз эле албайт белең"-, деп кейий түштү. Айлам кетип:

- "Комбайнчы теңин мага бер, теңин сен ал деген"-, деп калп айттым.

- "Мындан кийин уурдабай жүр"-, деп эскертти.

Бул окуяны мен жөн жерден айтканым жок. Ал мезгилде эгин уурдоо чоң кылмыш саналган. Эгер мени айыбымды башкарма ачып, милицияга карматса, менин соттолуп кетишим толук мүмкүн эле. Ошол кезде эгин тартыш болгондугунан айылда көп кишилер уурдашты, бирок алардын бирин дагы Асанакун аке соттоткон жок. Динде бирөөнүн айыбын жашырып коюу эң чоң сооп иш эсептелет. Асанакун аке бирөөнүн көзүнчө кишини катуу тилдечү да эмес, ошондой эле адамды мактачу да эмес.

Токтоевдин дагы бир жакшы касиети абдан калыс киши эле. Башкарма болуп турган кезинде үй салам деп жанталашкан жок. Агасы экөө бир тамда жашаган. Ушунчалык ток пейил адам болгон. Азыр ойлосом бул адам диндин жолу

менен иштептир. Туура эмес иш болсо, ачууланып, кайра жайлап, элди үмүттөндүрүп, шыктандырып турчу.

Согуш мезгилинде кырманга эгин чыгып калган. Ошондо 5 пут эгин бир чоң койго барабар болгон. Кырманчылардын жумушу аябай оор болчу. Бир күнү алар биригип Жума акенин үйүнө кой сойду. Башкарма кичинекей балдар менен жакшы болчу, Жума акенин уулу Шүкүргө таттуу берип:

- Кой сойдуңарбы?
- Сойдук
- Кандай кой сойдуңар?
- Кара кой. Түндө 2 чырак менен көрүп калат деп, 1 чырак менен сойдук
- Эт кайда?
- Ошол эле күнү салганбыз,- деп баарын айтып берип коюптур.

Башкарма ачуусу келип, Жума акени баш кылып катуу тилдегени эсимде. Кийин Жума аке уулуна:"Асанакун эмне сойдуңар деп сураса, төө сойдук деп айт"-, дептир.

Биздин касиеттүү талаада Токтоевдин таманы баспаган, көзү көрбөгөн жери калган жок. 20 жыл ак жолтой башкарма болду. Ушул жылдар аралыгында бир кесилип, бир туура эмес иш кылган жок. Калк үчүн Токтоевдин эмгеги зор. Ушунчалык кечиримдүү адамды мен көргөн эмесмин. Кыштообай аке тамдын үстүнө чыгып, Асанакун акени көз көрүнө эле сөкчү. Ошондо башкарманын жанындагылар тыйып койбойсузбу, балким басылып калар дегенде "Сөккөнү менин чапаныма жабышып калмак беле"-, деп койчу. Демек, бул адам абдан сабырдуу болгон экен. Карыганда үйдө жатпастан, почтанын чоңу болуп, элге акча таратып жүрдү. Область боюнча Токтоев деп гана турушчу. Өкмөт да, эл да бул кишинин эмгегин билди. Ошон үчүн Жогорку Советке 2 жолу депутат болду.

**Бекболот БАЙТЕРЕКОВ,**
**эмгек ардагери**

# Дарамети, калыстыгы жана адамкерчилик сапаты жогору эле

Мен Асанакун Токтоев жөнүндө көп нерселерди билем. Анткени, мен мектепте окуп жүргөн мезгилде эле бул адам абдан кадыр-барктуу болчу. Колхоздо иштеп калганда бул инсандын калыстыгын, адилеттүүлүгүн байкадым. Асанакун Токтоев ар бир маселени туура чечип, элге туура мамиле жасап жүргөн түз адам экен. Ойлосом, бул киши мамлекеттик планды район боюнча алгачкылардан болуп аткарчу. Биздин айылда дандын түшүмдүүлүгү абдан жогору эле. Башкармабыз колхоздун элине эмгеги үчүн натуралай акы бөлүп берчү. Атүгүл бир жылдары элге мал таратып берген. Ошондуктан, элдин курсагы ток эле. Демек, колхоздун иши да тез жана сапаттуу бүтүп турчу.

Мен 8-класста окуп жүргөн кезим, колхоздун жумушунда жайында иштеп калдым. Ал учурда мектеп окуучулары окуу башталганга чейин колхоздун бардык жумуштарында эмгектенчү. Жер сугарып, арык чаап, чөп тартып жүрдүк. Ошол мезгилде колхозчуларга: "Баланча эмгек күн таптың"-, деп айтып турар эле. Бир күнү колхоздун конторуна барсам мага 13 эле эмгек күнүн жазып коюптур. А мен эки айдан ашык эмгектенген болчумун. Бирок, анда биз үчүн эмгек акы эмес, тартип, колхоздун ынтымагы маанилүү болгон. Көп өтпөй колхоздун кампасына башкарма Асанакун Токтоев келип калыптыр. Ошондо ал кишиге мага аз эмгек күнү жазылып калгандыгын айттым. Менден: "Кайда иштедиң эле?"-, деп сурады. Бардык аткарган иштеримди санап берсем, башкарма ачуусу келип : "Мага арыз жаз"-, деди. Эртеси арызды алып барып бердим. Бир күнү көчөдөн классташым Көчкөнбай жолугуп: "Ой сен арыз жазган турбайсыңбы, аны кайдан үйрөндүң?"-, деп кызыгып сурады. Мен эмгегим туура эмес бааланганын айтсам, ал башкарма менин арызым боюнча бригадирге катуу замечание коюп, Көчкөнбай бухгалтер болуп иштегендиктен, ага менин эмгек күнүмдү кайра караттырса, 54

эмгек күнү болуптур. Муну укканда бир, ишенбей, бир сүйүнгөнүм эсимде. Башкарманын бул жакшылыгына абдан ыраазы болдум. Бул окуядан соң айылдаштарым мага келип: "Сенин эмгек күнүң кандайча көп болду?"-, деп сурап жүрүштү. Асанакун акемдин адамкерчилиги кичинекей бала деп мага маани бербей койбой, укугум бузулуп атканын билип жардам бергендигинен көрүнүп турат. Демек, башкарманын адилеттүүлүгүн, эмгекти татыктуу баалаган адам экендигин көргөн колхоздун эли дагы жакшы иштөөгө аракет кылып баштаган. Асанакун Токтоевич жыйналыш жасаганда элдин арыз-муңун кылдат, жакшы укчу. Өзүнүн кол алдындагыларга түшкөн арыздар боюнча тапшырма берип, эл тарабынан наразычылыктарды болтурбоону талап кылган инсан эле. Ушундай сапаттарынан улам башкарманын кадыр-баркы өсүп, эл дагы ынтымактуу уюшулуп иштеп берип жатпайбы.

Мен солдатка кетип кайра келгенден кийин окууга барайын деп жүргөм. Колхоздо жүгөрү айдоо деген жаңы башталып, ошондо иштеп калдым. Жүгөрү айдоо ал кезде облус боюнча жок болчу. Башкарма мени жүгөрүнү айдоо үчүн звеновой кылып дайындап, кийин бүткөндөн соң окууга тапшыруум тууралуу биринчи демилге көтөрүп, ал үчүн атайын колхоздун чечими менен мени окууга жиберген. Өзү менин айыл чарба институтуна тапшырышыма багыт көрсөттү. Себеби, Асанакун аке: "Бизге илимдүү адистер керек, сен кайра биздин айылга келип иштейсиң"-, деп калды. Мен дагы айыл чарба жаатында окууну каалачумун. Ошентип билим алып келдим. Окууга барбасаң, "завклуб болосуң" -, деп калды. Бул кишини менин даражамдын жогорулашына негизги себепкер деп эсептейм. Башкармага мени Дайыр деген адам завклуб боло алат деп сунуштаган экен. Ошол карапайым адамдын сөзүн туура көрүп, маани бергендиги башкарманын акылынын терeңдигинен деп ойлойм.

Бир топ жыл өтүп Асанакун аке ардактуу эс алууга чыккан мезгилде айылда жыйналыш болгон. Ошондо ал киши колхоздун экономикасын көтөргөн бир нече адамдардын ысымын атап, алардын эмгегин унутпаш керектигин эскертип,

жыйналыштын катышуучуларына: "Колхозго биринчи тракторду айдап келип соко ким салган?"- дегенде эч ким айта албай койду. Шамурат деген киши ЧТЗ деген тракторду алып келип, аңызга арпа-буудай айдаганын, мындан сырткары айылдын малын багып, эгинин өстүрүп эмгеги сиңген адамдардын атын унутпоону белгилеген. Себеби, айылдан шаарга качкан жаштар үчүн ардактуу аксакалдардын кылган ишин дайым оозубуздан түшүрбөй айта жүрсөк, алардын өз айылыбызда жашап, эмгектенүү маанилүү экендигин түшүнмөк деген ойлорун билдирген. Чындыгында ал кишилер колхоз үчүн көп нере кылганы менен, кийин алардын аты унутулуп бааланбай калган. "Жок дегенде ардактуу адамдардын сүрөтүн илип, жасаган ишин жазып койсок дурус болор эле"-, деп сунуштап калчу.

Асанакун аке адамкерчилиги, ак пейилдиги, мээримдүүлүгү, калыстыгы менен элди өзүнө ишендирип, натыйжада эл да ага чынчыл болду, тактап айтканда берилген ишти майын чыгара аткарды десем жаңылышпайм. Адам эмгегинин сөзсүз бааланарын билсе, кылган жумушун ушунчалык берилүү менен жасап, өзү да эргүү алат.

Асанакун акени алыстан атынан таанычумун. Бул киши атына чымын кондурчу эмес. Токтоевдин атына мындай мамилесинен уламбы, эл да анын атын башка малдан бөлүп, "башкарманын аты" дегенсип өзгөчөлөп турушар эле. Ошол аты менен Асанакун аке жалгыз өзү кыдырчу. Кайсы жерде сугат бар, кайсы жерде чөп экендигин текшерчү экен көрсө. Ошентип талаа жумуштарынын элесин даана көрүп билип дегендей, тоюттун балансын так чыгарып койчу турбайбы. Тилекке каршы бүгүнкү күнү бир да башкарма айылын акемдей болуп ийине-жибине чейин биле бербегени өкүндүрөт.

Бир жолу Ленинчил Жаштан атыма кымыз артып алып айылга келе атсам, башкарма аты менен жай бастырып талааны карап жүрүптүр. Жумуштан эмнеге качтың деп урушат деген ой келип, бирок кайра артка бурулсам, билинип калат дедим да, түз эле кете бердим. Башкарма алыстап кетсин

деген максатта жайлап бастырып калсам, мени күтүп туруп алса болобу. Жолугуп учураштым.

-Кайдан келатасың?-, деди

-Атамдын үйүнөн-,деп акырын үн каттым.

-Каяка баратасың?

-Кыштакка.

-Бул эмне?-, деп эки чаначтагыны сурады

-Кымыз-, дедим. Жаман оюмда кымыздан сурайт го деп,

-Куюп берейин аке-, десем

-Жок жок, ичпейм-, дей салды.

Ошентип 20 мүнөттөй бастырып бараттык. Ушул убакыттын ичинде башкарма менден колхоздогу жумуштар тууралуу бала эмесминби акырын чегип сурап, бригадирдин тамырын тартып жүрүп отурду. Кийин менин айткандарымдан улам бригадирдин көзүн чукуйт экен деп коркуп атпайымбы, бирок эч бир жаман сөз айткан жок. Мен эки эле башкармага көзүм тоёт, биринчиси бул – Асанакун Токтоев, экинчиси – Мусаев.

Окуп жүргөн кезимде селхоз институнун алдынан Асанакун Токтоевичтин "Волгасын" тааныдым. Башкарма машинеге түшүп шарт жүрүп кетип калды. Кийин жолукканымда башкарма окуу жайыма менин ахыбалымды билүү үчүн келип, мени таппай койгондугун айтты. Асанакун акенин кенедей баланын тагдырына кайдыгер карабай эстеп жүргөндүгүнө абдан кубандым.

Жыйналыштарда сын-пикирди өтө тымызын айткан маданияттуу адам болгон. Бир чогулушта эле 40 баракка жакын протоколду өз колу менен жазып, ар бир тармак боюнча отчёт берчү. Асанакун Токтоевич бак-дөөлөттү кармай алган жан эле. 4-класс билими менен 20 жыл башкарма болгон адамдын Кудай таала тарабынан берилген дарамети, кыраакылыкы жана адамкерчилик сапаты жогорку деңгээлде болгон.

**Сыдыкбай ЖУМАБАЕВ,**
**эмгек ардагери**

# Элдин "Асанакундун көзү төбөсүндө" дегени бекер эмес

Мен Асакемди 1960-жылга чейин 7 жылга чукул тарттым. Асакем кеткенден кийин мен да кеттим. Бул кишинин жасаган иштери, чарбаны көтөрүүдөгү эмгеги тууралуу айтсак, сөз түгөнбөйт. Токтоев эң биринчи эле башкарма болуп келгенде элдин тартибин сактады, ынтымагын кармады. Мисалы, бир үйдө жарма, нан болсо тегеректин баары ошону бөлүп жеп-ичишчү. Ал эми талаачылык иште Асакем жумуштун кызыган кезинде аты менен барып, колхозчулар жаткан жерге жатчу. Башкарма текшерип турса, каяктан жөн отура аласың, биз да түн ичи болобу ачка экенибизге карабастан тынбай иштечүбүз. Берген тапшырманы өз мезгилинде аткарууга баарыбыз аракет кылар элек.

1950-жылы мен Армияга кеттим. Владивостокто кызмат өтөп жүргөн кезим эле. Бир күнү радиодон "Нарын облусуна караштуу Эмгекчил колхозу миллионер колхоз болду, председатели Токтоев Асанакун ГАЗ 57 машинеси менен сыйланды" деп берди. Мен бөлөк жерден мындай кабарды укканыма абдан сүйүндүм.

Армиядан келип, шофёрлуктун окуусун окудум. Айылда бир жыл иштеп, Орто-Саздын башкармасы Найманбаев Мукаштын машинесин айдап жүрдүм. Бир күнү аны райкомго шофёру, мени менен чогуу чакыртыптыр. Ошентип документтеримди алып ошол мезгилдеги райкомдун 1-секретары Исабаев Керимбектин айдоочусу болуп калдым. 7 айдан кийин мага кимдир бирөө башкарма Токтоевден келип: "Эмгекчилде сиздин моюнуңузда карыз жүн бар экен"-, деп калды. Асакеме келип мен ферма болбосом, каяктан жүн карыз болуп калганымды сурадым. Ал Расулга документти алып келишин буйруду. Көрсө кой ферма Насырынбек мен айылда грузовой машине менен жүн ташып жүргөн мезгилде 60 кг жүндү мага жазып коюптур. Башкарма мени аргасыз кылып: "Иштейм десең, мага келип жөн иште, болбосо тергөөгө

өткөртөм" -, деп коркутту. Исабаевден бошонуп Асакеме иштегенге келдим. Чоң машине сурадым. Ошентип Асакем жардамдашарын айтып Зил 164 деген машинени берди. Кайра 3 айдан кийин өзүнүн жеңил унаасын айда деп калды.

Бул адам көптөгөн аттуу, баштуу адамдардын үйүндө конок болду, болбой мени ала барат. Конокко барганда башка чоңдор өз айдоочуларын эшикке күттүрүп койсо,Токтоев мени ар дайым кошо ала кирчү. Мен айдоочуларга: "Машинеге көз болуп тургула"-, десем, алар өз чоңдоруна ыза болуп калышчу эшикте.

Асакемдин үйүнөн тамак ичпеген чоңдор болгон жок, бир гана Раззаков болгон жок. Раззаков узун бойлуу, көзү алайган киши экен. Ал келип, Асакем менен контордун алдында турганда айтып аткан сөзүн угуп турдум:

- Асаке, эми сиз колхоздун бардык жаатын оңдодуңуз, тажрыйбалуу болуп калдыңыз, Куланакка райисполком болуңуз-, дегенде

- Жок. Менин биринчиден башым ооруйт, экинчиден орус тилин билбейм-, деди

- Мен котормочу берем-, дегенине карабай такыр болбой койду. Андан кийин Нарын командатурасынын алдынан Раззаков Кочкорбаев атындагы совхозго деректир бол деп сунуштап калды. Анда да Асакем көнгөн жок.

Эл: "Асанакундун көзү төбөсүндө"-, деп айтканы анык деп ойлойм. Исаев Ички иштер министри болуп Фрунзеге көчөт дегенде биз саат эртең менен ки ондордо кой салып алып үйүнө бардык. Асакем ошондо: "Мукаш, сен түн ичинде аялыңды салып кетип кал"-, деди. Бирок, Исаев кантип чай бербей кетем деп болбой койду. Көрсө Асакем тигил кишинин артынан каралайбыз деген адамдар жүргөнүн сезип жүрчү экен да.

Асанакун акенин правлениенин мүчөлөрүнө ушунчалык так наряд берчү эле.Өзү контордо эртең менен саат 8.00 дө болуп калчу. Мен 8 ден бир аз өтүп конторго келип машинени токтотчумун. Контордо иштегендерден берген тапшырманы катуу сурап, тактап туруп алчу, көбү жумушка келатып:

"Башкарманын кабагы ачыкпы?"-, деп сурашар эле. "Ленинчил Жаш" кошулганда, көбүнчөсүн ошоякта болуп калдык. Күнү-түнү кыдырганыбыз эсимде. Нормасын аткара албай калгандарды өзү ат менен Үч Чатка, Өрнөккө алып барып берчү. Ошол убакта Кара-Бүк, Сары Булакка буудай адамдын бою менен тең өскөнүнө азыр тан калам.

Бир күнү эртең менен Асакем: "Түндө Ленинчил Жаштан" эгин уурдалыптыр, кетик"-, деп калды. Бул киши азыркыдай чөнтөк телефон болбосо, же камера болбосо, бул кабарды кайдан билген деп ойлойм. Барсак атын айтпай эле коёюн айылдын эле тургундары экен. Аларга башкарма: "Эй, түндө буудайды каяка уурдап алып бардыңар?"-, деди. Тигилер болушунча танышты. Анда Асакем: "Байгабулдун тамындагы эмне буудай?"-, деп ошол жака жөнөдү. Үйү кулпулуу экен, ачкычын билбейбиз дегенде эле мага: "Сабыр, монтировканды алып келип кулпуну ач"-, деп калды. Кулпуну жөн эле сайып коюптур, оңой эле ачылып калды. Кирсек ичинде 40 мүшөк буудай бар экен.

-Мобул кимдики? -, дегенде. Тигилер

-Билбейбиз-, деп турушту

-Кампага ушул боюнча жыйып койгула-, деп Асакем көрсөтмө берди. Анан сөзүн улап:

- Ушул уурдаган буудайды сапырып, мен берген убакытка чейин кийирип кетпесеңер, айтып коёюн каматам силерди-, деди

- Жарайт, жарайт-, дешти баары.

Мен машине айдап жүргөндүктөн, тигилер Ленинчил Жашка алып барып, кайра кечинде алып кетүүмдү суранып калышты. Мен макул болдум. Ошентип көрсөткөн срокто бүтүштү. Асанакун акенин адамкерчилиги ушунда, баягы 40 мүшөк буудайды кайра тигилерге: "Бөлүп алгыла"-, деп койбодубу.

Ошол кезде Асанакун Токтоев менен иштеген активдер ферма Ысрайыл, Насырынбек, Тыпыш, Асанбек, Кылжыр, Асек,

Кыдырмыш, Садыбакас, Ыбыш, Исак акелердин да айылыбыз үчүн эмгеги зор.

**Сабыр ЖУМАБАЕВ,**
**эмгек ардагери**

## Өлкөбүздө Токтоев Асанакундай адамдар иштесе, экономика өнүкмөк

Мамлекеттик ишмер, коомдук ишмер катары, чарбачыл жетекчи катары Токтоев Асанакундун өз оозунан уккандарымды айтып берейин. Кыргызстан КП БКнын мүчөсү, Жогорку Советтин депутаты катары республикалык жыйындарга такай катышчу. Бир жолу БКнын бюросунда обкомдун отчётун угуп атат дейт. Биздин обкомдун секретары отчёт берди , андан кийин жарыш сөзгө мени чыгарды Токтоев деп фамилиямды атап. "Сиз кандайча чарбаны көтөрө алдыңыз?" -, деп Раззаков конкреттүү суроо берди. Мен аябай даярданып алгамын, мурун БКдан чарбаны көрүп кеткендиктен, ишеничтүү болуп турдум. Экономикалык жактан аябай артта калган чарбаны кандайча ыкма менен көтөргөнүмдү айтып бердим. Раззаков ыраазы болду . "Ушул темптен жазбагыла, сиздин тажрыйбаңызды башка колхоздорго да таратуу керек. Башка колхоздор кандай иштеп атат?" -, деп обкомдун катчысына суроо берди. Ал киши бир-эки ооз сөз менен иштеп атат дегендей кылды . Бирок артта калган колхоздор көп эле. План аткарылбайт, эгин төгүүдөн баштап жумуртка жыйноо, чөп чабуу, мал чарбачылыгын өстүрүү боюнча артта калган чарбалар көп эле. Бул маселелер обкомдун бюросунда каралчу. Мен анда мүчө болчумун . Ошондо жакшы иштебеген колхоздорго чара көрүш керек деп айтылчу. Бир жолу БКнын пленумунда мага сөз беришти" -, деп Асанакун таякем сөзүн улантты. Демек, ошол мезгилде башка колхоздорго үлгү болсун деп мыкты, тажрыйбалуу башкармаларды сүйлөтүшчү экен да.

Кийин колхоз алдыңкы колхоз болгондо Тянь-Шань облусунда Токтоевдин кадыр-баркы өсүп, сыйлыктарга көргөзө баштаган. Бирок, ал эч жулунбаган. Таякемдин минтип айтканы эсимде: "Менин эң биринчи максатым - колхоз бутуна туруп кетсе экен, элге шылдың болбосо экен. Коммунисттик партиянын алдындагы жоопкерчилик мени милдеттердирип салыптыр . Ошондуктан ар бир адамдын ал-ахыбалына жараша жардам берип, уну жок болсо, ун берип, сүтү жок болсо сүт берчүбүз. Талаада иштегенге, жайлоодо мал баккандарга тузуна чейин өгүз, ат менен жеткирчүбүз. Эмгекчил колхозун алдыга сүрөгөн менин элиме рахмат. Ошолор жардам берип, көтөрдү. Алар болбосо мен жалгыз каяктан чоң чарбаны көтөрө алмак элем. Ар бирине, улуусуна, кичүүсүнө калыс мамиле жасап, курсагы ачына дан берип, малы жогуна саан уй берип, коммунисттик милдетти аткаруу менин милдетим болчу"-, деп таякем айтып жатпайбы.

Бул киши колхоздун чарбасын көтөргөн эң биринчи башкарма. Ал кыйын күндөрдү башынан кечиргенин төмөндөгүчө баяндап берген: "Колхоздон малды, кампадан данды уурдайт, аларды таап сотко беребиз. Жылкылар жайытта болгондуктан, аларды бөрүгө алдырбай багуу да маанилүү болгон".

Бул кишинин басып өткөн жолу кайталангыс тарыхый жол болуп эсептелет. Азыркы мезгилде Токтоев Асанакундай адамдар иштесе, биздин экономикабыз өнүкмөк деп ойлойм. Себеби анда эл үчүн деген принцип баарынан жогору туруп, уурдоо деген болгон эмес да.

Байбичеси Шейшемкан айтып калчу эле: "Таякеңдин кайсы маалда жумуштан келип, кетери дайыма белгилүү болчу. Түндө сугатка, эгин айдоого кетип калчу, таңга жуук мал айдалып кете электе көрүп калышым керек мал эсен бекен, түгөл бекен, кандай кем-карчылар бар деп кетчү"-, дейт. Бул эмне деген ишке берилгендик. Кийинки башкармаларда чарбанын иши үчүн бул кишидей болуп ылай кечип, жаанда

калып, аты баспай жолдо калган күндөрү болгон жок да. Ушуну эрдик десек болот.

Азыркы мезгилде мындай көрүнүш болуп жатат да. Элге, мамлекетке, айылга эч бир эмгеги сиңбеген, жөн гана байлыгына чиренип кол койдура коюп кайсы бир көчөгө, айылдарга атын берип атпайбы. Бул уят. Ал эми Асанакун таякеме окшогон тарыхый инсандардын атын көчөгө эмес, керек болсо айылга бериш керек. Эмгекчил айылы эмне үчүн мындай аталып калган. Муну өкмөт койгон, себеби эмгекчил элдер жашайт экен деп, эмгектин негизинде ийгиликке жетти деп коюлган, анын башкармасы албетте Токтоев Асанакун болгон. Кайсы бир мезгилде бул айыл орустун атын да алып жүрдү. Бул туура эмес, айылга Токтоевдин атын сөзсүз бериш керек. Мен айылдаштарын да үндөп кетер элем. Ошон үчүн бул маселени кайра көтөрүп, Токтоев Асанакундун эмгегин далилдеп чечүү абзел.

**Акималы ЧЕКИРОВ,**
**жазуучу, драматург**

## Биздин айыл Токтоевдин мезгилинде миллионер колхоз болгон

Токтоев Асанакун касиеттүү, олуя киши болгон. Мен кампачы болуп иштеп турган мезгилде 16 жаштагы Сатымбүбүнү алгамын. 1958-жыл болчу. Сатымбүбү Ийриде жашачу. Мен аны Нарындан алып кетем деп өзү менен болжошуп алдым. Токтоевден эки машине сурап, материал, май алып келем деген ой менен башкарманы күтүп калдым. Бир топ убакыттан кийин ак Волгасы көрүндү. Токтоев менден: "Жумуштарыңдын баары эле бүттүбү?"-, деп сурап калды, ал аңгыча ак Волганын артынан мен ала турчу Сатымбүбү түшүп келатат. Аябай таң калдым. Көрсө башкарма малды кыдырып, Ийриге барганда Сатымбүбүнүн атасы: "Нарынга ала кет"-, десе, салып келиптир. Ошондо Токтоев кайнатама айтыптыр: "Бул кыз бүгүн жакшылык көрөт"-, деп.

Ошентип Сатымбүбүгө үйлөнүп, ата-энем жок болгондуктан өзүм жоолук салгамын. Азыр кудайга шүгүр көп балалуу болуп, бактылуу өмүр сүрүп келатабыз.

Токтоев малды көбөйтүүгө жетишип, колхозду түптөп, аны андан ары өнүктүргөн. Биздин айыл анын мезгилинде миллионер колхоз боло алды. Бирок тилекке каршы кийин анын баарын чачып жоготушту. Бул адам эч кимге жамандык кылган эмес. Тартипти катуу кармап, сүрдүү болгону менен абдан кайрымдуу башкарма болгон.

**Кады ИСРАИЛОВ,**
**эмгек ардагери**

## Кыштактын кышын койгондор

**Чоң атам айылыбызды биринчилерден болуп түптөп, өнүгүшүнө чоң салым кошкон адам болгондугун жогорудагы эскерүүлөрдөн маалым болду. Албетте бир адам зор ийгиликтерге жалгыз өзү жетпейт, дегеним башкарманын сөзүн эки кылбай, жетекчисине арка-зоо болгон айыл тургундарынын эмгеги абдан баалуу болгон. Ушул көрүнүштү чагылдырган Жумаказы атанын ырын эске салам.**

Башкарма Асанакун башкарган,
Ишине сүңгүп такшалган.
Жумушту текши бүтүрүп,
Нормосун көп эл аткарган.
Айдоону тактап айдаган,
Боолорго чийди байлаган.
Жаз болсун, мейли күз болсун,
Талаада эмгек кайнаган.
Аялды төмөн санабай,
Арызын уккан камабай.
Турмушун элдин оңдоого,
Сиңирген эмгек аябай.
Калыстык анын теңири,

Кампага толуп эгини.
Жумушка чыкчу жашынбай,
Жаңыдан келген келини.
Түлүкө толуп өрүшү,
Азайган малдын өлүмү.
Иштерман Тапа, Бапаны
Жанындай жакшы көрүүчү.
Кутмандуу күндү угабыз
Болсун деп бейпил күнүңөр.
Өздөрү ырдап иштешкен
Айша, Ажар, Бүбүлөр.
Кемчилик элди азгырбай,
Кемитип малын жазгырбай,
Музоону анда көп алган
Мийзамалы, Максымбай.
Арыктап койлор ылганбай,
Арамга барып булганбай,
Койлордун төлүн көбөйткөн
Өмүрзак, Ондон, Турганбай.
Айтылган сөзгө турумдуу,
Айтканы акыл жугумдуу
Калдыбай ата жылкыдан
Башына алган кулунду.
Андагы элим азы бар,
Карысы кетип, жашы бар.
Качпаган кара жумуштан
Чоң Жумаш, Султангазылар.
Акыры капа болбогон,
Араалап жыгач сомдогон
Ырысменди чоң ата
Араба, чийне оңдогон.
Картайып жаштык курагы,
Каңырыш укпай кулагы
Эсинде дале эсинде
Эчкини баккан Жумаалы.
Марага байге коюлуп,
Майрамда малдар союлуп

Турмушу аздап оңолуп,
Курсагы элдин тоюнуп.
Алгалап иши алгалап,
Аттар да семиз багылып
Урмат – сый, даңкка ээ болду
Төшүнө орден тагынып.
Бастырып элди аралай,
Калкына кара санабай.
Карыган кезин көрсөңүз,
Мүнөзү жумшак баладай.

# Басылмалар баяндайт

*Эмгекчил колхозунун чоң атам башкарган мезгилдеги ийгиликтерин, жетишкендиктерин жана да алдыда жасалуучу пландарын чагылдырган басма сөздөгү бир нече макалаларды сунуштадык.*

**17.02.1949**

**Кыргызстан К(Б) БКнын Пленуму 14.дивр Vсъезди. 14.02 болду.**

**" Тянь-Шань правдасы"**

**Съезддеги жолдош Токтоевдин сөзү (Нарын районундагы Эмгекчил колхозунун председатели)**

Жолдош делегаттар! Азыр Совет элинин алдында согуштан кийинки 5 жылдыкты ийгиликтүү орундатуу жана андан ары алга болуу милдети турат. Биз өзүбүз жетишкен ийгилигибизге ыраазы болуп токтоп кала албайбыз, ар дайым илгери карай умтулууга тийишпиз.

Өткөн жылда малдардын санын өстүрүүнүн мамлекеттик планы жылкылар боюнча 108%, кой эчкилер боюнча 106% ке орундатылган. Коммунист жолдош Бекбоев жетекчилик кылган жылкы фермасы жаш төлдөрдү бүт дээрлик аман сактады.

1947-жылга караганда биздин колхозчулар өткөндөгү жылкы түшүмдү 2 эсе ашырып алышты. Мамлекеттик милдеттерден кутулгандан кийин, колхоз башкармасы ар бир колхозчуга күн сайын 3 кгдан эгин берди. Азыр биздин бардык күчтөрүбүз үстүбүздөгү жылдын айыл чарба жумуштарын ийгиликтүү орундатууга багытталып жатат. Өндүрүштүн планыбыз түзүлгөн. Азыр мал төлдөтүүгө жана жазгы айдоого камынып жатабыз. Үрөндөр топтолуп тазаланган, талааларга жер семирткичтер ташылып жатат. Өткөн жылы бизде сугат иши начар болгон, колхоздун талааларын аралап өтүүчү канал үзгүлтүк менен иштеп, суу жалпы эгиндердин жартысын гана сугарууга араң жеткен, бул албетте түшүмдү бир кыйла төмөндөттү. Республиканын суу чарба Министерствосу сугаруу системасын жакшыртуу боюнча камкордук кылышы керек.

Бизде 20 соко бар, бирок алардын көбү жарамсыз болуп калды. Айыл чарба шаймандары көптөн бери жаңыртыла элек. Мен бул авалга олуттуу көңүл бөлүүнү сурайм. Жазга даярдануу менен биздин колхозчулар жаңы милдеттерди алышкан.

Согуштан кийинки 5 жылдыктын 4-жылынын планын ийгиликтүү орундатууга колхозубуздагы коммунисттер бардык күчүн жумшашат.

**Фонд № 349, опись 1, ед.хр 8 1949-жыл, 9-февраль**

**Ийгиликтерибизди дагы чыңдайбыз**

Колхозчулардын эң башкы кесиби болуп саналган социалисттик мал чарбасын өстүрүү жагынан жолдош Сталинге жазылган каттагы алынган милдеттеме жылкылар боюнча – 107%, мүйүздүү ири мал боюнча -104 жана кой-эчки боюнча – 104% болуп, малдардын бардык түрүнөн ашыра орундатылды. 1948-жылга салыштырганда 1949-жылы жылкыларды 20,5, мүйүздүү ири малдарды – 12 жана кой-эчкилерди - 29,5%ке өстүрө алдык. Ар 100 тубар малдан 100 кулун, 94 музоо жана 105 козу-улак жылдын аягына чейин аман сакталды.

Мал өстүрүүнүн 5 жылдык планы биздин колхоздо 3 жылдын ичинде гана мүйүздүү ири малдарыбызга – 118, жылкы боюнча – 99,5 жана кой-эчкилер боюнча – 95% орундатылды. Ак ниеттүү малчылардын кошумча эмгеги үчүн 81 кой-эчки, 9 кулун, 3 торпок берилди. Колхозубузда уйсуздук жана малсыздык бүт бойдон жоюлду. Булардан тышкары, колхозчулардын эмгегине багууга 100 кой, 22 уй белгиленди. Мамлекетке тапшырыла турган мал чарбасынын азык-түлүгүнүн планы согушка чейин орундатылып, 1949-жылдын эсебинде 102 ц эт, 240 кг май тапшырылды. Мына бул ийгиликтерге биз колхозубузда бардык мүмкүнчүлүктөрдү эсепке алып отуруп, өндүрүштүк план түзүп, ишти пландуу түрдө жүргүзүүнүн натыйжасында гана ээ болдук. Өткөн жылы 280 га арпа , 38 га буудай айдап, анын жазгы жана жайкы багуу жумуштарын агротехниканын негизинде жүргүзгөндүктөн, ар гектардан 8 ц түшүм алдык. Бул биздин областыбыздагы колхоздорго караганда абдан жогору түшүм болуп саналат. Мына ушинтип биз мамлекет алдындагы милдеттерди 100% ке аткарып, колхозчулардын ар бир эмгек күчүнө 3 кг эгин берүүгө мүмкүндүк берди.

Мындан тышкары 1949-жылы жазгы айдоочулукка карата 706 ц түшүм топтолуп, жалпы колхозчулардын макулдугу боюнча коңшулаш колхоздорго 146 ц түшүмдүк эгин жардамга берилди. Азыртадан баштап эле малдардын жазгы туут компаниясына карата кызуу түрдө даярдык көрүп жатабыз. Туу турган 1600 кой эгин, 95 бээ, 74 уй үрөн, 500 ц чөп, 24 ц жем, 15 кулуп жабуу, 30 боз үй, 20 лампа ж.б керектөөлөр даяр кылып коюлду.

Эгиндин түшүмүн жогору көтөрүү максатында эгин аянттарына 350 т жер семирткич төгүлүп жатат. Биз бул ийгиликтерибизди мындан ары дагы чыңдап, малдардын туутун жана жазгы эгин айдоо компаниясынын ийгиликтүү өнүгүүсү үчүн бардык күчүбүздү жумшайбыз.

**А. Токтоев**
**Нарын районундагы "Эмгекчил"**
**колхозунун председатели**
**"Тянь-Шань правдасы". 29. 01 1951**
**фонд 34, опись 1, ед.хр 16**

## Алдыңкы колхоздун мол кирешеси

Нарын районундагы "Эмгекчил" колхозу өзүнүн экономикасы жагынан согуштан мурдагы деңгээлден бир кыйла озуп, райондогу гана эмес, областтагы алдыңкы колхоздордун катарына кошула алды. Колхоздо коомдук малдардын дүркүрөп өсүшү менен бирге, агротехникалык эрежелер туура колдонулгандыктан, эгиндерден да мол түшүм өстүрүлүп алынып жатат. Өткөн жылы малдарды өстүрүүнүн мамлекеттик планы малдардын бардык түрлөрү боюнча ашык аткарылып, азыктуулук да жогорулаган.

Өткөн жылы колхозго 250 000 сом кирешe болгон. Анын ичинен 190 000 сом жалаң гана мал чарбачылыктан алынган. Колхоздун мол кирешесинен колхоздун мүчөлөрүнө бөлүндү. 150 000 сом колхоздун эмгек күчүнө берилет. Мындан башка колхозчулардын ар бир эмгек күчүнө 2 кгдан эгин берилет.

Жылкычы жолдош Ашыбаев Калдыбай өткөн жылы малдарды өстүрүү боюнча зор ийгиликтерге ээ болгон. Ал

кошумча эмгек акысына 6 кулун, 120 пуд эгин, 14 кг сары май, 6500 сом алды. Колхоздун мүчөлөрү иштерди ийгиликтүү аткарып, быйылкы жылы малды өстүрүүнүн мамлекеттик планын ашык орундатуу үчүн күрөшүүдө.

**С.Молдоасанов**

**"Тянь-Шань правдасы" 1955-жыл, 26.02**

## Билгич уюштуруучу

Нарын районунун Маленков атындагы колхозунун 1955-жылдагы отчёттук шайлоо чогулушунда колхозчулар колхоздун башкармасынын председателдигине коммунист Асанакун Токтоевди шайлоону чечишти. Ал бул кызматка көрсөтүлгөнгө чейин билгич жетекчи болгон.

Өткөн жылдарда колхоз дан эгиндеринин түшүмдүүлүгүн бир кыйла жогорулатты, малдардын жана канаттуулардын санын бир нече миңге өстүрдү. Натыйжада колхоздун чарбачылыгынын тармактарынан алган кирешеси бир миллион 211 миң сомду түздү. Колхозчулардын эмгек күчүнө 475 000 сом акча, 3000 ц ашык эгиндер бөлүндү. Ар бир колхозчу бир эмгек күчүнө 4 сомдон акча, 2,5 кг эгин алууга жетишишти.

Мал чарбасынын азык-түлүгүнөн жана дыйканчылыктан түшкөн кирешелердин бир кыйла бөлүгү артелдин курулуш иштерине жумшалып турду. Кийинки гана бир жарым, эки жылдын ичинде колхоздо медицинский пункт, жашылчаларды сактагыч, 105 точкалуу радиоузел, 2 мончо, автогараж ж.б курулуш имараттарын куруп бүткөрдү. Ошондой эле 7 жүк ташуучу жана 2 жеңил машиналары, айыл чарба машиналары, шаймандары сатылып алынды. Колхоздо окуу үйү жана китепкана, ичи товар менен толгон магазин иштейт. Колхоздун 7 мүчөсү трактористтик, 6 колхозчу шахтёрдук кесиптерде иштешет.

Үстүбүздөгү жылы колхозчулар күздүк эгинден 14 ц, жаздык буудайдан 12 ц, сулу менен арпадан 14 ц, картошкадан 130 ц, капустадан 250 ц түшүм алууга милдеттендирилди.

Колхоздун фермасында 19 000 баштан ашык малдар бар. Быйылкы жылы малчылар ар 100 тубар кой-эчкиден 108ден козу-улак алууга, 95 музоо, 80ден кулун алууга милдеттендирилди.

Колхоздун председатели жолдош Токтоев колхозчулардын арасында зор кадырга ээ болгон. Ошондуктан, № 157 –Миң-Булак шайлоо округунун шайлоочулары коммунист Асанакун Токтоевди Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаттыгына кандидат кылып көрсөтүштү. Асанакун Токтоевдин жетекчилиги менен Маленков колхозу областтагы бирден-бир алдыңкы колхоздордон болуп эсептелет.

**А. Бурдин.**

**"Тянь-Шань правдасы" 7.XI.1955**

## Бүгүнкү колхоздук кыштак

Азыр Нарын районундагы Маленков атындагы колхоз жайгашкан жерде, мурунку убакта көчмөн кедейлердин оңго жакын гана боз үйлөрү боло турган, өз-өзүнчө жашашкан көчмөн адамдар Улуу Коммунисттик Партиянын кеңеши боюнча өздөрүнүн күч-аракетин бириктирип колхоз уюштурган мезгилден тартып мында бардык абал өзгөрүлдү. Азыр бул жерде оокаттуу адамдар жашашкан селосозулуп жатат. Өткөн жылы колхозчулар мал чарбасынан жана дыйканчылыктан 1 миллион сомдон ашык киреше алышты. Эмгек күнгө 20 000 пудга жакын эгин, жарым миллион сомго жакын акча берилди.

Колхозчулардын материалдык жыргалчылыгынын өсүшү менен бирге, селонун эмгекчилеринин маданияты да тездик менен өсүүдө. Мындан 30 жыл мурда бул кыштакта бир да сабаттуу адам жок болсо, азыр журнал же газетага жазылып окубаган адамды табуу кыйын. Көпчүлүк жаштардын жети жылдык же орто билими бар. Азыркы кезде малчылардын 40тан ашык балдары жогорку окуу жайларда окушат. Колхоздо мектеп бар. Тянь-Шандын башка көпчүлүк селолору сыяктуу эле бул селодо өзүнүн радиотүйүнү, медициналык пункту, мектеп, китепкана, мончо, магазин бар.

Кыштактын тышкы көрүнүшү дагы күндөн-күнгө ого бетер көрктөнүп жатат. Мында көчө бойлоп курулган эң жакшы турак – үйлөрдү көрүүгө болот.

Октябрдын XXXVIII жылдыгын майрамдашып, Маленков атындагы кыштагынын эмгекчилери Тянь-Шандын бүткүл эмгекчилери сыяктуу эле эртеңки күндүн бүгүнкү күндөн дагы сонун жана кубанычтуу боло тургандыгына толук ишеним менен карашат.

**А. Бурдин**

***"Теңир-Тоо" гезити, 14-август, 1993-жыл:***

**"Адамдын адамдыгы улгайганда билинет"**

Не деген менен өткөн өмүрүбүздүн, баскан жолубуздун мезгилдери – тарых. "Тулпар – тушунда" дегендей ошол мезгилдердин талабына жараша эл жүгүн аркалаган белгилүү инсандарыбыз облусубузда ондоп саналат. Алар ак эмгек, абройлуу адамдык сапаттары менен эли-журтунун сый-урматына татышкан, жергебизге аттын кашкасындай таанымал болуп калышкан.

Ошондой белгилүү инсандарыбыздын бири – Токто уулу Асанакун . Тянь-Шань районундагы Эмгекчил айылында жашайт. Жашы сексендин сересинде. Эл арасында атыгып кеткендей "Токтойуптун" сыр сандыгын ачуу максатында агайын кабарчыбыз карыя менен дил маек курган эле.

**- Асанакун аке, быйыл сексендин сересине чыгыптырсыз. Ушул маарекеңиз кут болуп, бала-бакыраңыздын, небере-чөбөрөңүздүн убайын көрүп, үй бүлөңүзгө тээк болуп бактылуу өмүр сүрүңүз!**

- Рахмат, рахмат. Тилегиң кабыл болсун! Кийинки кездерде ден-соолугум анча-мынча начарлаганы болбосо күүлү-күчтүү элемин. Тилегиңе рахмат!

**- Эми узун сөздү ушундан баштасак, сиз үч заманга күбө болуп келатасыз. Бизге ушулардын ар биринин айырмасын ажыратуу маанилүү болуп турат.**

- Түшүндүм, түшүндүм. Эми ар бир адамдын ар заманга көз карашы ар башка. Өзүмдүн өмүр, эмгек жолумдун

мисалында кылып, сурооңо жооп бергенге аракеттенип көрөйүн. Азыр кээ бирөө: "бай, манап эзүүчү болгон эмес" деп бийлик төбөлдөрүн мактап-жактап жатпайбы. Чындыгында, байы байдай дуулдап, кедейи кедейдей куурап жашаган заманды көрүп калдым. Атам Ажыбек уулу Токто ушул Боз-Бешик , Кыз-Мазарды мекендеген кызылтаздар катарында жашап, мен ондон ашканда дүйнөдөн кайтты. 1954-жылы көз жумган энем Асанаалы агам баштаган балдарын багуунун аракетинде болду. Атам өмүрүнүн акырында посевком экен. Анысы азыркы дыйкан чарба башчысы го. Эл башкарган Чыңгыш ажы, Максут ажы менен дос эле. Уулум кичи болсун, жаңы заманда кыйналып-кысталбасын дегенби, Айдаркан деген молдокеге берди. Шаакенин тамы деген ошол кездеги чоң үй мектеп болчу. Анан Надырбектин тамы мектеп болду. Айтор, бардыгына тең заман болгону үчүн Кеңеш бийлигин көпчүлүк колдоп билимге, өнөргө умтулуу күчтүү эле. Чарба жүргүзүүгө умтулдук. ТОЗдор колхозго уюшулду. Мен 31-жылы Нарында эсепчинин окуусун окудум. Лямзин деген орус окутту. Анан 1928-жылы уюшулган Эмгекчил ТОЗунда 36-жылга чейин эсепчи болуп иштедим. 1939-жылы ТОЗ айыл чарба артели, анан колхоз болду. Мен айылдык Кеңештин катчысы, төрагасы болдум. Антип, минтип жаңыча ык алып, заман ооматы менен эл турмушу тегиз оңоло баштаганда согуш чыкты.

- **Аба, кечирип коюңуз, "согуш алдында эл турмушу тегиз оңоло баштаган" дегениңизди кандан түшүнсөк?**

- Чындыгында эле, Кеңеш бийлиги элет жерине орногондон кийин жыл сайын өсүүлөрдүн, өзгөрүүлөрдүн күбөсү болуп турдук. Согуш алдында Эмгекчилде 300 төө, 700 жылкы, 20 миң кой бар эле. Эл малдуу болчу. Эгин айдап, эмгек күнгө акча эмес, 3-5 килден эгин берилчү. Ал эми 1943-жылы, мен брок менен майдандан калып башкарма болуп турганда, эмгек күнгө 9 килден эгин берилди. Бул ошол мезгилдеги эң жакшы көрсөткүч болду. Эл турмушу оңоло баштаган дегеним, токчулук болчу. Ошол токчулук болгону үчүн согуш учурунда эч ким ачкадан өлгөнү жок. Мамлекетке эгин, мал чарба азык-түлүгүн төгүүгө план көп эле. Ошону аткарып, фронт үчүн акча, жылуу кийим чогултчубуз. Согуш учурунда эгинге, өзгөчө

үрөнгө өтө көңүл бурулуучу. Үрөндү өзүбүзгө өзүбүз даярдап, жетпегенин заготзернодон алчубуз. Эсимде бир жыл чыр болду. Обкомдун секретары Носинов Өмүраалы деген адам эле. Үзүмчүлүк учурунда эл нансыз калды. Алдын ак шишик баса баштады. Үрөнгө деген эгиндин жарымын элге таратып бердим. Мунум обкомго угулуп, мени бюрого чакырышты. Носинов: "Бул өзүм билемдигиң үчүн партиядан чыгасың, атыласың" дегенге чейин барды. "Үрөн жетпесе заготзернодон алабыз. Ал эми адамдар ачкалыктан кырылса кайдан алабыз? Ассаңар да мейли, атсаңар да мейли, мен үчүн, бардыгыбыз үчүн адам өмүрү кымбат экенин түшүнүүбүз керек" дегендей далайга чейин акыйнек айтышып токтодук. Албетте, жазасыз калганым жок. Бирок, ал-күчкө кирген элдин ошол күздөгү түшүмү абдан жакшы болуп пландан ашык эгин жөнөттүк. Деги согуш учурунда элдин пейили жакшы эле, болгон тамагын ортого коюп, бири-бирине жөлөк-таяк болуп. Мен 15 жыл бою, 1960-жылга чейин үзгүлтүксүз башкармалыкка шайланып келдим. Ошол мезгилде да эл пейили чайпалган жок. Турмуш уламдан-улам оңолуунун үстүндө болду. Бардыгына партиянын жетекчилиги күчөдү. Кеңеш бийлиги чыңдалды.

- **Сөзүңүздү бөлгөндүгүм үчүн дагы бир жолу кечирим сурайм. Аба, азыр "коммунисттик партия коомдун туура эмес өнүгүшүнө себепкер болгон. Мамлекеттик бийликти ээлеп алып буйрукчул-тескөөчүл тартипти орноткон. Кеңеш бийлиги жөн эле бир огожо болгон" дегендей сөздөр айтылып жатпайбы?..**

- Ооба, андай сөздөрдү кечээ эле жанталашып партиянын катарына кирип, бүтүн "демократмын" деп төш кагып чыга калгандар эртең эле партия бийликке келсе, кубулма кескелдириктей партбелетин көтөрүп чыга калуучу "чоңдор"айтып жатышат азыркы бийликтегилер. Бирок, тартип, жоопкерчилик, нысап, ыйман жок. Мен партияга ишенгем, ишенем, ишенип өтөм. КПССтин катарында 50 жыл болгондугума күбө төш белгим бар. Райкомдо инструктор да болуп иштегем. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү да болгом. Башкармалыктан түшүп, 1969-

жылга чейин бригадир, анан 1986-жылы ардактуу эс алууга чыкканга чейин айылдык байланыш түйүнүнүн башчысы болуп иштедим. Дайыма коммунисттик жоопкерчиликти сезип турчумун. "Алда ак жүрөк Токтойуптун тактыгы ай" деген токонаалат сөздөрдү да укчумун. Партия ишеним көрсөтө да, сыйлай да, ошону менен бирге кыйшайып баратсаң теске салып оңдой да билчү. Съездге делегат болдум, 2 жолу Эмгек Кызыл Туу ордени, 7 медаль, Жогорку Советтин Ардак Грамоталары менен сыйландым. Кеңеш бийлигин "огожо болгон" дегендер жөн эле тантырайт. Мен Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка эки жолу удаа шайландым. Калинин, Жданов, Эмгекчил колхоздорунун шайлоочулары шайлашты. Депутат катары эл турмушун оңдоону башкы максат кылаар элем. Башка айылдарды айтпаганда да ушул Эмгекчил айылына депутаттык наказ боюнча Тянь-Шандагы мыкты мектептин, клубдун имараты салынды. Жыгач-ташын бул эле өзүбүздүн Ногоргондогу карагайынан даярдадык. Айылга суу проводу жүргүзүлдү, кара чырактар электр жарыгы менен алмаштырылды. Кой кыркыны да дизель аркылуу электр кайчысы менен кыркыла баштады. Андан кийинки депутаттар деле эл наказын мүмкүн болушунча аткарып келишпедиби. Азыркы депутаттарың шайлануу үчүн жан талашып, арак-шарап, чай-пай таратып, тынч элди дүргүтүп жаат-жаатка бөлүнгөндөн башка эл үчүн эмне иштеп берди? Кайсыл мезгилдин депутаты огожо экенин эми өзүң ажырата бер....

- **Эми Асанакун аба, "болоору болду, боёосу канды" дегендей кечээги заманга кайрылуу мүмкүн эмес. Ал бир суунун агымына окшоду. Сиздин баамыңызда биздин, азыркы урпактардын келечеги кандай болчудай?**

- Өзүң баамдагандай мен эски кишимин. Билим менен оюм силерге туура келбес. Ошентсе да оюмду ортого салайын. "Үмүтсүз-шайтан" деген. Элибиздин, жерибиздин келечегине үмүтүм бар. Себеби, бийликке башкача бир жаңы муун келди. Кубанычтуусу Орусиясыз эле оз тагдырыбызды өзүбүз чечип жатабыз. Президентибиз да, өкмөт башчылары да бел чечпей, ары-бери чапкылап иштеп жатышат. Алардын аракетин кээде

түшүнүп, кээде түшүнбөй да жаткандайбыз. Жалгыз Президенттин колунан эмне келет? Жардам берип, акыл кеңеш салып, жапатырмак оңолууга баш койсок кыргыз элинин келечеги кең эле болот. Эң башкысы - бүткүл кыргызстандыктардын ынтымагы зарыл. Анан мени тынчсыздандырган бир маселе – жаштардын тагдыры. Жаштарыбыз жаман адаттардан алыс, ыймандуу, адептүү, ишкер болуп өссө. Келечек жаштардыкы эмеспи. Мында карыялардын, улуулардын таалим-тарбиясынын мааниси зор. Кыргыздын кыргыздыгы сыйкордугунда, кең пейилдүүлүгүндө, кайрымдуулугунда, жамандык-жакшылыкта тикесинен тургандыгында. Мына ушундай дөөлөттөрүбүз кемибесе экен. Жаштар уласа экен. Райондук, мамлекеттик бийлик айыл аксакалдарынын кеңешин, элдик сотту уюштуруп жакшы иш кылды. Баарын эле эски деп, жаңысын таппагандан кийин чана берүүгө болбойт.

- **Баса, "Токтойуп башкарма болуп турганда ордумду тартып алат деп жаштарды окууга жиберчү эмес" деген сөздөрдү угуп калчу элем.**

- Эми ал кезде окууга умтулгандар аз эле. "Кызмат колдун кири"-, демекчи кантип эле түшүнбөй, жаштарга бут тосоюн. Айыл чарба институтунун ректору Арабаев менен мамилем бар эле. Жумабаев Сыдыкбайды, дагы бир Токтобай деген жигитти "Волгага" салып алып барып, өзүм табыштадым. Токтобай кырсыктан каза болуп калды. Сыдыкбай азыр райондогу белдүү кызматкер, адис. Анан окуп билимге, адистикке ээ болуп балдар өз айылында иштесе элге да, чарбага да эмеспи. Деги ар кимдин өзүнөн. Бүткүл Нарын өрөөнү боюнча алгачкы академик Асанов Үсөндүн атасы менен дос элем. Үсөндү жайлоодон атка учкаштырып келип өзүм окууга жөнөткөнүм эсимде. "Токтойуп окууга жибербей койгон" деген бекер сөз.

- **Эми аба, сексендин сересине келдиңиз. Кудайга шүгүр, чынар теректей тамыр-бутак жайдыңыз, жашоонун рахатын көрүп жатасыз. Деги бир өкүтүңүз барбы?**

- Адам болгондон кийин өкүтсүз пенде болбойт го. Адамдын дамдыгы улгайганда билинет. Жубайым мугалим

болуп жүрүп эс алууга чыккан. Шейшемкан экөөбүз эки кыз, эки уулду тарбиялап өстүрдүк. Бардыгы азыр очор-бачар. Улуу кызым Темирбек жогорку билимдүү, Нарында мугалим. Кичүү кызым Токмокто доктурлук кесипти аркалап келатат. Темирканды өзүң билесиң силердин "Теңир-Тоо" гезитинин жооптуу катчысы. Эсенкан мага окшоп айылда башкарма. Кызым "бек", уулум "кан" болуп аттары алмашканы балдарыбыз токтобой ырым кылдык эле. Жараткан жакшы көз салды. Анан ушул Темиркан бир күнү апасы алаксып жүргөндө ысык мештин алдына сойлоп кирип кетиптир. Сырттан үйгө кирип келип, үрөйүм учуп, баламды чоочутпай сууруп алдым да Шейшемканды бир муштадым. Ушуну эстегенде "эмнеге ошондо аялыма муш салдым"-, деп өкүнө берем.

**- Жанатан бери дил маек куруп бергениңизге чоң рахмат, аба. Карыбаңыз, арыбаңыз, бар болуңуз.**

**Маектешкен: Р. Асылбаев**

## Заманынын адамы болгон

Өлбөй турган адам жок,
Мурункунун баары өттү.
Үч миң жыл жашап
Улукман Аким табып дагы өттү.(Элдик дастандан)

Акыл-эси, турмуштан алган таалими жетик, заман агымын түшүнгөн, көрөгөч, таасирдүү адамдар калк башында болуп келишкен. Ушул айтылганга татыктуу, атын атаса кулакка жагымдуу, заманы менен үндөш болуп, ага мезгилинде зор эмгек өтөгөн, өз чөйрөсүндө улуу адамдардан болгон Токтоев Асанакун аба быйыл кой жылында 90 жашка чыкмак.

Асанакун абанын эмгек жолу совет өкмөтү абыдан калыптана элек кезде, Ата – Мекендик улуу согуштун оор жылдарына, өзү өмүр бою иштеген колхоз чарбасы өнүгө электе башталып, анын азаптарын, кыйынчылыктарын баштан өткөрүп, акырында үзүрүнө, зор ийгиликтерине эли-журту менен кошо күбө болгон. 1933-жылдан баштап Мазар айылында жерди биргелешип иштөө артелинде эсепчи, селолук советтин катчысы, кийин Кызыл Октябрь селолук

советинин төрагасы, согуш жылдарында "Эмгекчил" колхозунун башкармасынын төрагасы, партиянын Тянь-Шань райкомунда жооптуу кызматта, колхоздо партиялык комитеттин катчысы, комплекстүү бригаданын бригадири, 1945-жылдан 1959-жылга чейин ошол кезде аталгандай Маленков атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы болуп иштеди. Атайын окуу жайын бүтпөсө да, акыл иргеп ак сүйлөп, чарбаны башкаруунун университетин бүткөнгө тете болду. Анын зор уюштургуч, кыраакы, экономиканы, саясатты айкалыштырып айыл чарба өндүрүшүнүн устаты болгондуктан экинчи жолу Эмгекчил, кийин Маленков атындагы колхозго, өз айылына башкарма болуп шайланышы замандын талабына ылайык келген.

Токтоев Асанакун абабыз жетектеген ошол кезде аталып калгандай Маленков атындагы колхоздо айыл чарбасын, анын тармактарын, ар тараптан өнүктүрүүгө бир кыйла шарттар, обүективдүү, субүективдүү мүмкүнчүлүктөр бар эле. Абабыз 40 жаштан өтүп акылга толуп калган кези экен ойлосок, акылы жетик деп эл айтып жүрбөйбү.

... 1954-жылдын жаз айы болчу. Партиянын Нарын райкомунда партиялык кабинеттин башчысы элем, мени Маленков колхозуна бир жумага командировкага жиберишти. Максат элге партиянын токтомдорун пропагандалоо, эл кандай иштеп атат, ким эмнени аткарды, айыл чарба өндүрүшүндө иштегендерге шарт түзүлгөнбү ж.б көп маселе. Барсам Найманбаев Мукаш райаткомдон такай жиберилген уполномочен экен, парткомдо, колхоздун башкармасында болдук. Экөөбүз 2-3 күн кай жерде эмгек, эл болсо атчан кыдырып жүрдүк, колдон келгендин баарын аткарылып атыптыр. Кош айдоо аяктап калган, ошол жылдан мурдараак 1951-жылы Үч-Чат колхозу, 1954-жылы "Ленинчил жаш" колхозу ирилештирилип, Маленков колхозуна бириктирилген экен. Адам күчтөрү, айыл чарба техникалары, акча ресурстары, жетекчилик бир жерге топтолуп, иш тараптан оң жолго багыт алып калыптыр.

Айдалбай жаткан дың жерлерди өздөштүрүү боюнча токтомго ылайык чар тарабына көз жетпеген "Бети каранын"

талаасынын аймактарындагы тоо этектерине "Боз бешик" деген жерге буудай Үч-Чаттын Кара жонуна арпа, Акмарчанын алдындагы түз талаага жүгөрү айдалыптыр.

Жогорку органдар Тянь-Шань облусунун айыл чарба өндүрүшүндө, атүгүл райондук соода, коомдук тамактануу мекемелеринде чочко бактыра баштаган. Кудай жалгап Асанакун аке бул жагдайда да куру эмес экен. Карабүктүн сазына жакын бир короого Нарын шаарынан Зоярка деген орусту үй бүлөсү менен алып келип, 30-40тай чочко бактырыптыр, аны да көрдүк. Ошол кезде айтылып жүргөндөй "Маленков берген байталды, Хруңёв келип кайта алды" дегендей, 40 тоокко бир жылкы алмашып, тоокторду, жумурткасын көбөйтүп аткан кез. Бул чарбада 500дөн ашык тоок бар экен, күнүнө 400 жумуртка берген. Башка чарбалар сыяктуу эле мында уйларды "оорсок саадыруу" кызуу жүрүп жатыптыр, музоолор энелеринен башка багылып, өлкөдө сүт өндүрүүнү 3 эсе көбөйтүү планы бар эмес беле...

Дегинкиси, өлкөдө сүттү, этти, жумуртканы, жүгөрүнү көбөйтүү оңойго турган жок, көп жерлерге жүгөрү айдалып уйга тоют болуп атты. Эгин аянтын көбөйтүүгө карата Асанакун аке активдер менен кеңешип Нарын шаарына кире бериштеги жолдун оң тарабында кыш заводунун батыш жагында 30-40 гектар дың жерди өздөштүрүп кайрак арпа айдашты. Ошол эле жерге кырман жасатты, күзүндө түшүм мол болуп, ар гектарына 15 центерден эгин алынды. Бул ошол кездин шартында жогорку көрсөткүч эле. Алынган кызылды мамлекетке төгүштү, элге натуралай берип, тоокторго, чочколорго жем болду.

Ошол жылы ар бир чарбада түйшүктөн түйшүк көбөйүп отурду. 1952-1953-жылдардан баштап Тянь-Шань облусунун бардык колхоз, совхоздорунда апийим айдалып, түшүм алына баштады. Маленков атындагы колхоздун кыштакка жакын 20 гектар жерине жылына апийим айдалды. Андан мол түшүм алуу үчүн колхоздун башкармасы өзү баш болуп Ысык-Көл облусуна агроном, дыйкандар менен барып анын агротехникасын үйрөнүштү. Натыйжа жакшы болду. Бул дарылык өсүмдүктүн ар гектарынан 20-30 килограмм түшүм

алынып атты, жылына 300 килограмм мамлекетке өткөрүлдү. Мында иштегендерге акчалай эмгек жакшы берилип, жаңыдан үй салып аткандар тамдын үстүн шифер менен жабышты. Бул өсүмдүктөн алынган акчадан колхоздун кирешеси өстү. 1955-жылы Тянь-Шань облусу боюнча апийим магынан түшүм алуу пландагыдан 117 процентке аткарылып, 4 миллион акча кирешеси алынган экен.

Маленков атындагы колхоздо мал чарбасын өстүрүүдө, анын асыл тукумдуулугун, азык-түлүктөрүн арттырууда зор ийгиликтер жаратылды. 1955-жылы колхоз уйлардан сүт саап алууда жогорку көрсөткүчтөргө жетишип, райондун өтмө Кызыл Туусун алууга татыктуу болду. Малдын башын өстүрүүдө мурда болуп көрбөгөндөй өсүштөр болду. 1942-жылы колхоздо 5 миң кой, 150 уй, 170 жылкы болсо, 1959-жылы койлордун саны 41 миңге жетти, мамлекетке эт, сүт, жүн тапшыруунун планы жыл сайын аткарылды. Мал чарбасын өнүктүрүүдөгү зор ийгиликтери үчүн Токтоев Асанакун жетектеген Маленков атындагы колхозу республиканын Ардак тактасына илинди.

Ошол жылдары облустун, республиканын гезит, журналдарына Токтоев Асанакун жетекчилик кылган бул чарбада айыл чарбасында аткарылган иштер боюнча ай сайын макалалар чыгып, өндүрүштүн алдыңкыларынын тажрыйбасы берилип атты.

Чечилбей жаткан маселелер боюнча Токтоев Асанакун ошол кезде партиянын обкомунун биринчи секретары Исаев Мукамбетке областтык Советтин аткаруу комитетинин председатели Кулумбаев Аблийге түздөн-түз кирип, көп жардамдарды алар эле.

Ошол жылдары Асанакун аба Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп Нарын районундагы Дөбөлү шайлоо округунан 2 жолу шайланган. Ал депутат катары шайлоочулардын суроо-талаптарына карата "Он Арча" каналын курууну тездетүүгө, Ооруктам жолун оңдотууга, колхоздордун ирилешкендигине байланыштуу Нарын районундагы мектептердин жаңы курулушун, клубдарды, медициналык мекемелерди ишке киргизүү үчүн мамлекеттик бюджеттен акча бөлдүрүүнү өтүнгөн. Элдин суроо-талаптары

анын кийинки жылдарында акырындык менен аткарыла баштады.

Маленков колхозунда 1959-жылы акча кирешелери 5 миллион сомдон ашып кетти, колхозчуларга эмгек акы төлөө 1947-жылы 28 тыйындан болсо бир эмгек күнүнө кийин 12 сомго чейин жетти. Ушул айтылган ийгиликтер Токтоев Асанакун абанын айыл чарба өндүрүшүнүн табиятын ар тараптан билип,орто звенодогу кадрларды туура тандоо менен алардын жоопкерчилигин арттыргандыгы, талаачылыктын, мал чарбасынын өсүшүнө бардык шартты түзгөндүгү, эмгекчилердин жакшы иштеши үчүн материалдык жактан кызыктырууну жолго койгондугунан болгондугун жогорку органдар билип-туюп турушчу. Бир сөз менен айтканда Асанакун аба өзү жакшы иштеп, колхоздун активдеринин да жакшы иштешине жетишкен. Колхоздун чарбасын төрт тарабынан шайма-шай кылууда, селолук советтин председатели болуп көп жыл иштеген, Осмоналиев Садыбакас, карыялар, Бекбоев Осмон, Сарыкөбөнов Аалы, Асанааке, Байбураев Токтосун, Бекбоев Өмүраалы, Канашаев Сулайман, кийин колхоздун башкармалары болгон Кыдырбаев Кудайберген, Бектурганов Токторбай сыяктуу өткөн жана кийинки мезгилдерде эмгек өтөшкөн, улуу-кичүү айылдаштарына таянып, акылдашып иштеген.

1950-1960-жылдардын ортосунда Эмгекчил айылында Ата Мекендик согушта курман болгондорго архитектуралык түзүлүшү боюнча көзгө көрүнүктүү эстелик, клуб, мектептин мурунку имараты, төрөт үйү, библиотека, колхоздун административдик имараты курулду. Алардын башында Асанакун аба болду.

Мал чарбасын, колхоздун акча кирешесин өстүрүүдө көп жылы талбай ак эмгегин арнаган, бул күндө 85 жашка чыккан, жаш күнүнөн улгаюуга чейин колхоздун башкы бухгалтери болуп иштеген Шаменов Төрөгелдини, колхоздун комплекстүү бригадасынын бригадири, партиялык уюмдун секретары, кой ферма башчысы болуп 30-40 жыл иштеген Алиев Кыдырмышты эли-журту баалашат. Бул айылдагылар туулган жеринен, мектептен, үй бүлөсүнөн жакшы тарбия-таалим алышкан жана ар кыл даражаларга жетишкен окумуштуулар

менен сыймыктанышат. Алар Үсөн Асанав – Кыргыз Илимдер Академиясынын академиги, Касымбек Тазабеков-медицина илиминин доктору, Жумадил Бактыгулов-тарых илимдеринин доктору, Кыргыз Мамлекеттик Искусство Институнун ректору болгон Асанбек Асакеев, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти Асанбек Кыдырназаров, санжырачы, драматург Мукаш Найманбаев, чыгаан азаматтар Бектурганов Токторбай, Казыбек Деркенбаев жана башкалар Асанакун абанын тарбиясын көрүшкөн десек жаңылыштык болбос.

Токтоев Асанакундун эли-журтуна, мамлекетке, өзү өнүп-өскөн коомдук түзүлүшүнө зор эмгеги бааланып, өз мезгилинде эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордени, көптөгөн мамлекеттик медалдар, Кыргыз ССР Жогору Советинин Ардак грамоталары менен сыйланган, СССРдин айыл чарбасынын мастери, отличниги наамына ээ болгон. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин, партиянын Тянь-Шань обкомунун мүчөсү болгон.

Бул сыяктуу эл, партия, өкмөт баалап-барктаган кадырман, калкынын ата уулу болгон Асанакун абабыз 1994-жылдын январь айында 81 жаш курагында жарык дүйнө менен кош айтышты. Асакем келбеттүү, көзгө токтомдуу, жагымдуу, салабаттуу, сабырдуу, тарас бойлуу адам эле. Ушундай, келбетинде айылында күмбөзү орнотулду, некрологуна облустун жетекчилери кол коюшуп, жаркын элеси биздин жүрөгүбүздө түбөлүк сакталат деп белгилешти.

Асанакун аба жаш күнүнөн эле жакшы ата, сөөлөттүү, бактылуу үй бүлө, аял, бала-бакыраны тилеген, мындай ой-максат ар кимде болот эмеспи. Максат менен соккон жүрөк, дөөлөт, бакыт менен өмүр сүрөт болуп Асанакун аба жакшы жерден билимдүү, билгиликтүү жарга туш болду. Уул-кыздардын энеси Шейшемкан эжеге 1945-жылы үйлөнгөн, көлдүк Пржевальск шаарындагы педагогикалык окуу жайын бүтүп, Эмгекчилге мугалим болуп иштеп калганда туш болуптур.

Абанын арты жакшы болуп, уул-кыздары ата даңкын чыгарышкан акыл-эстүү, эл аралаган адамдар болушту. Уулдарынын улуусу Темиркан азыр "Теңир Тоо" гезитинин башкы редакторунун орун басары, Эсенкан болсо азыр

мектептин деректири, абанын кыздары Темир педагог, жогорку билимдүү, Күлбүбү Чүйдө врач-терапевт.

Азыр Шейшемкан эже уул, кыз-келиндеринин, неберелеринин сый-урматында, Асанакун абанын салган тамында, өзү жасаган ак өргөөсүндө тукумдарынын эсен-соолугун, өмүр бактысын, өзүнө ыйман тилеп улгаюунун ырахатын көрүүдө.

**Шаршек Мусабеков,**
**эмгек ардагери, калемгер.**
**"Теңир Тоо" гезити**
**23 – декабрь, 2003 – жыл**

## Эмгек ардагери Шаменов Төрөгелдинин макаласынан

Мен мугалим болуп иштеп жүрүп чарбалык ишке 1946-жылы келдим. Бул кезде колхоз жокту, барды, согушту башынан өткөрүп, телчигип калган маал эле. Анда азыркыдай толтура актив-зоотехник, мал догдур, агроном деген жок болчу. Колхоздогу бардык кыймыл-аракетке чарбанын ошол кездеги башкармасы Асанакун Токтоев экөөбүз эле баш – көз болоор элек. Ал: "Тигиндей кылалы, мындай кылалы" -, деп элдин башын бириктирип, ишти уюштурат. Мен эсепчимин. Колхоздун ыгым-чыгымын, түшкөн кирешесин эсептеп турам. Согуш алааматынын кесепети тийип, далай солкулдаган эр бүлөлөрдөн ажырап, колхоздун экономикасы бир кыйла төмөн эле. Ошого карабай, ат соко, буурсун менен аңыздарды аңтарып, ала жаздан элинин курсагын тойгузуунун камын көргөн жердештеримдин мээнетине, эрдигине ыраазымын. Мен билгенден 1960-жылдын аягында колхоздо 41 000ге чугул кой, 8 000 уй бар эле. Алардын азыктуулугу артты, мамлекеттик заказдар аткарылбай калган жылдар болгон эмес. Эмгек акы төлөө жылдан жылга өсүп отурду. Бир эмгек күнгө 1947-жылы 28 тыйын болсо, элүүнчү жылдардын аяк ченинде 12 сомго чейин жетти. 1959-жылы колхоздун кирешеси 5 миллион сомдон ашып кеткен.

**"Теңир Тоо" гезити 1992-жыл, 19.XII**

# Туугандары жана балдары эскерет

*Кыргыз элинде туугандар менен мамилени чындап сый мамиледе болуу илгертеден бери жазылбай келген мыйзамдардан эмеспи. Биздин Ислам динибизде да: "Ким тууганын жардамында болсо, Аллах Таала мен анын жардамындамын"-, деп айтылганы жөн жерден эмес. Ошол сыңары чоң атамдын кандай тууган болгондугу, аталык милдетин кандай аткаргандыгы төмөнкү адамдардын эскерүүлөрүндө келтирилди.*

## Эл-журтту бириктирди

Токтоев Асанакун 1913-жылы туулган. Биздин кызылтас уругунан чыккан чыгаан советтик партиялык кызматкер болуп көп жыл иштеген. "Эмгекчил" колхозуна башкарма, анан Кыргыз ССР Жогорку Советине эки жолу депутат (1955-1963-ж.ж) болгон. Ушунчалык таза иштеген, эл дегенде, жер дегенде, ичкен ашын жерге коюп, күнү-түнү иштеген, өзү да иштеп, элди да иштетип, айрыкча согуштан кийинки оор жылдарда "Эмгекчил" элин бат эле оңолтуп салды. Элдин курсагы данга тоё баштады. Мына ошентип, анын кадыр-баркы өсүп турганда, эл-журтту бириктирди. Кызылтас уругу көп жыл илгери Ысык-Көлдөн ооп келгенден кийин экиге бөлүнүп, теңи "Эмгекчил" айылы, мурун "Мазар" деп койчу экен. Ошол айылда калды. А андан калган теңи жогорку "Ак-Булуң" айылына кырк үйлүү, кызылтас тукуму көчүп кетишет. Эмне себептен туугандар ажыраШты, ар кандай айтылат. Ким билсин, бирок согуш эмнени кылбады. Эки жактан тең балдары согушка кетип, кара кагаз көп келип, өлүм-житимдер да көп болуп турбадыбы. Эки бир тууган эл жаманчылык, жакшылыктарда катташпай калды. Кээ бир туугандар Көлгө кете баштады. Көлдөн кээ бир туугандар Нарынга кайра оой баштады. Ошентип эки тууган кызылтас эли айла кетип, муңкүрөп турган кезде Асанакун Токтоев башкарма болду. Кол сунду: "Эй, туугандар, качанкыга чейин ушинтип жүрө беребиз, келгиле "Эмгекчил" айылына . Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып оокат кылалы. "Эмгекчил" айылынын жери кенен. Силерге да, бизге да жетишет. Түз эмгек кылсаң, буудай, арпа деген киши бою чыгат. "Солтон-Сары", Көк Торпоктой" жер барбы. Канча мал болсо да батат. Туугандар, аттуу, баштуу кишилер кайтыш болсо да топурак салышпай калдык. Келгиле, көчүп келгиле, жардам беребиз. Там-тарак, короо-жай курууга дагы милдеттүүбүз"-, деп чакырып калды.

Айтса-айтпаса төгүнбү деп, жогорку туугандар Ак-Булуңдан акырындык менен "Эмгекчилге" көчүп келе башташты. Биз атабыз Тазабек, агасы Деркенбай, анын балдары Отунчу, Асан, Мукаш болуп 1947-1948-жылдар болсо

керек, "Эмгекчилге" көчүп келдик. Анда мен Нарындагы Токтогул орто мектебинде 8-9-класстарда болсом керек эле.Жайкы каникулга айылга келип орок ормой. Трактор, комбайн деген үч уктаса, түштө жок, бүт кол менен. Ошол кезде мени менен орок орушкан Коёнбай, Көккөз, Шаабан,Сабыр дегендер нормаларын эки-үч эсе аткарган ударниктер эле. Биз да үйрөндүк орок оргонду. Түштө тамак алып келип берет. Бир кишиге бар жапкан нан. "Башкарма Асанакун келатат"-, дегенде эс алуу жок, ар ким иш үстүндө. Ошентип "Эмгекчил" колхозу бат эле оңолуп кетти. Бул болсо Токтоев Асанакун байкебиздин эмгеги болсо керек. Бул киши Советтер Союзунун чарбасынын отличниги, эки жолку "Эмгек Кызыл Туу"орденининин ээси, көп медалдар менен сыйланган.

**Касымбек Тазабеков, КР нын Саламаттык сактоо министрлигинин отличниги, жазуучу, тууганы**

**Эскерүү К.Тазабековдун "Кылчактап карайм өмүргө" китебинен алынды.**

## Бакыттын тең салмактуулугун сактаган кыраакы киши эле

Өз доорунда элине белгилүү из калтыргандар, булар – улуу адамдар эмеспи. Кыргыз эли адамзатка тарыхта аты калган далай чыгаан, улуу инсандарды берди. Ушул инсандардын катарында менин чоң таякем Токтоев Асанакун да болгон. Менин энем Сүйүнбай кызы Уулкандын бир тууган таякеси, мен Дүйшөнбүбү чоң таякемдин киндик кызы. Менин экинчи атам десем жаңылышпайм. Анткени менин эне-атам төрт баласын жерге бериптир, анын баары эркек болгон экен. Бешинчи болуп мен төрөлгөндө ырымдашып мени Асанакундун кызы деп, атымды Дүйшөкан деп эркекче коюп ырым-жырымын жасашкан экен. Менден кийин дагы бир кыз, экөөбүзпүз. Кичинебизден таякемдин балдары менен аралашып бирге чоңойдук. Улуу кызы Темирбек энемди абдан жакшы көрчү эле. Биз барганда "Алдыңа кетейин, эжекем"-, деп энеме эркелеп келсе, "Эми муну Асанакун укса эмне дейт? Кой,

антип сүйлөбөчү"-, десе да болчу эмес. Мени таң калтырган нерсе, кийин мен турмушка чыгып, биринчим кыз, экинчим эркек төрөлдү. Ушул экинчи балам Асанакун таякеме аябай окшош. Эсенкан менен Темиркандын жанында турса, таякемдин үчүнчү баласындай. Аты Жаныбек, тоо ресурстары боюнча кандидат болгон. "Эр тайын тартат"-, деп ата-энем сүйүнүп калчу.

Кичинекейибизде эшикте ойноп жүрүп үйгө ызылдашып кирип калсак, апабыз Шейшемкан: "Акырынгыла, Асанакун эс алып жатат"-, деп калчу. Таякем келгенде тамак ичип, анан 20-30 мүнөт эс алып кайра ишине кетчү.

Таякемдин мүнөзү токтоо, сүрдүү, көп сүйлөбөгөн, манап сындуу киши эле. Өмүрлүк жары апабыз Шейшемканды, балдарын эркелеткени да башкача эле. Небереси Кубанды биз барганда чакырып алып: "Кана, конокторго айтып берчи, биз Шейшемкан апаңды кантип алдык эле?"-, десе. Кубан: "Апам анда сулуу экен, бантиңкесин майлап кийип, чачын эки бөлүп өрүп, бетине бетмай сүйкөп, мугалим болуп жүргөндө атам жактырып алып алыптыр"-, деп бизге тамаша салып күлдүрчү эле.

Таякем балдарынын адептүү болуп өсүшүнө чоң салым кошкон. Экинчиден, жоро-жолдош, туугандар, кудалар менен мамилеси абдан жакшы эле. Үчүнчүдөн, таякем бакыттын тең салмактуулугун сактаган кыраакы киши болчу. Шейшемкан апабыз үй-тиричилигин, меймандарды тосууну, уюштуруунун баарын өзү тейлеген. Таякебиз ага ишенип, эч нерсеге кийлигишчү эмес. Таякемдин жакшы көргөн тамагы пельмен болгон. Конокко чакырганда ар дайым таякемдин сүйүктүү тамагын жасачубуз. Мен студент кезимде каникул мезгилинде энем учурашып кел деп таякемдикине мени да ала барчу. Бизди жакшылап коноктоп, сыйлап, мага 1000 сомдон акча берчү эле.

Таякемдин басып өткөн жолдорун, иштеген иштерин эскере турган болсом, доор өзгөрсө эле тарыхты бурмалабай, бир беткей карабай, болгонун болгондой көрсөтүүгө аракет кылдым жана аракет кыламын. Беш кол тең эмес. Ар бир мезгилдин жаман жагы толтура. Ошондуктан тарыхты



*Чоң атабыз Кисловодск курортунда*



*Энеси Бубуш (Сыпаа)*



*Иниси Асанберди. 1941-ж*



*Ортодо энеси Бүбүш, колундагы кызы Темир, оң жактагы жубайы Шейшемкан, сол жагында жеңеси Турсунбүбү. 1950-ж*




*Кыргызстан КП (бнын) V съездинин делегаттары менен*



*Кайнатасы Коңурбай*



*Асанакун ата,*
*Шейшемкан апа,*
*уулу Темиркан,*
*кайниси Оторакун жана*
*балдызы Жумакан*




*Атабыз, апабыз, кайнилери Оторакун, Карыпакун, уулу Темиркан жана кызы Гүлбүбү 1969-ж*



*Шейшемкан чоң энебиз балдары менен жана айдоочусу Сабыр. 1958-ж*



*Бүткүл Союздук айыл чарба көргөзмөсү, Москва шаары. 1956-ж*



*Атабыз, айдоочусу Аманжол жана Асанбек. 1955-ж*



*А. Токтоев салган клубдагы иниси Жаналиев Мамыркулдун 60 жылдык маараке чогулушунда. 1986-ж*



*Апабыз, уулу Эсенкан, келини Марипа, неберелери: Марат, Нурзат, Жанарбек жана Нурбек менен. 1982-ж*



*Атабыз салган мектептин ачылышында. 1956-ж*



*Үй бүлөсү менен. 1964-ж*



*Апабыз иниси Орозакун, кызы Темир менен. 1952-ж*



*Агасы Асанаалы, уулу Болот, келини Гүлнар небереси Жаныш*



*Неберелери: Нурзат, Нурбек, Бекзат, Бермет менен. 1986-ж*



*Иниси Коёнбай, жубайы Батима*



*Атабыз, апабыз, уулдары жана небереси менен. 1992-ж*



*Уулу Темиркан XX жайкы Москва Олимпиядасына барганда. 1980-ж*



*Атабыз, уулу Темиркан, келини Роза неберелери менен. 1992-ж*



*Агасы Асанаалынын уулу Рыскул, кызы Жумабүбү*



*Жээни Дүйшөк*



*Жээни Накен, жолдошу Акимаалы*



*Уулу Эсенкан АКШ, Вашингтон*



*Небереси Сымбат, улуу жазуучу менен*



*Уулу Темиркан, келини Роза, небереси Айдин*



*Уулу Эсенкан ажылык сапарда*



*Кызы Темир, күйөө баласы Шермамбет үй бүлөсү менен*



*Күйөө баласы Таалай, кызы Гүлбүбү, балдары Мирбек, Максат, келини Айзада, неберелери Элхан Нурхан менен*



*Эсенкан үй бүлөсү менен*



*Эсенкан иниси төкмө акын Жеңишбек менен*



*Небереси Урмат, келини Назгүл балдары Айдай, Айжан, Кутман менен*



*Небереси Раушан балдары Айганыш, Билал менен*




*Небереси Нурзат, жолдошу Максат, балдары Зулайда, Дильназ, Аманбай менен*



*Небереси Жылдыз, жолдошу Кубанычбек, балдары Эльвира, Адиль менен*



*Небереси Нурбек, келинчеги Айгүл балдары Сажида, Аделия, Азирет менен*



*Небереси Бекзат, келинчеги Салтанат балдары Хадижа, Эмир менен*



*Небереси Бермет, жолдошу Эрлан балдары Бекназар, Адеми менен*



*Небереси Жайдар, жолдошу Асылбек уулу Айтегин менен*



*Неберелери: Чыңгыз, Жазгүл, Чолпон*



*Небереси Сымбат Президенттик Стипендия тапшыруу аземинде*

ылайлап тебелеп, аталарыбыздын өмүр-жолун, мээнетин жокко чыгарбаш керек. Төбөсү көрүнгөн инсандардын кэпчүлүгүнүн жасаган эмгеги бааланбай келет.

Токтоев Асанакун жөнүндө сөз кылсак, кыргыздын улуу, чыгаан уулунун басып өткөн жолун элестетет. Улуу Ата Мекендик согуштун өртү алоолонуп турган кезде таякемдин уюштургуч, сергек сезимдүүлүгүн баамдаган жердештери башкармалыкка чейин көтөргөн экен да. Кыйын кезеңге карабастан, Асанакун таякемдин билгичтигинин, кыраакылыгынын натыйжасында колхоз бир катар ийгиликтерге жеткендигин тарых тастыктайт. Мындай эл үчүн иштеген ак ниет адамдын эмгегин кандай болгон күндө да эл барктайт деп ойлойм. Дегеним, таякем каза болгондо элдин кайгысы, ал жөнүндө айтылган жакшы кептер, чынында элдин жүгүн аркалаган инсан эч качан унутулбайт экендигине далил. Токтоев Асанакундун жаркын элеси ар дайым биздин эсибизде.

**Дүйшөк КИДИКОВА,**
**жээни**

## Адамдын айыбын ачпаган айкөл болгон

Токто уулу Асанакунду мен бала кезимден бери, тактап айтканда, 6 жашымдан бери тааныйм. Эмгекчил колхозун миллионер колхоз кылган, экономикасынын өнүгүшүнө барандуу салым кошкон башкарма эле. Нарындын бир да айылында оок багыла элек мезгилде биринчилерден болуп бактырып, этин мамлекетке төгүп, жүнүн жаздык жасоо үчүн швейный цехке өткөрүп иштин жолун билген чебер адам болгон. Асанакун акасакалдын атасын мен көргөн жокмун, ал бий болгон киши экен. Кыргыз элинде "Туугандуу бийде ыйман жок, ыймандуу бийде тууган жок"-, деген накыл сөз бекеринен айтылбагандай эле, аккан арыктан суу агат болуп Асанакун абам жалпы айыл тургундарына өзүнүн калыстыгы менен жаккан эл адамы болгондугу талашсыз.

Согуш учурундагы кыйын кезеңде жетим-жесир, бей-бечараларга кайрымдуу башкарма болгондугун көзү өтүп кеткен аксакалдардан уккан фактыларым бар. Нарын

райкомунан конторго келген уполномочендерге: "Силер контордон эмнени текшересиңер, чарбага барып туутту көрүп, эгин оргон жерге барып чөптү көрүп жардам бербейсиңерби"-, деп айтчу экен.

Эгин тартыш мезгилде дан уурдоо күч алган. Ошондо түнкү күзөткө Асанакун абам да чогуу чыгып текшерчү экен. Бей-бечаралар ачка болуп кампадан эки-үч кап эгин уурдап баратып текшерүүчүлөргө кокус кезикkенде башкарма шаардык уполномочендердин алдында тигил уурдаган адамга: "Ай сен кандай немесиң, эртерээк албайт белең кампадан, муну жаргылчакка тартып нан жасап кырманчыларга алып барганга жетише албайсың. Алар ачка калса, таарынбагыныҥ"-, деп айыбын жаап куткарып жиберчү экен.

Согуштан кийин калктын абалы абдан начар эле, жаңыдан гана баш көтөрүп, бир бөлмөлүү үй салып баштаган. 1956-жылдары Эмгекчилге Жумай деген агам менен барганда жалаң эки бөлмөлүү чатырчалуу үйлөр пайда болуп калыптыр. Ошол мезгилде Нарын шаарынын өзүндө да чатырчалуу үйлөр жок эле. Көрсө башкарма элге ссуда берип там салдырыптыр. Жетекчи элдин байлыгына кол салбаса, мамлекет сөзсүз оңолоруна жогорудагы айтылгандар далил. Маленков бийликте турган убакта малдын баасы аябай арзандаган, койлор 300, жылкылар 1000 рублга араң өтчү.100 тоокко бир жылкы алмашылып калган учур эле. Ошол кезде Эмгекчил колхозу миллионер колхоз болгон. Бир дагы колхоз мынчалык бай болгон эмес.

Жекше аксакалдын айткандарын угуп калдым. Бул киши Эмгекчилдин өйдө жагындагы 3 гектар жерге эгин айдаптыр. Арпа жакшы чыгып, оруп аларында Асанакун абам келип: -"Ай Жекше, сен эгиниңди өзүң оруп албагының. Колунда жок жетим-жесирлер келип ушул жерден оруп, бөлүп алышсын. Мен сага жериңден канча эгин чыкса, кампадан эле түшүртүп берип коём. Элдин да батасын аласың"-, дептир.

Асанакун абам шаарга балдарын окууга өткөрүп келгенде ар дайым агам Асанбек Кыдырназаровдун үйүнө токтоор эле. Уулдары Темиркан, Эсенкан, кызы Темирбек да ошол агамдыкында жашап билим алышты. Экөө бир туугандай ынак

болуп, өмүрүнүн акырына чейин жакшы катышып жүрүштү. Биз окуп жүргөн куракта калаага келип калганында бизди ресторанга алып барып, көчөгө алып чыгып эс алдырганы азыр да көз алдыма элестелет. Мен үйлөнгөндө Асанбек агам менен бирге кудага барган.

Бул инсан өзүнүн жогорку даражасына карабастан, кичинекей баладан баштап өтө сылык мамиле жасаганы анык. 1960-жылдары Исаевдин тууганы делип жумуштан кетти. Ал убакта Тыпыш аке уйдан растрата болуп, Москвадан бери текшерүү келип башкарманын үйүнө чейин караган. Ошондо бир жеген-ичкенин кармаган жок. Бир гана Волгасынын отургучунун алдына 2,5 кг тыбытты салдырган экен, сөктүрүп алдырып бериптир. Бул тыбытты да мыйзам чегинде документ менен алган экен. 20 жыл башкарма кезинде бир гана чийки кыштан там салдырды. Башка эч бир дүнүйө жыйган жок. Бир да адамды каматпай, алардын абийирин жаап койгондугу Асанакун абамдын айкөлдүгүнөн деп эсептейм. Эмгекчил колхозу Асанакун абамдын гана башкарган мезгилинде миллионер колхоз боло алган, абамдан кийин колхоздун байлыгы чачылып, башка айылдар сыяктуу эле дотацияда жашап калган.

Башкармадан түшүп айылда почтанын жетекчиси болду. Ошол мезгилде биздин туугандардын башын бириктирип, жакшылык, жамандыкта баш-көз болуп тейлеп, элге акыл насаатын айтып жүрдү. Артында жакшы сөз гана калды. Эч кимге зулумдук кылбаган, кишиге тик карабаган момун адам эле. Атасы бий болгондуктан, татыктуу тарбия алып, өзүндө да жакшы мүнөз калыптанган тубаса жетекчи болгон десем жаңылышпайм.

**Шүкүрбек ажы ЭСЕНКОЖОЕВ,**
**тууганы**

## Туугандардын биримдигин кармап турчу

Асанакун абамды мен эс тартканда 1958 - 1959 – жылдары сүрөттөн көргөм. Биз ал убакта азыркы Үч-Нура айыл

өкмөтүнө караштуу Ак-Булуң айылында жашачубуз. Ошол жылдарда Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына талапкерлердин сүрөттөрү айылдагы жолдун жээгиндеги үйлөрдүн сыртында илинип турчу. Мен ал убакта тамга тааныбагандыктан атам Жунушалыдан сурасам, "Бул атаң биздин жакын тууганыбыз болот, астындагы жазылган ошол атаңдын элине сиңирген эмгеги жөнүндө баяндалат. Ошол зор эмгегин эл баалап, республикага депутаттыкка көргөзүп жатышат"-, деп сыймыктануу менен айтып берген. Мен дагы ал сүрөттү көтөрүп алып өзүм теңдүү кичинекей балдарга "Бул киши биздин жакын тууган"-, деп мактанчумун. Анткени Асанакун абам Эмгекчилде жашагандыктан, ал балдар ал кишини көргөн эмес. Ошол мезгилде шайлоо чоң шаан-шөкөт менен өтүчү. Эсимде атам Жунушалы, апам Рапия шайлоо күнү майрамдагыдай кийинип алышып, эртең менен эрте ат менен барып, Асанакун абама шайлоодо добуш берип аябай кубанычта келишкен.

Асанакун абам Эмгекчилде райондогу алдыңкы башкармалардан болуп туруп, Ак-Булуң айылы келечекте ирилештирүүгө туш болуп каларын билип жана туугандардын чогуу жашашы керектигин туура көрүп, бизди 1960-жылы жазында Эмгекчил айылына көчүрүп келген. Жүк ташууга эки машина жиберген. Ошол эле жылы айылдын четинен жер бөлүп берип, колхоздун устасы, өзүбүздүн тууган Токтобек байке жана башка усталардын жардамы менен үч бөлмөлүү үй курууга чоң салымын кошкон.

Кийин жумуштан түшкөндөн кийин деле туугандардын (кызыл таздардын) толук кандуу башкармасы болуп, бардык жакшылык, жамандыктардын башында туруп, өз деңгээлинде калыстык менен тейлөөчү. Эсимде жамандык болгондо туугандарды чогултуп жыйналыш өткөзүп, үйлөнгөн жаңы үй бүлөнү катарга кошуп, туугандар арасында мамилени чыңдоого акыл-насаатын айтуучу. Айылдан сырткары жашаган туугандарды үзбөй катышып турууга үндөп, "Кошумчаңардан топурак салганыңар пайдалуу"-, деп айтаар эле. Ал убакта азыркыдай байланыш жок, ошондуктан сыртта жүргөн туугандардын, бөлөк жакка турмушка чыккан

кыздардын, алардын кайындарынын, ошондой эле келиндерибиздин төркүндөрүнүн толук дареги абамда болор эле. Мен үйлөнгөндө атамдын ден-соолугу ачуу басарга барууга жарабагандыктан, абам өзү куда башы болуп барып, кайынжуртумдун ачуусун басып келген.

"Атын атаса, куту сүйүнөт" дегендей колхоз уюшулгандан бүгүнкү күнгө чейин айылды башкарган жетекчилердин эң эле көп кызмат кылганы Асанакун Токтоев экендигин эч талашсыз айтсак болот.

**Муканбай КУРМАНКОЖОЕВ,**
**"Кыргыз Айыл Көмөк" АКнын**
**деректирлер Кеңешинин төрагасы, тууганы.**

## Асанакун атам менен сыймыктанам

Биз Асанакун атамдын уулу Темиркан экөөбүз бир курбу болуп чогуу жүрдүк. Үйлөрүбүз да бир көчөдө болгондугуна байланыштуу мен бул кишилердикине көп барчумун. Башкарма болгондон кийин үйүнөн конок үзүлчү эмес. Темиркан экөөбүз келген аттуу-баштуу адамдардын түбүн далай ирээт татып калдык. Асанакун атам өзү орто бойлуу, беттеринде чечектин тагы бар сүрдүү киши болчу. "Токтоев келатат"-, дегенде кичинекей болсок да сезип турчубуз. Тууган болгондуктан бул киши менен сыймыктанар элем. Жогорку Советке депутат болду, обкомдун бюросунун мүчөсү экенин билчүмүн. Негизи кызыл таз туугандардын жарымы Көл тарапта турчу экенбиз. Кийин ар кайсы жерге тарап, Ак-Булуң, Ийри-Суу, Ждановко чейин барыптыр. Асанакун атам Бети Каранын талаасын жакшы жер экен деп кызыл таздарды айылдын чет жакасына алып келиптир. Апабыз дагы ушунчалык мээримдүү, туугандар менен жакшы карымкатышта болгон адам эле.

**Бектемир МУКАНБЕТӨМҮРОВ,**
**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңиргенврачы,**
**Улуттук Госпиталдын нейрохирургия**
**бөлүмүнүн башчысы, тууганы**

## Эжем экөөбүздүн таянаар тирегибиз болчу

Таякем менен тажеңем ата-энемдин ордун баскан кишилер эле. Эмгекчилде окуган кезимде бир күнү Нарынга каникулга барып кайра келсем, таякем туруптур. "Тажеңем каякта?"-, десем, "Тажеңеңди төркүнүнө кетирдим, Көлгө"-, дегенде, аябай ыйлап жибердим. Мени сынап, тамашалап жатыптыр. Энем кеткенсип ушунчалык жаман болдум. Таякем балдарына дегеле катуу сүйлөчү эмес да, бирок бардыгы сезденип, сүрдөп турушчу. Сүйлөгөндө да үнү катуу чыгарбай, бир тон менен сүйлөчү, бирок балдары ушунча тартиптүү болчу, чымындын үнү угулар эле. Азыркы ата-энелерде андай тарбия жок. Тажеңем: "Атаң келеатат"-, дегенде бардыгы зымырайып, өзүнүн милдетин аткарып отурчу. Чындыгында эжем экөөбүздүн таянаар тирегибиз болчу ал киши. Ар дайым өзүнүн жардамын берип жүргөн. Ал эми энем экөө абдан жакын кишилерден эле. Асанакун дегенде энем ичкен ашын жерге койчу, ушунчалык биз үчүн урматтуу адам болгон.

**Накен КИДИКОВА,**

**жээни**

## Жаман жактарын эч ким көргөн жок

Атасы Токто эрте эле кайтыш болуп калган. Чоң энем Сыпаа (Бүбүш) жайында Мазардын башында малдарын бакчу, мен жанында караан болчумун. Өзү токтоо, сымбаттуу, сулуу, орундуу сүйлөгөн ушунчалык жакшы адам эле. Мен 13-14 жаштамын. Атам согушка кетип дайынсыз болуптур. Сыпаа чоң энем менин энем Сакейге: "Жайлоого чыгат элем, жалгыз болуп атам"-, деп сүйлөшүп мени жанына алып алыптыр. Колубузда 2-3 уй, 20дан ашык кой кармачубуз. Боз үйдө жашадык. Ал эми кыштакта Сыпаа чоң энем, Асанаалы, Асанакун акемдер болуп чогуу турчубуз. Сыпаа чоң энем өзү окубаса да, менин окуугa баруума биринчилерден болуп багыт

берген. Көзү өткөнгө чейин мага камкордук кылып, акыл кеңешин айтып, тарбия берген Сыпаа чон энем эле. Бул киши абдан боорукер, жароокер адам катары менин эсимде калды. Энемдин уулу Асанакундун келинчеги Шейшемкандын боюнан токтобой калгандыгына байланыштуу жайлоодон келгенден кийин деле мен чоң энемдин, Асанакун байкемдин үйүндө биротоло туруп калдым. Шейшемкан эжем мугалим болуп иштейт, мен окуучумун. Ошентип үйдөн да эжемен жазууну, окууну үйрөнүп, сабатсыздыгымды жойдум. Үйгө конок көп келгендиктен, эжемдин колу бошобойт. Ошентип кийин пландарын мага жаздырта баштаган. Байкем балага өтө назик, жаарокер эле. Бала үчүн бардык шартты түзүүгө аракет жазап турчу. Байкемдин Эликбаш деген келбеттүү аты бар эле. Ошол атын мен чоңойгон кезде да сени тебет деп токуттурбай, ар дайым өзү токучу. Атты абдан жакшы көрүп, жакшы кармаган адам эле.

Мектепти аяктагандан соң педучилищеге тапшырып өтүп кеттим. Каякта жашайм деген маселе болуп калып, байкем: "Жатаканага турбай эле, Исанын үйүндө тур"-, деп мени ага табыштап, азык-түлүктү такай жеткирип, барган сайын акча берип, эч нерседен кем кылган жок. Жаңы студент болгондо байкем батинке алып бергени эсимде. Айылда балдардын баары эле чокой кийчү. Ошентип батинкеден уламбы түз басып калдым. Мен 3-курс болгондо өз энем Сакей сокур ичегиден өлүп калды. Ошентип биротоло Асанакун байкемдердин үйүндө жүрүп калдым. Шейшемкан эжем да абдан жакшы адам эле, боорукер, ачык- айрым, кишиге жаман санабаган. Окууну бүткөндө Чаткалдагы Айгыржал орто мектебине чектелдим. Мен аякта 1 жыл иштеп Нарынга келгенимде Асааналы акемдин Кыдырмыш деген аябай тың кыйын баласы бар эле, ал кайтыш болуптур, Сыпаа чон энем да өтүп кетиптир. Бул кабарды угузганда катуу кайгыга баттым. Көп өтпөй солдатка кеттим. Кызматты аткарып келгенде байкем китепканага Термечиктин ордуна, аны башка кызматка көтөрүп мени орноштуруп койду. Демек, мен эмнени айткым келет, байкемдин мага өз баласындай каралашып, турмушка жол көрсөтүп, жардам бергени анын

адамкерчилигинин, боорукерлигинин, кең пейилдигинин далили.

Нарын районунда иштеген Кыдыр деген милиция бар эле. Ал кезде эгин тартыш болгондуктан, көбү колхоздун кампасынан уурдаган учурлар көп болду. Кыдыр айылга келиптир дегенде эле элдин баары дан-эгиндерин катып калат. Бир күнү милиция Кыдыр, байкем, мен болуп жолдо ат бастырып баратсак, ошол кездеги кырманчы чоң өгүзгө эгинди учкаштырып келатыптыр. Ошондо байкем кырманчыны тигил милициянын көзүнчө: "Эмне үчүн айылдын эгинин кеч алып келатасың"-, деп урушуп калды. Көрсө мен кийин уксам, ал киши эгинди өзүнүн кызычылыгы үчүн жүктөп келатыптыр да, а байкем болсо тигил милициянын көзүнчө уурдап келатканын жашырып, айыбын жааптыр.

Элдин жакшы жашоосу үчүн кам көргөн патриот адам эле. Дүнүйө жыйганды жакшы көрчү эмес. Айылдын башкармасы болуп иштеп жүрүп да үй салбастан, агасы менен чогуу бир тамда ынтымактуу жашады. Өзү бирөөнөн такыр эч нерсе алчу эмес. Жумушка кетип баратып мага: "Кимдир бирөө бир нерсе алып келсе, албагының"-, деп ар дайым эскертип кетчү. Чындыгында ал кезде байкемдин ыраазы кылгысы келип, кой, кымыз алып келгендер көп. Кээ бирөө байкем алба деген, мени тилдейт дегениме карабай, "Мен байкеңе айтып койгом"-, деп таштап кетчү. Ошондо байкем: "Сени алдап таштап кеткен турбайбы"-, деп, сойдуруп кошуналарга таратып берчү. Демек, бул киши өтө чынчыл, токпейил, эл баккан адам болуптур.

Биздин айыл мурун "арызчыл колхоз" аталып, айыл ичинде бири-бири менен каршылашып, арызданышкандар да көп болгон. Бирок, мындай жат көрүнүштөргө карабастан, байкем бир да кишини кестирген жок, бул кишинин жамандыгын эч ким көргөн жок десем жаңылышпасмын. Ошол үчүн көптөгөн жакшылык, береке, ийгиликтер Нарын шаарына жетпей биздин айылга кирип турду. Ак Булуңдагы таздарды айылга алып келип, там салып берди. Малга ыңгайлуу Карабүктү колхоздун курамына кошту. Менин билишимче, байкем мурун арызчыл колхоз аталган айылыбызды Эмгекчил аталышына, үлгүлүү колхоз болушуна түздөн-түз салым

кошкон. 4-класс билими болгондугуна карабастан, эсепти да укмуш билген киши эле. Ар дайым акыл калчап иш кылып гумандуу инсан болгон.

Үйдөн такыр конок үзүлчү эмес, кадыр-барктуу адамдар көп жолу сый көрүштү. Ал кезде чоңдор коньяк ичишчү. Бирок, байкемдин ичимдик ууртаганын такыр көргөн жокмун. Бир жолу Жогорку Советтин председатели Кулатов конок болуп: "Асанакун, сен бизге уу берип атасынбы, же суу берип атасыңбы билбейбиз, кана өзүң да ич"-, деп кыйнап калды. Байкем макул болуп эле, алып жиберди. Бир аз убакыт өтүп эт тартылганы жатканда байкем сыртка чыгып оозундагы коньякты чыныга төксө болобу, кымындай да жуткан шараптан кемибептир, андан да кызыгы кантип билгизбей оозунда сактап турду дейм да.

Байкем чыгаан башкарма болгон үчүн эки жолу Жогорку Советке депутат болду. "Аккан арыктан суу агат"-, дегендей балдары да байкемди уят кылган жок, татыктуу тарбия алып, өз коомуна салым кошуп келүүдө. Ал эми мага да өз баласындай мамиле кылды, байкемдин катуу айткан бир да сөзүн уккан жокмун. Менден кийин тун кыздуу болгондуктан, эжем экөө тең мени ак жолтойлуу дешип жакшы көрүшчү. Байкемдин байбичеси мектепте деректирликке чейин көтөрүлгөн, бирок үйгө көп конок келгендиктен эжемди иштетпей койгон. Элдер мени: "Башкарманын баласы"-, деп айтышчу. Бир жолу кыштактын четинде суу алып аткан тепилдеген кызды байкем мага ылайыктап коюптур. Ал кыз Ат-Башынын райкомунун биринчи секретарынын карындашы экен. Бир сапарда байкем Ат-Башыга барып тигил райкомунун секретары менен тааныш болгондуктан, карындашын биздин айылдагы үйүнө ала кетишин сураныптыр. Ушул абалды байкем ыңгайлуу деп эжеме айтып кызды үйүнө алып барбай эле биздин үйгө алып келген. Ошентип мага аял таап берип үйлөндүргөн да байкем болгон.

**Коёнбай СУЛАЙМАНКУЛОВ,**
**иниси**

## Камкор ата болгон

Атам жөнүндө айтсам сөз түгөнбөйт. Биринчиден, үй бүлөсүнө камкор, баарына өзү көз салып, өзү тейлеп турар эле. Атамдын баласаак, балдарынын көзүн карап турганын, боорукерлигин айылдын эли беш колдой билчү. Анын себеби; балдары токтобой коюп, менден кийин токтоптур. Мен төрөлгөндө чоң энем Сыпаа (өз ысымы Бүбүш): "Атаңар түшүмө кирип, келин төрөсө атын Темирбек койгула"-, дептир. Мен жети айлык ара төрөлгөн экенмин. Кыз экениме карабай атымды Темирбек коюшкан. Чоң энем мен эс тартканда каза болду.

Апам Шейшемкан Көлдүн кызы, билимдүү мугалим. Бизди баксын деп атам мен төрөлгөндөн кийин такыр иштеткен эмес. Анын үстүнө үйгө, айылга келим-кетим көп.

Атам айылдын элине да жардам берип, эл баккан адам катары белгилүү. Атам бир нерсе болордо алдын ала билип, эскертип турар эле. Аманжол аттуу казак шофёру бар эле. "Солтон-Сарыга баратам"-, деп жолго чыгарда, атам: "Машинеңди жакшы карап текшер"-, деген экен. Сары-Булакка чейинки түз жолдон машиненин алдыңкы дөңгөлөгү чыгып кетип, кудай чоң сактап калыптыр.

Атамды башкарма кезинде үйдөн анда-санда эле көрчүмүн. Колхоздун иши, элдин ток жашоосу үчүн тынбай иштеди. Райондун чоңдору ат тезегин кургатпай, байма-бай келип турчу. Атам өмүрүнүн акырына чейин үй салам, дүнүйө жыям дегенди билчү эмес. Жеп-ичет деген ал учурда жок эле. Атамдын 4-класс билими гана бар эле. Ошондой болсо да атам акылдуу, идиректүү, келечекти көрө билген кыраакы адам болуп, көп ийгиликтерге жетише алган. Азыр ойлосом атам Эмгекчил колхозунун, элинин кийинки жашоосу үчүн ошол мезгилде эле кам көрүп коюптур. Ирилештирүү мезгилинде атам "Ленинчил Жаш", Карабүк жерлерин Эмгекчил колхозуна кошкон. Мен 5-6 жашымда атамды ээрчип, көп жерлерге бардым. Бөбөктөрүм кичине эле. Темиркан, Эсенкан, Гүлбүбүнүн ортолору төрт жаштан болчу.

Айылдын элинде өйдө-төмөн иштер болуп калса, атам өз учурунда чечип, жардам берип, элди ынтымакка, эмгекке чакырып иштеди. Албетте айылдаштары, журтташтары атамдын кылган ак кызматын бүгүнкү күнгө чейин оозунан түшүрбөй айтып, баалап-барктап келгендиги мен үчүн сыймык.

Балдары да эстүү чыкты. Атам менен апам балдарынын жакшылыгын көрүп, бактылуу карылыкка чейин жашап атам 82 жашында, апам 90 жашында кайтыш болду. Мен турмушка чыгып, бала-чакалуу болгондо балдарымды багып, менин иштөөмө жардам берип турушту.Уулдарым Кубан менен Урмат өз балдарындай болуп таята менен тайэнесин "ата, апа"-, деп жакын болушту.Атамдын акыркы күндөрүнө чейин Кубан жанында карашып бирге болду.Кыскасы атам канчалык жакшы, кайрымдуу, камкор ата болгон болсо, айылынын эли үчүн да дал ошондой башкарма болду.

**Темирбек,**
**кызы**

## Атамды көргөн өлбөсүн

Ушул элдик накыл сөзгө учурунда анча маани берген эмес экемин. Атамды көргөн өлбөсүн... Мезгил өз өкүмүн көрсөтүп, убакыт алга жылып, өзүң ата, чоң ата, таята болгонуңа карабастан, атамдын элеси көз алдыга көбүрөөк тартылып келет. Анан ушул сөз маанисин ого бетер бекемдеп, атамды көргөндөр, аны менен чогуу жүргөндөр сага чукул сезилип, атаңды көргөндөй элес калтырат экен.

Азыр ойлоп көрсөм атам бардыгы үчүн эле ачык болгон эмес, мүнөзү түнтүрөөк келип, каардуу көз карашынан жалтанып турушаар эле, илгери башкарма кезинде ыйлап аткан балдарын «Токтоев келатат» деп соороттушканы тууралуу да аңыз кеп айтылып калчу. Айыл ичинде эч ким өйдө карап сүйлөй алчу эмес. Ошентсе да көңүлү сүйгөндөргө, айрыкча балдары менен неберелерине башкача мээримин чачып мамиле кылчу. Айылдагы теңтушу Насырымбек, Борукчу аталар менен, өзүнөн көп кичүү болушса да Бактыгул

агай менен, Аман жана Үсөнакун байкелер менен азилдешип сүйлөшүп, тамаша курушкан учурлары каректе кадалуу боюнча калды. Ал тургай кесиптештерим Дүйшөнбек, Жусуптар менен, досторум Нураалы, Мукаш, Эрмектер менен да ачык-айрым сүйлөшүп, кези келгенде тамашалашып калчу, кайран киши. Эми ушулар эске түшкөндө атаң тирүү кезде баласы үчүн канчалык каниет экендиги, атаң менен чогуу жүргөн жана аны билген адамдар сага атадай ыйык сезилип, анын элесин алып жүргөндөй сезиле берет.

Атам ушак сүйлөбөгүлө, калп айтпагыла, дарак бир жерде көгөрөт, бир жерде иштеп баар тапкыла деп көп айтаар эле. Бизге калтырган бул керээзи ушул кезге чейин жадыбыздан чыккан жок. Албетте, ушак сүйлөбөгөнүбүзгө, калп айтпаганыбызга башкалар күбө өтөөр, ал эми дарак бир жерде көгөрөт деген накылын, стат отчетто айтылгандай, жүз пайызга аткарып келатабыз. Иним экөөбүз тең алдыбыз кырк жылдан ашык, артыбыз кырк жылга чукул бир жерде, бир гана багытта эмгектенип жатканыбыз ата сөзү биз үчүн канчалык ыйык экендигин далилдеп турат. Ушул жерден мындай бир учурду кыстара кетейин. Өткөн кылымдын токсонунчу жылдарынын башында мекенибиз эгемендүүлүк алган кезде бажы кызматында ишке өтүү сунушу түшүп калды. Ары ойлонуп, бери ойлонуп, үй-бүлөм кош колдоп колдоп, бирок атам караманча каршы болуп койду. Дарак бир жерден көгөрөт деген акыл сөзүн дагы кайталап, коомубузда жаңы пайда болуп жаткан бул кызматтын жагдайлары белгисиз, анын үстүнө азыркы иштеп жаткан кесибиң да жаман эмес деген сыяктуу себептерди келтирип, маселеге чекит койгон. Өмүр бою биз үчүн ата сөзү бузулгус мыйзам болуп келгендиктен каршы чыгалган эмеспис. Азыр да кээ кездерде жолдошум, балдарым ошол ишке кете бергенде жашоо жыргалчылыгы мындан да кыйла жакшы болоорун айтып калышат. Бирок атанын акылы, ал көрсөткөн жол бардык материалдык жетишкендиктен өтө эле жогору туруп, келечекке умтулуу үчүн жашыл жарык болуп тураары айныгыс чындык.

Бүгүн биз үчүн табылгыс, улуу адамды эскерип жатып, анын дагы бир касиеттүү сапаты жөнүндө баяндай кетүүнү

туура көрдүм. Атам алдына койгон максатына жетүү үчүн акылдуулук менен аракеттене билген, бул үчүн айтып берчүсү бардай көрөгөчтүк касиетке ээ эле. Муну бекемдөө үчүн өзү айтып берген, кийин мен да аралашып жүргөн айрым окуяларга токтоло кетейин.

Өткөн кылымдын 60-жылдары биздин үй-бүлө үчүн кайгылуу башталды. Жыйырма жылга чукулдап колхоз башкармасы болуп турган атамдын башына жалаа иш түшөт. Жакшы тууганчылык мамиледе жүргөн обкомдун биринчи катчысы алмашып, анын башына кара булут айланат. Жаңы болгон биринчи катчы мурункусун дааналап жаманаттылоо үчүн республикага чейин кадыр-баркы бар, Жогорку Советтин эки жолку депутаты, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү атамды пайдаланууну көздөйт. Бирок, атам макул болгон эмес жана мурунку катчынын аброюн туруктуу колдоп, өзүнүн атак-даңкынын эйфориясы менен катуу да сөз айтат. Маселе ошентип ченемсиз таталданууга өтөт. Биринчинин өктөм тапшыруусу менен облустун укук коргоо органдары атамдын артынан түшүп, колхозду түрө текшеришип, салган үйүнүн мыгы менен кышына чейин кызыгышат. Какаганга муштаган болуп, сүт-товар фермасынан уйлардын жетпей калуусу чыга калат, бирок мында ден Токтоевдин күнөөсү жок эле, себеби андан бир жыл мурун ден соолугуна байланыштуу башкармалыкты өткөрүп берип, парторг болуп калган, өткөрүү эсеп-кысаптары да мыйзамдуу түзүлгөн эле.

Буга карабастан облус жетекчисинин киришүүсү менен райкомдун бюросу атамды сыртынан партиядан чыгарат, ал эми обкомдун бюросу бир ооз сүйлөтпөй ал чечимди бекитип салат. Актыгын далилдөө үчүн жан далбастап аракеттене баштайт. Республикада да бийлик алмашып калган эле. Борборго тынбай каттап, биринчи катчы Усубалиевге такыр жолуга албай коет.

Козголгон кылмыш ишинин негизсиз экенин аныктоого ар түрдүү адамдарды, ар түрдүү каналдарды пайдаланат. Төрт-беш жыл мурда айылга үй салган экен, прокуратура үчүн ошол илинчек болуп туруп алат. Облус прокурору ишти кыскартбай

чое берет. «Мына, мыгынын, жыгачынын бүт документтери турат, кышы менен шыбагынын топурагына эле кагаз жок, аны болсо жерди казып алдым, ишти жаппайсыңбы». Прокурор болбойт баш чайкап.

Борбордук Комитетке арызданып барган учур эле дейт, жайдын ысыгында борбордук көчөлөрдүн биринде инилеринин үйүнө келатып, бышкан кыштан жаңы салынган чоң тамдын алдында турган келинге суусундук сурап кайрылып калат. Ал да ыймандуу окшобойбу, үйгө киргизип, муздак жармасын сунат. «Үйүңөрдү келтирип салган экенсиңер, өзүңөрдүкүбү?» «Жок, ата, бизге мындай үй кайда, агам Нарында иштейт, ошонун үйү» «Мен да Нарынданмын, агаң ким» «Облустун прокурору, тигинде сүрөтү илинип турбайбы». Даана ошол облпрокурор. Дарегин дааналап алдым. Ишим оңдой берди болду деп ичимден сүйүнүп, Нарынга келдим. Прокурорум дагы эле болбойт, үйүңүздүн кагаздары туура эмес болуп атат, дейт. Жолдош прокурор,-деймин мен,-колуңузда кагаздары турат, кышынын гана кагазы жок, топосун жерди чукуп алдым эле, ага эми кайдан кагаз алып келем. А сиз Фрунзенин борбордук көчөсүндөгү № үйдү кайсы каражаттан салып жүрөсүз, Бышкан кышы эле менин үйүмдүн жалпы баасынан үч эсе кымбат.

Ал чок баскандай чочуйт. «Аны кайдан билип жүрөсүң?» «Билем, баарын билем, башкасын да билем, кайдагы бир чаар киши деп атсаң керек, алдыга койгон максатымдын өтөөсүнө сөзсүз чыгам, сиз жөн гана убара болуп атасыз». Ошол замат кызматкерин чакырып, кылмышты кыскарткан кагазга мөөрүн басып берет.

Эми партиялуулугун калыбына келтирүүгө толук шарт түзүлөт. Бирок, аппелециялык арызынын негизинде БКдан келген текшерүү да облус жетекчисинин сөзүн сүйлөп, иштин абалын ого бетер бурмалап барат. «Бюронун акырында Усубалиев кайрылып, эмне айтасыз деп сурады,-деп эскерер эле.-Эмне айтаарыма акылым жетпей жатат, Турдакун Усубалиевич». «Эмнеге жетпей атат?» «Жетпегени ушу, райком сыртымдан чыгарды, обком ооз ачтырбай койду, адилеттик БКдабы десем бул жерде да текшерүү жеринде чала болду эле,

мени 37-жылдагыдай жамандап кирди. Эми эмне кылаарыма акылым жетпей турат». Усубалиев артын карап, биреөлөргө катуу айткандай болуп калды, чоң залда угулган жок. Кайра текшерилип, кийинки бюродо каралмай болду. Чыгып баратып колун көтөрүп Усубалиевге кайрылды. «Турдакун Усубалиевич, кыргыз эли өсүп өнүгүп жатабыз, ушундай даражага жеттик, бирок таанышчылык калгыдай эмес, эмики текшерүүгө башка улуттун өкүлдөрүнөн жиберсеңиз».

«Жарым айга жетпей эле БКнын парткомиссиясынан эки орус келди. Башынан эле иш жакшы нукта кете баштады. Мени партиядан сыртымдан чыгарган кезде райкомдо биринчи катчы болгон жолдош түштүккө которулуп кетти эле, аны ала келишиптир. Ал уй фермасындагы чырларды кайра айта баштады. Уйду жакшы көрчү элеңиз, баягы Алымбаев деген уйчу сизге согумга жеткирип берген сарала уйду да жазайынбы, деп жаза баштадым. Ал чыгып кетип бир маалда райкомдун жаңы катчысы биздин куйбышевдик жигит эле, ошону ээрчитип кирип келди. Ал «байке өзүңүздүн башыңызда иш турганда бирөөнү каралап эмне кыласыз, тим эле койбойсузбу» деп калды. Жаш болсо да сөзүнүн данектүү экенин баалап, түшүнүктү кайра жазып бердим. БКнын эки текшерүүчүсү баштарын чайкап жылмайып коюшту». Ошентип, Борбордук Комитеттин кийинки бюросунда күнөөсүздүгү далилденет да, партиялуулугу кайра калыбына келтирилет.

Эми мен да күбөсү болгон жагдайга токтолоюн. 1984-жылдын жаз айында «Жигули» жеңил автоунаасын сатып алуу туурасында үй-бүлөлүк кеңеш куруп, бир бүтүмгө келдик. Ошонун эле эртеси атам райкомдун биринчи катчысына кирип, райаткомдон чечим чыгартып келди. Ал учурда менчикке автоунаа сатып алуу маселеси өтө кыйын эле, сатыкта жок, эмгек алдыңкыларына, же чечими барларга гана сатылчу. Май айынын капортосунда «Жигули» алып келүү үчүн атам, мен, колуктум Роза, Мукаш досумдун кызматтык машинесинин айдоочусу Жолдош болуп, бир такси менен Фрунзеге бардык. АвтоВАЗдын Фрунзедеги филиалынан алмакпыз, тилекке каршы райаткомдун чечиминен техникалык ката кетип, биз

алчу унаа үчүнчү кварталда берилет деп көшөрүп бербей коюшту. Мындай учурдан ар кандай жол таба билген атам ары кетип, бери кетип, акча да сунуш кылып көрүп, эч майнап чыгара алаган жок. Ал кишинин аракетин карап туруп, машина албай калсак да ыраазы болдум да, орусча билбегенине гана өкүнүп аттым.

Кечинде тууганыбыздын үйүнө түнөгөнү келдик. Дегдеп келген Роза экөөбүз шалдайып отуруп калдык. «Эртең жолун табам, балам. Кандай болсо да машинени алып кетебиз, куру барсак айылга уят болбойбузбу»,-деп адатынча жер тиктеп сүйлөп, бизди кайраттандырып койду.

Таң атканча эмнени ойлоп, кандай жүрүштөр тууралуу пландаганын ким билсин, эртең менен жайдарыланып, Өкмөт башчысы А.Дүйшееге кире турганын айтып калды. Сегизден өтүп, Өкмөт Үйүнө келдик. Батыш тарабынан кирерин дайындап алганбыз, айнек эшиктин алдында күтүп турдук. Алдында номердик белгиси жок ак Волга келатканда атама айтып коюп, ары театр тарапка басып кеттим. Бактан шыкаалап карасам, кайран киши боз плашчан эле, ордендерин көрсөтүш үчүн жакасын улам-улам ача калып сүйлөшүп жатты. Анан ээрчитип кирип кетти. Артынан баш баксам биринчи кабатта плашын чечип, милиционердин жанына мектеп окуучусундай болуп отуруп калыптыр. Аңгыча Дүйшеевдин жардамчысыбы, бирөө чыгып, персональный лифт менен үстүнкү кабатка алып кетти.

Бир топ убакыттан кийин кубанычтуу чыгып келатканын көрүп, маселе оң жагына чечилгенин туюп, Роза экөөбүз тең сүйүнө түштүк. Бизге айтып бергени боюнча мындай. «Жолдош Арстанбек Дүйшеевич, жарым кылымдан ашык колхоздо иштеп, өлкө үчүн эмгек кылдым эле. Кечээкилер эки-үчтөн машине минди. Мага болсо машина сатып алганга тыюу салынганбы деп ойлойм, райатком чечимин ката чыгарып берет, бул жердин дүкөнү ал чечим менен бизди короосуна да киргизбей койду. Сизге жардам сурап кайрылып келдим. Ал киши ошол замат Октябрь райкомунун биринчи катчысы Полуэктовага телефон чалып маселени чечип берүүнү буйруду. Улук болсоң кичик бол деген калетсиз белем, жылуу

мамилесинен кийин жөн чыкпай, шаарды билбестигимди, машине менен жеткирттирип коюусун да өтүнүп ийдим. Жардамчысын чакырып, дежур Волга менен өзү кошо барып ишимди бүткөрүшүн тапшырды». Ошентип, баарыбыз Өкмөттүн ак Волгасын минип алып, шаардын бир башына барып, түшкү тыныгуу болуп калгандыктан, кайра үйгө келип тамактангандан кийин кайра аны менен барып, көк Жигулини алып, чалкалап Нарынга сапар тартканбыз.

Жогору жакта айтылган сөздүн ыңгайына жараша ушундай көрүнүштөрдү келтире кеттим.

...Адам баласы табиятынан буйрулган акыл-эси, шык-жөндөмү, ыйман-ызааты менен, же мунун тескерисинче бири-биринен айырмаланып турат эмеспи. Ушундай жакшы сапаттары, болбосо тетири көнүмүштөрү аркылуу сөзгө алынат. Албетте, жакшы адамдын аты эч качан унутта калбай, ийги иштери баладан-балага, муундан-муунга, укумдан-тукумга аңыз кепке айланып, эл ичинде айтылып калат. Кызматтык милдетиме жараша Теңир Тоо жергесинин дээрлик бардык булуң-бурчтарында болууга туура келди. Фамилиямды айткандан кийин «Токтоевдин баласысыңбы, атаң ченемсиз жакшы киши эле, аккан арыктан суу агат деген ушул», деген сөздөрдү көп жолу угуп, төбөм көккө жете сыймыктанып, анан атанын баласы деген улуу атка канткенде татыктуу болуу жоопкерчилиги дайыма ойлонтуп келет.

**Темиркан,**
**уулу**

## Калк арасында кадыр-баркы жогору болгон

Бала чагымды бат-бат эске түшүрүп турганды эмнегедир жакшы көрөм. Ошондо абасынан кере-кере дем алып, мен чоңойгон Эмгекчил айылы, анын гүлгө толгон жылга-жыбыттары, арпа-буудай айдалып кеңирсиген даркан талаалары көз алдыма түшөт.

Мен чоңойгон эски үй, короо-жайлары менен мага ушунчалык ыйык, кол жеткистей. Молдокемдин үйү (агасы Асаналынын балдары ушундай атачубуз) биздин үйгө катарлаш эле. Айрыкча Темир эжем, Болот байкем, Темиркан байкем болуп кээде гана ойноп калчубуз. Молдокемдин эшигинин алдында бак-дарактар жайында жапжашыл болуп, көрктөнүп өсүп турчу. Биз ошол бактын ичинде ойночубуз. Бизден кичүүлөрдү кошчу эмеспиз. Бирок ызы-чуу түшүп, кыйкырышып ойномой такыр жок болчу. Анткени, Молдокемдин сүрүнөн сестенип, коркуп турчубуз. Көбүнчө Молдокем үйдө жок кезде аз-аздан ойноп алчу элек. Темир эжем чий куурчактарды ушунчалык жарашыктуу, карап эле тургандай кылып саймалап жасачу. Ал эми Темиркан байкем менен ар күнү таңда уйларды Оро-Башыны көздөй айдап, бадага кошуп келчүбүз. Ал байкем абдан шок эле. Жолдо катар кыйкырып, жаттап алган ыр саптарын үн кубултуп айтып келчү. Ал эми үйүнө келгенде Молдокемдин астында сопу болуп эле калчу.

Молдокемдин көп сүйлөгөнүн жана күлгөнүн дегеле көргөн жокмун. Басканы шайдоот, ар дайым таза, тыкан кийинип, дарбазасынын алдында туруп калар эле. Айрыкча чулчук шымы өзүнө куп жарашып турчу. Жогорку Советке шайланган депутаттык төш белгисин ар дайым тагынып алчу. Ал менин көзүмө жанып турган кызыл чоктой болуп өзгөчө көрүнөр эле.

Жыйырма жылга жакын башкарма болуп иштептир, бирок азыр ойлосом, үйүп-жыйып деле байлык жыйнабаптыр. Эл катары он, он беш кою, бир-экиден уйлары бар эле. Үй ичинде деле андай кымбат баалуу буюм-тайымдар болгон эмес. Көзгө көрүнгөнү никелденген кооз керебет эле. Молдокемди азыр ойлосом, жалаң эл деп иштеп, эл деп жашаган инсан экен.

Балдарына талапты катуу коё билген. Эки уул, эки кызын Жогорку окуу жайлардан окутту. Молдокемдин балдары мектепте эле жакшы окуган, адептүү окуучулардан болушчу. Ошол үчүн Жогорку окуу жайларынан камчы салдырбай окуп, бир кесипке ээ болушту. Темир эжем-мугалим, Темиркан байкем-журналист, Эсенкан-тарых мугалими, (көп жылдар бою

Т. Байбураев мектебинин директору болуп иштеди) Гүлбүбү- терапевт врач болушту. Ар кимиси иштеген иштеринен баар таап, бала-чакалуу, небере-чөбөрөлүү болуп, канат-бутактарын жайып турган кездери.

Мен Университетке өтүп, окуп жатканда Молдокем мага келип кеткен. Окууңду жакшы оку-, деп айтканы эсимде. Каникулга айылга келгенде Шейшемкан апам экөө үйүнө чакырып, сыйлап, акча берип калышчу.

Молдокем аласа-бересеге так, тууган ичинде жамандык-жакшылыкка тикесинен тик турган адам эле. Шейшемкан апам экөө элүү жылдай чогуу жашашты. Ал киши да абдан таза, тыкан, колу уз киши болгон. Дайыма шырдак шырып, жууркан көктөп отурганын көрчүмүн.

Менин атам Асаналы (Молдокемдин агасы) согуштун катышуучусу болгон. Беш жыл бою кан майданда алоолонгон от кечип, так согуш бүтөр жылы март айында душмандарды Берлинге кубалап баратып, Пенза деген шаарда бутуна ок тийип жараланган. Эки-үч күн эч көрбөй талаада калгандыктан, жараты кабылдап кетип сол бутунан ажыраган. Атам айтып калчу: "Мен госпиталда жатканда Асанакун мага акча салыптыр, келе жатканда кереги тийет,- десе керек деп. Ар дайым инисин ойлоп, балдарынын кашында аман болсун,- дечү. Кийин карыган чакта деле көп ойлочу. Өзүнөн эки жыл мурда кайтыш болгон инисине күйүп, "андан мурда мен кетпей",- деп убайымданып калганы эсимде.

Эң кичүү иниси Асанберди да согушка кетип, кайтпай калган. Согушта жүргөндө катты жалаң ыр менен жазарын апам айтып калар эле. Чоңойтулган сүрөтү төрдө илинип турчу. Көзү бажырайган, жакшынакай боз уланды аёо сезимим менен карар элем. Кайдан өлдү, качан өлдү, дайыны эч билинбей кала берди. Молдокем кийин көп жерлерден издөө салып жатып, дайыны чыкпай койгонун айтышчу.

Молдокем кичинекей неберелерин ушунчалык жакшы көрөр эле. Жалынып, жалбарып эркелетчү. Айыл ичинде туугандарынын арасында кадыр-баркы жогору болчу. Келиндер: "Башкарма аке, башкарма ата"-, деп тергешээр эле. Алдынан чыкса жүгүнүшүп, кыя басып өтүп кетишчү эмес.

Кийинчерээк көп жылдар бою айылдагы почта башчысы болуп иштеди. Чыкыя басып, таза, жарашыктуу кийинип жүрчү. Жашы сексенге таяса да ошол калыбынан жазган жок. Молдокемдин өмүр таржымалы көп кырдуу, көп сырдуу. Эл ичинде "мынча жеген, мынча ичкен" деген сыяктуу сөздөрдү дегеле кулагым чалган эмес. Өзүнүн өмүр сересинде бир жолу да адамдык аброюн түшүрбөй, эл үчүн жашап, эл үчүн иштеп, иштеген иши райондо, республикада, Союзда оозго алынган. Туура сексен жаш курагында балдарынын, неберелеринин, тууганадарынын алдында келбес сапар аттанып кете берди

Эл адамынын өлбөс-өчпөс эмгеги эч качан унутулбайт.

**Токтоев Асанакунга**

Ак эмгеги жери үчүн өтөлгөн,
Аппак дили эли үчүн төшөлгөн
Жакшыртууга айылынын чарбасын,
Күчүн үрөп, эл көйгөйүн көтөргөн

Ал кез эле катаал согуш учуру
Жондон басып, ачарчылык, жокчулук
Жанын үрөп, жаны тынбай иштеген,
Болсо экен деп эл-журтунда токчулук

Төш чөнтөктө партиялык билети,
Көкүрөктө депутаттык төш белги
Көп иштерди бүтүрүүгө белсенип,
Жалаң гана ойлоп келген эл-жерди
Ишке тыкан, чече билген көйгөйдү,
Эл оозунда жакшы иштери айтылган
Оңдоп, түздөп айылынын чарбасын,
Райондо далай жолу даңкталган

Өмүрүңүз текке өтүп кеткен жок,
Сиз жөнүндө кандай айтса эп келет
Бир көчөнүн атын коюп ысмына,
Атыңызды эли-журтуң эскерет

Жашадыңыз урмат-сыйга бөлөнүп,
Уул-кыздарың өнүп, өстү көгөрүп
Сиздин айыл мурда аталган Маленков
Эми, Эмгекчил барчылыкта кенендик

**Асаналиева Жумабүбү, акын, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги, агасынын кызы**

## Басып өткөн жолу мен үчүн үлгү

Мактоолор бул дүйнөнүн дагы, Кыяматтын дагы Падышасы, Жалгыз Аллахга гана болсун! Атам Токто уулу Асанакун Аллахтын алсыз пендеси, кулу. Атам жасаган иштер Жаратkandын калоосу жана анын берген күч-кубатынын аркасында гана болгон. Бул акыйкатты атам атеисттик идеологияны тараткан советтик доордо иштегенине карабастан, өз жан дүйнөсүндө сезип, туюп билген деп ойлойм. Себеби, биринчиден, бир дагы жолу атамдын муну жасагам, тигиндей иш кылгам деп өзүн мактаган сөзүн уккан жокмун. Экинчиден, атам менен үзөңгүлөш иштешип калган, жашы боюнча бир топ кичүү, кийин Нарын районунун ардагерлер кеңешинин төрагасы болуп турган маркум Найманбаев Мукаш ababыз 2003-жылы райондун акими, мекеме жетекчилери болуп келип, айылда чогулуш болуп, андан кийин ошол кездеги айыл өкмөттүн башчысы Асаналиев Темирдин үйүндө сый көрүп отурганда кептен кеп чыгып, атам жөнүндө сөз болуп калды. Мукаш абам тамашакөй киши эле, эмне дээр экен деп атама мындай суроо берген экен:

- Ээ, Асаке, болгону 4-класс билимиңиз бар, биз сизге караганда билимибиз жогору, эмне эле сиздин чарба алдыга жылып, макталып, миллионер колхоз болуп, атак-даңкка ээ болосуз да, биз андай боло албайбыз. Ушуга жооп берип коюңузчу?"-, дептир

Анда атам: -"Ээ Мукаш, иним, баатырлыктан жол ийги, менин айтарым ушул"-, деген экен.

Бул сөзгө убагында маани берген эмес экемин. Бирок, эсиме түйүп койгом. Көрсө, атам: "Мен жөнөкөй эле Кудайдын алсыз пендесимин, баары Кудайдын каалоосу менен, мага

берген күч-кубатынын аркасында мени себепчи кылып ушундай иштер жаралып жатат деп динге каршы советтин системасында ачык айта албай, канчалык баатыр болсоң дагы, эч нерсе кыла албайсың, эгер Кудай жардам берип буйрубаса"-, деген тура.

Атамдын замандаштарынан: "Асанакундун айтып берчүсү бар, эмне жасаганымды билип койчу"-, деген сөздөрүн угуп калчумун. Менин билишимче атам аябай сезгич адам (интуициясы күчтүү) болсо керек же түшүнөн аян берип, бир нерселерди туура айтса керек. Минтип айтып жаткан себебим, 1974-жылы орто мектепти бүтүп, Кыргыз Мамлекеттик Университетинин тарых факультетине тапшырып, бирок конкурс аябай катуу болчу, андан кулап үйгө келсем, атам: "Сен өтмөксүң, эмне үчүн мындай болуп калды?"-, деп өзүнчө бушайман болгон. Жайлата колхоздо чөптө иштеп, күзүндө документтеримди алып ДОСААФга шофёрлукка тапшырып, андан кийин Армияга барайын деген ой менен Фрунзеге келип, университетке барсам, деканаттан: "Сен кошумча буйрук менен студенттикке кандидат болуп өттүң, кышкы сессияга чейин стипендия албай окуйсуң, эгер сессияны жакшы тапшырсаң студент болосуң, тапшыра албасаң, окуудан чыгасың"-, деди.Ошондо атамдын баягы айткандары бекер болбогонун түшүндүм. Кудайдын буйругу менен бул окуу жайды окуп бүтүп ардактуу кесибимди аркалап келатам.

Атам дагы бир окуяны айтып берип калчу. Башкарма болуп жүргөн мезгилинде Москвага Бүткүл Союздук айыл чарба көргөзмөсүнө (ВДИХ) катышууга бара жатып, поезддин ичинде уктап жатканда түш көрөт, түшүндө бирөө атама ичинде бир нерсе куюлган стаканды сунуп жаткан болот, атам алайын десе, колу жетпейт, ошентип алайын деп улам умтулуп жаткан убакта ойгонуп кетет. Көрсө бир адам купеде илинип турган атамдын костюмун уурдайын деп колу жетпей жаткан экен, ойгонору менен ал адам дароо купеден чыгып качып кетиптир. Костюмунун чөнтөгүндө керектүү документтери, акчасы болгон экен, кудай сактап тигил адамдын жаман ою ишке ашпаптыр.

Пайгамбарыбыз Мухаммад (САВ): "Ата-энелер үчүн өз балдарына жакшы тарбия берүүдөн өткөн мыкты мурас жок"-, деп айткан осуятындай, атабыз – Токто уулу Асанакун, апабыз – Коңурбай кызы Шейшемкан өздөрүнүн адамдык бийик сапаттары, жүрүм-туруму, жасаган эмгектери, нускалуу сөздөрү, насаат-кеңештери менен биздин туура тарбия алышыбызга чоң таасирин берди. Апам жароокер жана боорукер жан эле.Эсимде мен окуп жүргөн куракта тоого кой кайтарып кеткенимде, апам ысык тамагын көтөрүп алып артыман барып, курсагымды тойгузуп коюп кайра үйгө кайтканы. Анын жасагын ысык наны, тамагы, жадакалса кайнаткан чайы да башкача, эч кимдикине теңегис. Кээде ооруп калсам, апам: "Ооруңду мага берсинчи, ооруңду мага берсинчи"-, деп улам-улам кайталап, кейип айткан сөздөрү азыр да кулагыма дал өзүндөй угулуп, жан дүйнөмдү сыздатат. Бир да жаман сөз айтпастан мени аздектеп, бапестеп баккан апам ушундай мээримдүү адам болгон.

Ата-энебиздин бизге кылган жакшылыгы, мээрими чексиз.Биз, балдары, урпактары туура жолдо жашап, адал иштеп, элибизге пайдалуу болуп ата-энебиздин арбагын ыраазы кылсак деген ниеттемин. Атамдын айылдаштарына жасаган ак эмгеги, боорукер, жумшак, ошол эле мезгилде айбаттуу, сүрдүү көрүнүшү, калыстыгы, сабырдуу жана токтоо мүнөзү менин эсимде түбөлүккө сакталып калды. Атамдын басып өткөн жолу мен үчүн үлгү болгондуктан, анын көп мыкты сапаттарынын ичинен Кудай мага бирөөсүн эле энчилеген болсо, мага ошол чоң олжо.

**Эсенкан,**
**кичүү уулу**

## Ички дүйнөсү ушунчалык назик жана жароокер болгон

Атам жөнүндө айтсак бүтпөгөн бир дастан болот. Ата-эненин баары эле бала үчүн жанын садага кылганга даяр болот экен. Бирок биздин атабыз көп жагы менен айырмаланып

турар эле: алдын ала бир нерсени байкаган сезимтал, кыраакы, түшүнүгү да абдан кенен адам болчу. Ойлосом атам ошол кезде эле кийинки замандын талабына ылайык келген инсандын белгисин алып жүргөн экен. Абдан боорукер болгону менен, баланы чектен чыгарып да эркелетчү эмес. Аз жана саз сүйлөгөн адаты бар эле. Мактаныч эмес биз жокту билбей чоңойдук. Өзүмдү эле мисал келтирсем, жаңы окуу жылы башталганда мага эмне керек экендигин өзү эле билип, менин табитимдегидей кылып, өлчөмүн да дал өзүндөй сатып келип берчү. Атам майда нерсеге да жоопкерчиликтүү мамиле жасап,өз убактысында аткарар эле.

Ал кезде ата-энелер мектепке келип баласынын сабагына катышуусу милдет болгон. Балдарына келерин атасы же энеси эскертип коюп келер эле. Бирок мага атам айтпай келчү. Суралып жооп бергениме ыраазы болуп калганы дал бүгүнкү күнгө чейин көз алдымда. Үйгө барганымда: «Ата, неге айтпай келдиниз?»-, десем. Атам: «Айтканда эмне, мен сага ишенем, сен күнүгө «5ке» окусаң, айтууну не зарылчылыгы бар. Сен Токтоевдин кызысың да»-, деп койсо мен ого бетер сүйүнүп калчумун. Көрсө атам мага бир чети ишенерин да билдирип, экинчиден, мага стимул берип койчу турбайбы.

Балдарынын баарысын окутту. Мен Медициналык Академияга тапшырып Асанбек (Кыдырназаров) байкемдикинде жашап жүргөн кезим. Экзаменди учурунда тапшырып үйгө келерим менен жеңем: «Атаң чалып атат»-, дегенде сүйлөшсөм, атам: «Экзаменин кандай болду, жакшы эле жооп бердиңби»-, деп такай тынчсызданып сураган жайы бар болчу. Ийгиликтүү болгонун айтканымда аябай жетине албай сүйүнгөнү телефон менен сүйлөшүп жатканда да мага сезилчү. Студенттик кезимде экөөбүз көп кат жазышчубуз. Катында айылдагы жаңылыктардан кыска жазып койчу.

Ден-соолукка абдан маани берип өзүнүкүнөн баштап биздикине чейин кылдат көңүл бурар эле. Шалаакылык, кайдыгерлик деген сапаттар атамда эч качан болгон эмес. Ошол себептен үйүндө кандай болсо, айылдын жумушунда да дал ошондой тыкаан болсо керек. Ошол мезгилде эле атамдын

азыркыдай сакал-мурут алган приборлорунун комплектиси болгон. Мага ал нерселер кызык көрүнүп: «Атам качан мурут-сакалын албай калып, мен оюнчук кылам»-, деп кыялданганым да эсимде.

Биз бала чакта атам көп окуяларды айтып берер эле. Эске тутуусу ушунчалык мыкты болгондуктан, цифраларынан бери жаңылбастан айтар эле. Мен аларды атамдан далай ирээт уккандыгыма байланыштуу көбүн жаттап да калган экенмин. Анда балалык баёо акылым менен: «Азыр атам адашса, мен оңдоп койсом экен»-, деп ар бир сөзүнө кулак салып тыңшап турар элем. Бирок атам дегеле адашып да, унутуп да калчу эмес, канча айтпасын кайра эле алгачкы жолу айтып жаткандай болчу.

Атам менен апамдын ою да, сөзү да бир болгон. Экөө дегеле бири-бирине каршы чыкчу эмес. Апам дайыма атамдын сөзүн угуп кеңешип иш кылып турчу. Атам өзү башкарма болгондуктан, сөзүн эки кылбаш керек эле. Ошол себептен апам атамдын оюндагыдай иш кылчу. Апам да боорукер, шайыр, оптимист адам болгон. Экөө ар дайым эртең менен кызыктуу маек курушуп, балдарынын кылыктарын айтып алып күлгөндөрүн угуп калчумун. Бирок атам өзү сүрдүү каардуу көрүнгөнү менен ахыбалды түшүндүрсөк макул болуп калчу. Эгерде бир нерсени жактырбай калса жөн гана сүйлөбөй койчу. Ошонусунан улам туура эмес нерсе кылгандыгыбызды сезип калчубуз.

Баласынын ой-тилегин байкап турган көрөгөч адам болуптур. Ал кезде азыркыдай тамактын түрү болгон эмес да. Ошол себептенби кичинекей кезимде мени Нарындын ашканасына алып барып тамак алып берип турар эле.Мен ашканын тамагын сагынып калган кезде башымдын ооруганын шылтоолоп атам менен көп жолу Нарындын ашканасынан даам сызып калдым.

Апамды да айттырбастан эле Көлдөгү төркүнүнө такай жиберип турчу. Мен таятамды көрүп калдым, өзү арык чырай, аксап баскан, комуз черткен киши эле. Тайэнемди тилекке каршы көрбөй калдым.

Биз менен чогуу Асанаалы атам үй бүлөсү менен турчу. Апам менен Турсунбүбү энем да аябагандай жакын адамдардан эле. Ар дайым бири-бири менен сырдашып турушчу. Асаналы атам өзү тамашакөй жан эле. Кичинекей балдар менен бирге чүкө ойноп, аларды күлдүргөн жөнөкөй, адамкерчиликтүү инсан болгон.

Атамдын жумушуна берилгендиги, тыңдыгы карып калган мезгилде да жоголгон жок. Эсимде, биздин үйдөн атама кеңешип же бир маселени чечип берүүсүн суранып келгендердин аягы тыйылчу эмес.

Атам сыртынан каардуу көрүнгөнү менен ички дүйнөсү ушунчалык назик жана жароокер эле. Атамдын боорукердигин биз эле эмес, көчөдөгү мышыктар да сезип,үйгө келип топтолуп алышчу. Жаныбарларга да адам сыяктуу аяр мамиле жасаган адам болгон. Жумуштан келатканда атамды мышыктар көрөрү менен чуркап тосуп алышчу.

Атам менен апам өмүрүнүн акырына чейин өз алдыбызча болуп калгандыгыбызга карабастан, балдары, бизге эле эмес, биздин балдарыбызга чейин кам көрүп келишкен. Неберелерине ушунчалык мээрим төгүшчү. Айрыкча, улуу неберелери болуп калган Нурзат менен Нурбекти бөтөнчө эркелетишти. Темиркан байкемди мен ооруп атсам, дагы канча жашайм ким билет, небере жытын жыттап калайын деген ой менен эрте үйлөнтүптүр. Атам ошондо ооругандыктан эмес, өзү кеч турмуш кургандыгынан улам ушундай чечим кабыл алыптыр.

**Гүлбүбү,**
**кичүү кызы**

## Камкордугу ченде жок эле

Нике кайып дегенге айла жок экен, орто мектепти бүткөн эле күнү ушул керемет адамга келин болуп келдим. Кайнатама кайненем жарашкан үлгүлүү үй-бүлө экендиги алгач босогону аттаганда эле билинди. Өзгөчө атам адамга көңүл бура билген, камкор мамиле жасаган адам экен. Келин болуп жоолук салынгандан эки-үч күн өтүп өтпөй эле верандада кайненеме мага байланыштуу бирдемелерди айта баштаганын угуп, мен үйдө элем, тыңшап калдым. Айтып атат:-Келин жүдөп кетпесин, жаңы эле мектепти бүтүп, чоочун үйгө туш келди, башы-көзүнөн бери карап, күн сайын көңүл бур. Бул сөз ээнсиреп жүргөн мен үчүн опол тоодой өбөк болгон учурунда. Мындан бир-эки күн өткөндөн кийин короодо сүйлөшүп тургандарын угуп калдым.-Садыбакастын дүкөнүнө ирис момпосуйлар түшүптүр, ошондон алып келип, келинге бер, бир жерге коюп алып, эрмектеп соруп турсун. Жалгызсырап турган жан дүйнөм муну уккандан кийин толо түшкөндөй болгон. Тез эле кайненем дүкөнгө жөнөп, келгенден кийин:-Ээ, Роза, веранданын башындагы сары плаштын эки чөнтөгүнө толтура ирис салып койдум, кирип-чыгып эрмектей бер, алдыңа кетейиним,-деп калды адатынча жаркылдап. Ошентип, тыпыйган кайын сиңдим бар экен, экөөбүз кайнимден жашырып, эки ай тынбай ирис жегенбиз. Кийин бул жөнүндө уккан төркүндөрүм менин жакшы жерге туш болгонума ыраазы болуп жүрүштү.

Атам баарына эле камкор жана кайрымдуу эле. Айыл ападагылар келин алайын дедим эле, баламды окууга жиберейин дедим эле дешип атаман акча сурап келишчү. Атам алгач менде кайдагы акча,. тиякка жумшадым, бияккa жумшадым деп келип, тигиге боору ооруп кетчү. Отурган столдогу кулпуланган тартманы ачып, сураган сумманы алдына ыргытып койчу. Ал алкаарга сөз таппай, чексиз ыраазы болуп кетчү. Ошолордун батасы азыр балдарына, неберелерине тийип жатат окшойт.

Небере демекчи, атамдай небере сүйүп, небере эркелеткен жанды көрө да, уга да элекмин. Тун кызыбыз Нурзатты, кийин

Нурбекти ушунчалык берилүү менен жакшы көрөр эле. Бир жолу Нурзатыбыз экиден жаңы ашкан маалда эртең менен балдар бакчасына даярдап жатсам атам келип, адатынча жалынып-жалбарып алып жумуштап кеткен. Мен бакчага берип коюп, анан ишке барып, түшкү тамакка келсем бир маалда Нүкүбайды көтөрүп алып атам шаша-буша кирип келди. Абдыгып алган. Көрсө Нурзат вокзалга чукул бакчанын короосунан чыгып кетип, көпүрөдөн өтүп, вокзалды айланып жүргөн болот. Эртең менен кийген киймин көрүп калгандан улам ушул менин кызым эмеспи деген ой менен атам акырын караса чын эле Нурзат. Бакырып ыйлап атамды кучактап калат. А киши көтөрүп алып кетип аткан рейсине карайбы, үйгө алып келет. Аз жерден жоголуп кетерин айтып, берерге эч нерсесин таппай, чөнтөгүнөн он сомдуктарды алып чыгып карматат. Ал учурда он сом өтө барктуу эле. Ошондон кийин Нүкүбай атам келген сайын Лениндин сүрөтү бар акча бер деп, беш, үч сомдуктарды карабай калган.

Жылдызды сарпашым деп, Жайдарды түйтөгүм деп эркелетер эле. Кичүүбүз Чолпон бирге чыгайын деп калганда кайтыш болду. Чопону карап, мени билбей каласың го деп каңырыгыбызды түтөтүп калчу.

Мына ушундай жакшы адамдардын келини болгонума сыймыктанып келем.

**Роза,**

**келини.**

## Атамдын ар бир сөзү таасирдүү, ар бир иши пайдалуу эле

Атамдын башкарма болуп иштеп жүргөн мезгилде да, калыстык менен иштеп, туура чечим чыгарып, бардык нерселерди орду менен кылган инсан экендигин кийин дагы, пенсионер болуп ооруп отурган өмүрүнүн акыркы мезгилине чейин айыл боюнча бардык адамдар келип атамдын кеп-кеңешин угуп, үйүндө мамилеси туура эмес болуп калган жубайлар, бир нерсесин уурдатып же мыйзамсыз тарттырып жиберген айыл тургундары атама кайрылышчу. Ошол учурда атам өзүнүн адилет сөзүн айтканда бардыгы ордуна келип, урушкандар элдешип, доолашкандар тынчтанып, уурдатып алгандар кайра алганын көргөмүн. Атамдын сөзү таасирдүү, жеткиликтүүбү же маселени кандай чечиштин жолун кыйын билгенби, айтор, эч качан сотко жетпестен, биздин үйдөн эле ар дайым оң жакка иш бүтүп, жакшы жыйынтык болчу. Кишиге тик карачу эмес. Бирөөгө катуу кыйкырбай, акырын эле жеткиликтүү сөздөрдү айтчу эле. Атам чарчап, эригип же шайы келбей бир нерсени чала таштап койгон учуру болгон эмес. Жадакалса жаштар мындай кыла албайт деп ойлойм. Бирөөгө ажат ачканды жакшы көрчү. Айыл боюнча акча сурап келгендер көп болор эле, ошондо өзү карыз бергенди жакшы көргөндүктөн, көп убакытка чейин берип койчу.

Атамдын иштешине бардык шартты түзүп берген апамдын да эмгеги зор. Тамагын өз убагында берип, өз убагында эс алууга шарт түзүп берчү. Атамдын эмне каалаарын апам алдын ала билип ошону аткарууга дайыма аракет кылар эле, кыскасы бардыгын өз учурунда так аткарып атамды капа кылууга жол берчү эмес. Атам жумуштан канчада келерин билип ошол убакта тамакты дайындап күтүп турчу, эс аларында балдарга: "Атаңар чарчады, уктап алсын"-, деп эскертип турган. Апам үйдө тынчтыкты, тартипти сактап, атамдын оюндагындай иш кылды. Бир гана үйдүн ичиндеги оокаттарды эле эмес, сырттагы малдарды каралашып жардам берген.

Атам бир караганда абдан каардуу, сүрдүү көрүнчү, сөзүн кишилер эч качан эки кылчу эмес, айтканы закон болчу. Бирок үй бүлөгө, балдарга абдан мээримдүү болгон. Үйдө бир нерсени алдына ала билип, ар бирибизге камкордук көрүп, ар бир ишти жазып алып жоопкерчилик менен өз убагында аткарчу эле. Кичинекей баланын биз байкабай калган чачы, тырмагына чейин көңүл бөлчү, балдарды атайын автобуска салып алып Нарынга барып чачын тегиздетип, мончого түшүрүп келчү.Өзүнүн неберелерин да өзгөчө эркелетишти. Эсенкан экөөбүздүн окуубузга байланыштуу тун уулубуз Нурбекти 6 айга толгон мезгилинде атам менен апамдын жанына таштап кетүүгө туура келген. Наристе кезинен багып калгандан уламбы айтор Нурбекти балпакем деп жанынан артык жакшы көрүп, мээримине бөлөштү. Күнүгө дүкөнгө алып барып каалаганын алып берген жайы бар эле, уулубуз моряк шапкени жакшы көргөндүктөн кокус кеңедей эле кирдеп калса аны кийбестен жаңысын алдырчу. Кийин атам Бермет чоңоюп калганда, аны дүкөнгө ээрчитип кызга тийиштүү бардык кооздуктарды алып берди. Кызыбызды тыпылдаган тыпылдак деп коёр эле. Экинчи уулубуз Бекзат бизге көбүрөөк жакын болду. Атам жашы улгайып, ооруп калган мезгилде Бекзат кичинекей болгондугуна карабастан, атама боору ооруса керек жанынан чыкпай, таягын алып берип, көзүн карап турчу. Ошондо: "Бул уулум абдан элпек болуптур"-, деп баалаганы эсимде. Чыңгызды копиям деп жакшы көрдү. Бардыгыбыздан: "Кимиңерге эмне керек?"-, деп ар дайым сурап алып, айткан нерсебизди сөзсүз алып келип берчү. Бишкектен келе турган студент баласына, кетчү брондолгон билеттерди алдын ала алып дайындап коймой жайы болгон. Өзү абдан таза, тыкаан киши болгон. Кийинки күндөрдө чарбачылык кылып эшикте иштеп жүрдү. Ошондо короого өзүнчө кийим, колбак кийип, үйгө киреерде тазаланып кирчү. Бирөө чакырса өз учурунда барып, кайра өз учурунда келмей адаты бар эле. Мисалы, кайсы үйгө канча мүнөттө барам дегенди өлчөп, такай саат менен жүргөн адаты болгон. Тамакты да белгилүү учурда ичип, сыпаа мамиле кылган, эч качан туздуу тамак жеген жок. Карыса да жатаардын алдында

кара туз менен тишин ар дайым эрикпей тазалаганы атамдын так, бүйрө адам болгондугунан кабар берет. Өмүрүнүн акырына чейин атамдын тиштери таза болду. Бирөөнө кандай камкордук көрсө, өзүнүн ден-соолугуна да жакшы карачу. Өзүнүн чоң аптечкасында дарынын түрү болгон. Кийин көзү өтүп кеткенде, ал дарыларды эки жыл кенен пайдаландык. Атамдын алы келбей калган учурдагы эле кыймыл-аракети жоопкерчиликтүү, так болуп атса, алдуу-күчтүү мезгилинде мындан да бүйрө, бардык ишке көзү жетик болуп, жолун, эбин кыйын билип иштесе керек дейм.

**Марипа,**
**Келини**

## Эмгекчил киши болгон

Атам менен апам мени аябай эркелетишиптир. Балалык кыялым менен ошол кезде көп нерсени билбептирмин. Атам баланы жакшы көрчү, бирок билгизчү эмес. Кичине чагымда мени урушкан күндөрү деле болгон, бирок тез эле жазылып кетер эле. Атам менен апамдын мүнөздөрү бири-бирине окшош болгон, жумшак, боорукер, жоомарт адамдар эле. Кандайдыр бир көйгөйү бар кишилер атам менен кеңешүү үчүн үйгө көп келишчү. Калыстыгынан улам атаман адилетүү сөз угушарына ишенип, үмүттөнүп келишсе керек. Элдин көбү "молдоке" деп коюшар эле. Бул дагы атама болгон урматсыйдын белгиси деп билем. Мен эмне кийем, эмне жейм десем бардыгын алып беришчү. Кошуна балдардын арасынан велосипед, оюнчук, чүкө деген нерселерден меники жаңы болгон. Апамдын камырдын ортосуна сызык менен пиязды кууруп туруп салып бышырган наны аябай даамдуу болчу. Азыр андай даамдуу нанды көрө элекмин. Атам да, апам да жаны тынбай, эмгектенип гана турушчу. Фанерадан жасалган эки ящиктин биринде толтура ун, экинчисинде толтура согумдун эти болгон. Үйдө эмне кем карчы болсо, атам баарын түгөнө электе эле алып келип, бүт нерсени камсыздап койгон адаты болгон. Балдарынын жакшы жашоосу үчүн абдан аракеттенишчү экен. Мен дайыма апам тигип берген чий

баркыт бортонойду кийип, оң чөнтөгүмө шоколад, сол чөнтөгүмө момпосуйларды салып алып көчөгө чыкчумун. Өзүм куракту балдар шоколад жегенимди көрүп, сураганда сол чөнтөгүмдөгү момпосуйдан берип койчу элем. Атам менен апам жөнүндө айтсак, сөз түгөнбөйт. Мага кылган мамилесин, эч нерседен кем кылбай тарбиялап өстүргөнүн эч унутпайм. Мындай жакшы адамдарды азыр кездештирүү чанда болсо керек.

**Урмат, небереси**

## Күчтүү чоң атамдын артында күчтүү чоң энем турчу

Кадимки чоң кан жол менен Нарынга көп каттайм. Капчыгайдан чыккандан баштап, толкундануу сезимине чулганып, анан Бети Каранын талаасына келгенде тоо түбүндөгү айыл жан дүйнөмө бүлүк салып, өзүнө тартат. Мына ушул айылда чоң атам менен чоң энемдин колунда эркелеп жүргөн кездерим өмүрүмдүн өзгөчө учуру болгондугу азыр бир эсе кайгыртып, бир эсе кубантып турат. Кайгыртканы ушул-ошол айжаркын адамдар бүгүн айылда жок, издери гана калды. Кубандырганы-эл деп кызмат кылган адамдардын урпактары экенибизге, алар туурасында жалаң гана жакшы сөздөрдү угуп келатканыбызга өзүмчө ыраазы болуп, жакамды кармап тобо кылам. Азыр ойлоп көрсөм чоң атам учурунун опол тоодой залкар адамы болгон экен. Элдин турмуш жыргалчылыгынын артышы үчүн жасаган аракети, ынтымак менен биримдикти биринчи орунга койгондугу, эч кимде кездешпеген кайрымдуулугу жана камкордугу аңыз кеп болуп айтылып келатат.

Мен чоң атамдын эл билбеген балдарына болгон мамилесин айткым келет. Дүйнөдө балдардын көбү ата-энесинин мээримине бөлөнөт эмеспи. Биздин бактылуу балачагыбыз ушул чоң атам менен чоң апамдын мээримдүү кучагында өткөн. Анткени мен эс тарткандан баштап чоң атам жашаган айылда көп болдум. Чоң ата менен чоң энемдин орду

башкача болорун кийин көздөрү өткөндө сездим. Чоң атам ушунчалык бизди эркелетип, сылык мамиле кылып, үнүн жогору чыгарбаган адам эле. Биз Нарын шаарында жашагандыктан, жума сайын айылга барат элем. Ошондо мени эч нерседен кем кылбай, каалаганымды аткарышканы эсимде. Кийин өзүм үй бүлө куруп, бала-чакалуу болгондо балдарымды өйдө-төмөн урушуп калганымда, чоң атам менен чоң апам бизге аяр мамиле кылып, эч бир жаман сөз айтпастан бакканын эстеп кетип мен да балдарымды антип урушпайын деген сезимге келем.

Биздин үйдө "Страны мира" аттуу жыйнак бар эле. Ошону чоң атам келген сайын кызыгуу менен окуп, кайсыл бетине келип калса бүктөп коюп, кайра кийинки ирээт келгенинде ошол беттен баштап окучу. Китептеги биз билбеген Африкадагы белгисиз мамлекеттин түзүлүшүнө чейин мага айтып, мени да кызыктырып, экөөбүз талкуулачубуз. Жылда жайында чоң апамдын төркүнү Көлдөгү Михайловкага 10 күнгө бүт камын көрүп, жиберет эле. Неберелеринин баары эле баргысы келет да. Алыс жолго чыкканда кусуп кыйналат элем, бирок анткениме карабастан Нурбек экөөбүздү көп жиберди. Барар күнү таң ата электе чоң атам мага биринчи келип чекемен сылап: "Балам турагой, тигилер азыр турат"-, дечү. Папам мени көрүп: "Бул эрте туруп алган тура, жолдон кыйналасың, барбай эле кой"-, деп тамашалап калчу.

Ал учурда жогорку окуу жайына өтүү кыйла кыйын эле. Сүйлөшүү жана тааныштык деген түшүнүктөр басымдуулук кылчу. Мен да чоң атам тааныштары аркылуу сүйлөшүп өткөрүп коет деген бае түшүнүктө жүрдүм. Келген-кеткендерге "Мени чоң атам ордендерин тагынган костюмун кийип алып эле өткөрүп коет" деп мактанаар элем. Бирок, тилекке каршы бул балалык кыялым орундалбай калды-орто мектепти аяктаарыма беш ай калганда чоң атам акка моюн сунду.

Күчтүү эркектин артында күчтүү аялы турат, деп бекеринен айтылбаса керек. Чоң атамдын ишинин илгерилешине, калк ичинде жүзү жарык жүрүшүнө чоң апамдын кошкон салымы ат көтөргүс. Дайыма жаркылдап

жүргөн апакем абышкасы үчүн ишенимдүү тыл болгондугу бардыгына жакшы маалим. Эң башкысы чоң апам мезгилинин өтө билимдүү, бардык нерсени түшүнө билген адамы эле. Чоң апамдын жаркылдаган жүзү да ар дайым эсимде. Жалынып сүйлөп, эшиктен кирген тааныган да, тааныбаганды да: "Алдыңа кетейин"-, деп эркелеткен аябай мээримдүү адам болгонуна таң калам.

Мезгил алга жылып жылдар өтө берет. Убакыт илгерилеген сайын чоң атам менен чоң энемдин элеси бизге ошончолук жакындагандай туюлуп, эскериле бермекчи.

**Нурзат,**
**небереси**

# Жоктоо

*Өлүм ар бир пенденин башына келчү табияттын мыйзамы. Ажал атак-даңк жана абройдон сүрдөбөйт деген чын окшойт. Бирок ажалдын алы келбеген адамдын эмгеги жана жакшы амалы. Ошондуктан, чоң атамдын кылган ак эмгеги эл арасында унутулбайт деп терең ишенем.Чоң атамдын акыйкатын Алла билүүчү, ал эми эл анын жакшы сапаттарын гана эсине сактап калды. Токто уулу Асанакун карылыкка алдырбай айылдын почтасында жетектеп, өзүнүн каадалуу-нускалуу кеп-кеңешин элине айтып, колхоздун ишине активдүү катышкан эле. 1994-жылы узакка созулган оорудан улам бу жалган дүйнө менен кош айтышып, акыретке сапар алды.*

жүргөн апакем абышкасы үчүн ишенимдүү тыл болгондугу бардыгына жакшы маалим. Эң башкысы чоң апам мезгилинин өтө билимдүү, бардык нерсени түшүнө билген адамы эле. Чоң апамдын жаркылдаган жүзү да ар дайым эсимде. Жалынып сүйлөп, эшиктен кирген тааныган да, тааныбаганды да: "Алдыңа кетейин"-, деп эркелеткен аябай мээримдүү адам болгонуна таң калам.

Мезгил алга жылып жылдар өтө берет. Убакыт илгерилеген сайын чоң атам менен чоң энемдин элеси бизге ошончолук жакындагандай туюлуп, эскериле бермекчи.

**Нурзат,**
**небереси**

# Жоктоо

*Өлүм ар бир пенденин башына келчү табияттын мыйзамы. Ажал атак-даңк жана абройдон сүрдөбөйт деген чын окшойт. Бирок ажалдын алы келбеген адамдын эмгеги жана жакшы амалы. Ошондуктан, чоң атамдын кылган ак эмгеги эл арасында унутулбайт деп терең ишенем.Чоң атамдын акыйкатын Алла билүүчү, ал эми эл анын жакшы сапаттарын гана эсине сактап калды. Токто уулу Асанакун карылыкка алдырбай айылдын почтасында жетектеп, өзүнүн каадалуу-нускалуу кеп-кеңешин элине айтып, колхоздун ишине активдүү катышкан эле. 1994-жылы узакка созулган оорудан улам бу жалган дүйнө менен кош айтышып, акыретке сапар алды.*

**Теңир – Тоо гезити № 2 (11918)**
**4-январь, 1994-жыл**

## Токтоев Асанакун
## (некролог)

Үстүбүздөгү жылдын 3 - январында 1944 - жылдан бери КПССтин мүчөсү, айыл чарба өндүрүшүнүн ардагери, республикалык мааниdeги персоналдык пенсионер Токтоев Асанакун 81 жашка караган курагында дүйнөдөн кайтты.

Токтоев Асанакун 1913 - жылы Тянь-Шань өрөөнүндөгү Мазар айылында туулган. “Мазар” жети жылдык мектебин бүтүргөндөн кийин эмгек жолун баштаган. 1932 - жылы Нарын шаарындагы эсеичилердин курсунан билим алган. 1932 - 1933 - жылдары Эмгекчил ТОЗунда эсепчи болуп эмгектенген. 1933 - жылдан 1939 - жылга чейин “Мазар” айылдык Кеңешинин катчысы. 1940 - жылдан 1942 - жылга чейин Кызыл Октябрь айылдык Кеңешинин төрагасы. 1942 - 1944 – жылдарда Эмгекчил колхозунун башкармасынын төрагасы болуп иштеген. 1944 – жылы партиянын Тянь-Шань райкомуна инструктор болуп дайындалган.1945 – жылы кайрадан Эмгекчил колхозунун башкармысынын төрагасы болуп шайланып, бул кызматта 1959 – жылга чейин - дээрлик 15 жыл иштеп турган. Андан кийин ушул эле колхоздо партиялык комитеттин катчысы, бригаданын бригадири, Тянь-Шань райондук байланыш түйүнүнүн эмгекчил айылындагы бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенип жүрүп, 1987 – жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Токтоев Асанакун өз мезгилинин талабына жараша эл жүгүн аркалаган, ак эмгеги, абройлуу адамдык сапаттары менен эли-журтунун сый-урматына татыган жергебиздеги аттын кашкасындай таанымал адамдарыбыздын бири эле. Ал өрөөнүбүздүн айыл чарбасынын , маданиятынын өнүгүшүнө, калк керегине жараган билимдүү адистердин өсүп чыгышына чоң салым кошкон.

Токтоев Асанакундун мындай эмгеги өкмөт тарабынан өз учурунда жогору бааланып, эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордени, көптөгөн медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак

грамоталары, "СССРдин айыл чарбасынын отличниги" төш белгилери менен сыйланган. Республиканын Жогорку Советинин эки жолку чакырылышына депутат, Кыргызстан КП БКнын мүчөсү, партиянын Тянь-Шань обкомунун мүчөсү болуп бир нече жолу шайланган. Ардактуу эс алууга чыккандан кийин да колхоздогу коомдук иштерге активдүү катышып келген.

Ишкер насаатчы, эли – журтунун патриоту Токтоев Асанакундун жаркын элеси биздин жүрөгүбүздө түбөлүккө сакталат.

**Болотбеков Б., Акматалиев А., Молдалиев А., Исаев Б., Ниязов К., Султангазиев А., Дубанаев С., Кадыралиев К., Өмүралиев Т., Бектуров О., Балбаев М., Ажиев А., Найманбаев М., Асылбаев Р., Өмүралиев А. , Мусуралиев К.**

## Таякем Асанакунду жоктоо

От барбы такыр өчпөгөн,
Жан барбы такыр өтпөгөн.
Азамат уулдан элеңиз,
Алкыш – сый алган көптөгөн.

Сүйлөгөн элдин атынан,
Бир өзү миңге татыган.
Эмгегиң элдин эсинде,
Өлдү деп кантип батынам.

Кайгымды кантип басамын,
Капамды кантип ачамын.
Кандай күн болуп кетти деп,
Кайгыда Аркар, Мазарың.

Каңырыш кары кулагы,
Кайгырат тоонун улары.
Белдери сынып бейпайда
Бетеге менен тулаңы.
Бастырган эчен жерлериң,

Батасын берген элдериң.
Жеңелериң ыйлады,
Кие албай чапан жеңдерин.

Капкалуу бийик зоолордон,
Карааны сүйкүм тоолордон.
Карагай, четин ийилип,
Өзүңдү жоктойт Ногоргон.

Бастырып жүргөн талаалар,
Баарысы бүгүн санаадар.
Үркүйүп Үч - Чат, Үч – Айрык,
Болгонсуп турат жарадар.

Конок бар тура, мал барда,
Ажал бар тура, жан барда.
Канаттуу баары жоктошот,
Кайгырып конуп талдарга.

Акылың көктө ак жылдыз,
Аларды укту сан кыргыз.
Атамдай көргөн таякем,
Алыска кеттиң кайрылгыс.

Ар ойго болбой урунду,
Айтканы болчу жугумдуу.
Байбичең ыйлап олтурат,
Бат-баттан соруп чылымды.

Өткөрдүң таттуу өмүрдү,
Шаттуу да, бактуу көңүлдү.
Бастырып кеттиң кайрылбай,
Балдарга берип өмүрдү.

Бүтүргөн иштеп жумушту,
Иштебей койсо урушчу.

Кылчайбай кетти таякем,
Кыздарга берип ырысты.

Сөз айткым келет да бирди,
Сөздөрүм бирок далилдүү.
Келбеске сапар жол тартты,
Келинге каалап абийирди.

Узаттык калктын башчысын,
Уулдун адам жакшысын.
Ачыгын айтсам таякем,
Актады элдин ак тузун.

Кош эми, тондун жакасы,
Кош эми, элдин атасы.
Себеби узак жашоонун,
Элинин тийген батасы.

Кош эми, калктын акылы,
Кош эми, калктын жакыны.
Баарыбыз тирүү пендебиз,
Бир күнү ушул акыры.

Айылдан чыккан бууданым,
Өмүрдү өлүм буугяныш.
Токтогул менен Жаманак,
Топурак салды тууганың.

Жоктошот калкың, кош дешип,
Өлүм бул өчкөн от дешип.
Ботосун күндөн жашырып,
Бооруна алды Боз-Бешик.

**Жумагазы Өмүрзаков**

**Чоң энем Коңурбай кызы Шейшемкан балдары, неберелерине бир да жаман сөз айтпастан ар дайым жаркын маанай, нурлуу жүзү менен бизди эркелетип өттү. Ушунчалык шайыр, тамашакой болчу. Мен чоң энеме абдан жакын болгондуктан экөөбүз бири-бирибизге бат таарынып кайра эле эркелетишип калчу элек. Кээде окуудан кармалып үйгө кечирээк келатсам ар дайым алыстан чоң энемдин мен келчү жолду тынчсызданып караган карааны азыр да көз алдымда. Кайда жүрсө да аны менен бирге болуп, чоң энелик мээрим алганыма бактылуумун. 2004-жылы асыл энем Шейшемкан акыретке сапар алды. Чоң эне, сиздин жаркын элесиңизди, жалынган ар бир сөзүңүздү сагынып келем.**

## Шейшемкан эжеме кошок

Кызылдан кымкап эндейди,
Кыйры чалкар көлдөйдү.
Кызыл таз уруусунун ичинен,
Кыздары туубайт ээ сендейди.

Кундуздан кымкап эндейди,
Куймасы чалкар көлдөйдү.
Курмушу-Кутуке ичинен,
Эжеке, кыздары туубайт ээ сендейди.

Кайкыган чалкар көлдөйдү,
Кара бир кымкап эндейди.
Кара таз уруусунун ичинен,
Эжеке, катыны туубайт ээ сендейди.

Алтын жип кымкап эндейди,
Арашан, Ысык-Көлдөйдү.
Алдаш уруусунун ичинен,
Эжеке, аялы туубайт ээ сендейди.

Бейкасам кымкап эндейди,
Бейли бир чалкар көлдөйдү
Бектемир уруусунун ичинен,
Эжеке, периси туубайт ээ сендейди.

Жакуттан кымкап эндейди,
Жай аккан куйма көлдөйдү.
Жоошбай уруусунун ичинен,
Жакшы келини туубайт сендейди.

Эжеке, "Барса келбестен" көргүн бейишти,
Балдарың ыйлап кейишти.
Кылым карыткан энем деп,
Эжеке, кыздарың ыйлап кейишти.

Кош эжеке, жаткан жериң жайлуу болсун,
Топурагың торко майлуу болсун.
Артыңда калган кыз-балдарыңа,
Сексен сегиз жашың кайрымдуу болсун.

**Сөлпүев Өмүрзак.**
**2004-жылдын 1-июнь**


# Токтоев Асанакундун алган сыйлыктары жана наамдары.


1. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты.1955-жыл, 4-чакырылыш, Миң-Булак шайлоо округу.
2. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. 1959-жыл, 5-чакырылыш, Дөбөлү шайлоо округу.
3. Эмгек Кызыл Туу ордени, 1951-жыл, 24-март.
4. Эмгек Кызыл Туу ордени, 1957-жыл, 26-февраль.
5. Бүткүл Союздук айыл чарба көргөзмөсүнүн медалы. 1957-жыл, июль айы.
6. Бүткүл Союздук айыл чарба көргөзмөсүнүн күмүш медалы. 1958-жыл, 30-май.
7. В.И Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата юбилейлик медаль.
8. "Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин отуз жылдыгы" юбилейлик медалы. 1975-жыл, 17-сентябрь.
9. "Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин 40 жылдыгы" юбилейлик медалы. 1985-жыл, 3-май.
10. "Эмгек ветераны" медалы. 1977-жыл, 10-январь.
11. СССРдин айыл чарбасынын отличниги. 1943-жыл, 16-сентябрь.
12. СССРдин айыл чарбасынын отличниги. 1949-жыл.
13. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы. 1948-жыл, 31- январь.
14. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы. 1954-жыл,4- сентябрь.
15. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы. 1957-жыл, 19-декабрь.
16. Кыргызстан Коммунисттик Партиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү. Кыргызстан Коммунисттик Партиясынын IX съездинде шайланган.
17. Кыргызстан Коммунисттик Партиясынын Тянь-Шань обкомунун мүчөсү. 1955-жыл, декабрь айы.
18. Кыргызстан Коммунисттик Партиясынын Тянь-Шань обкомунун мүчөсү. 1957-жыл, декабрь айы.
19. Кыргызстан Коммунисттик Партиясынын Тянь-Шань обкомунун мүчөсү. 1960-жыл, январь айы.






*Алган сыйлыктары.*

## Токто уулу Асанакундун теги айтылуу тынымсейит уруусунан




Темир, Шермамбет
Кубан
Урмат
Самат
Раушан
Марат
Жанарбек
Айдай
Айзат
Айганыш
Бекбол
Айжан
Элзат
Билал
Пери
Кутман
Шертемир


Темиркан, Роза
Нурзат
Жылдыз
Жайдар
Чолпон
Зулайда
Элвира
Айтегин
Дильназ
Адил
Аманбай
Айдин


Эсенкан, Марипа
Нурбек
Бекзат
Бермет
Чынгыз
Сымбат
Сажида
Хадижа
Бекназар
Аделя
Эмир
Адеми
Азирет
Гүлбүбү, Таалай
Мирбек
Жазгүл
Максат
Элхан
Нурхан

# Балдары жөнүндө маалымат

Кызы Темир Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филология факультетин бүтүргөн. Нарын районунун мектептеринде, Нарын Мамлекеттик Университетинде мугалимдик кесипти аркалап, ардактуу эс алууга чыккан. Билим берүүнүн отличниги.

Уулу Темиркан Кыргыз Мамлекеттик Университетинин журналистика факультетин бүтүргөн. 45 жылдан бери бир жерде "Теңир-Тоо" гезитинде эмгектенип келет. Азыркы убакта аталган гезиттин редакторунун орунбасары. СССРдин, Кыргыз Республикасынын журналисттер союзунун мүчөсү. Маданияттын мыкты кызматкери.

Уулу Эсенкан Кыргыз Мамлекеттик Университетинин тарых факультетин бүтүргөн. Комсомолдук, профсоюздук кызматтарда, Эмгекчил айылынын башкармасы, мектептин деректири болуп иштеген. Азыркы убакта мугалимдик кесипти аркалоодо. Билим берүүнүн отличниги.

Кызы Гүлбүбү Кыргыз Мамлекеттик Медицина Институтунун Үй бүлөлүк дарылоо факультетин бүтүргөн. Токмок шаардык больницасынын терапия бөлүмүндө врач-ординатор, башкы врачтын поликлиника бөлүмү боюнча орун басары, Токмок шаардык поликлиникасынын терапия бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Азыркы убакта Токмок шаардык Үй бүлөлүк Медициналык Борборунун Үй бүлөлүк Дарыгерлер тобунун жетекчиси. Жогорку категориядагы врач. Саламаттыкты Сактоонун отличниги.

Сөз соңунда чоң атам мен 2 жашка толгондо кайтыш болуптур. Ошол мезгилде алдан тайып, карылыкка баш ийип калган экен. Ата-энемдин айтуусу боюнча кичинекейимде жоош болгондугуман бешикте көп жатыптырмын. Чоң атам да ооруп үйдө болуп калгандыгына байланыштуу мени терметип калыптыр. Тилим чыга элек болуп, там-туң басып калганымда азыркы күндө чоң атамдын элесин балдарына эстеткен креслосунда отурган кезинде жанына барып, колдорунан жыттап өпкөнүмдү айтып калышат. Ошондо чоң атам: "Алдыңа кетейин, сен мени көрбөй калдың го, бирок кийин ушундай чоң атам болуптур деп айтасын"-, дечү экен. Бул сөзүндө анын көрөгөчтүгү катылгандай. Чындыгында эле чоң атамдын кылган ишине кызыгып, кээде атын эл оозунан угуп калганымда аябай сүйүнөөр элем. Аллахым буюруп, минтип эскерүү топтоого жетиштим. Эми ойлонгонум, чоң атамдын арбагы ыраазы болсо экен.....

## Мазмуну

Асанакун атама.......... 4
Өрнөктүү өмүр жол.......... 9
Сандар далилдейт.......... 13
Замандаштары эскерет.......... 21
Басылмалар баяндайт.......... 43
Жоктоо.......... 99

Басууга кол коюлду 27.04.2015
Форматы: 60x84/16. Офсет кагазы.
Көлөмү: 7,15 б.т. Нускасы: 200

«Maxprint» басмасында басылды.

Издательство MAXPRINT басмасы

Адрес: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru